# Тафкир

**Бул китеп Хизб ут-Тахрир басып чыгарган китептерден**

**Биринчи басылышы**
**1973-м. 1393-х. жыл**

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

## Тафкир

(Фикрлөө)

Инсан махлуктардын эң афзели. Ал периштелерден да жогору деп айтылган. Инсандын афзелдиги анын акылы бар экенинде. Инсандын акылы анын баркын көтөрүп, махлуктардын эң афзели кылды. Ошондуктан, акыл эмне экенин, фикрлөө (тафкир) эмне экенин, фикрлөө тарикаты эмне экенин билүү зарыл. Себеби, фикр акылга өз кадыр-кыйматын берет жана ал ушундай жемиштерди берет дейсиң, фикр себептүү турмуш ислах кылынат, инсан жакшыланат, барлык өзүндөгү бүткүл курт-кумурска жана өсүмдүктөрү, айбанаттары менен бирге пайдалуу болуп калат.

Илм жана фан, адабият жана философия, фикх жана тилтаануу о.э. маърифат – булардын баары акылдын натыйжасы, арийне, фикрлөөнүн натыйжасы. Ошондуктан да, акылдын эмне экенин билүү, арийне, фикрлөө жана фикрлөө тарикатынын вакиъсин билүу инсан, жашоо (хаят), барлык үчүн керек.

Инсаният акыл жана фикрлөөнүн вакисине этибар бербестен, анын натыйжасына этибар берүү менен узак доор өткөрдү. Ооба, мусулман жана мусулман болбогон аалымдар арасында өтмүштө да, учурда да акылдын вакиълигин түшүнүп жетүүгө аракет кылуучулар жана фикрлөө тарикатынын маани-маңызын билүүгө урунуучулар болду. Бирок, алар фикрлөө тарикатынын мөмөлөрүнөн болгон илмий утуштарга жетишкен болушса да, лекин фикрлөө эмне экенин билүүдө адашышты о.э. бул илимий утуштар ийгилигине багынып берген ээрчүүчүлөрдү да адаштырышты. Мындан мурун грек окумуштуулары, кийин аларды ээрчүүчүлөр фикрлөө эмне экенин билүүгө катуу аракет кылышты, акыбетте мантык (логика) деп аталган нерсе жүзөгө келди жана айрым фикрлерде ийгиликке жетишишти. Бирок, мантык маърифатка алып баруучу жол, анын тууралыгына өлчөө болуунун ордуна, андан жогору коюлуп, маърифатты маърифат (ор. знание) сыфатында үйрөнүүнү бузуп койду. О.э. фикр эмне экенине жетишүү үчүн урунуучулар философия деп аталган, же хикматты жакшы көрүү, мавжудат артындагы т.а.мадда-материядан тышкаркы нерсени терең үйрөнүү деп таанылган нерсеге жетип барышты. Мунун акыбетинде үйрөнүүсү кызыктуу, натыйжасы даңктуу, бирок, вакиъликтен узак жана тууралыкка тескери болгон изденүүнү пайда кылышты.

Чындыктан жана вакиъликтен өтө узак болгон бул изденүү көпчүлүктү адаштырды жана акыйкаттан алыстатты.

Бул урунууларды жана буларга окшогон башка урунууларды фикрлөө туурасындагы, фикрлөө тарыйкаты туурасындагы изденүүлөр деп айтышыбыз мүмкүн. Бирок, бул изденүү маърифатты жана изденүү үчүн белгилүү бир теманы, инсанга пайдалуу бирер нерсени пайда кылган болсо да, ал фикрлөө вакиъсине негизделбеди жана туура жолдон барбады. Ошондуктан, бул изденүү фикрлөө вакиъси туурасындагы изденүү деп эсептелбейт, балким, бул фикрлөөнүн натыйжа жана жемиштери туурасындагы изденүү болуп эсептелет жана ал фикрлөөнүн туура тарикаты эмес. Балким, ал ушул тарийкат услубдарынын бири болуп, акыл натыйжалары же жемиштери туурасындагы изденүү натыйжасында капыстан жүзөгө келди. Бул услуб фикрлөө вакиъси туурасындагы изденүү натыйжасында келип чыккан жок. Ошондуктан, фикрлөөнүн туура тарикаты туурасындагы изденүүлөр дале урунуулар гана бойдон калууда деп айтууга болот. Бул урунуулар фикрлөөнүн вакиъси туурасындагы эмес, балким, анын натыйжалары туурасындагы урунуулар гана болууда.

Бирок, фикрлөө вакиъсине, арийне, фикрлөө тарийкатына дагы деле жол табылбаганы себебине келсек, мунун себеби, изденүүчүлөрдүн акыл жөнүндө изденүү алып баруудан мурда фикрлөө туурасында изденүү алып барууларына байланыштуу. Анткени, акылдын вакиъси анык үйрөнүлгөндөн кийин гана фикрлөө вакиъсине жол табуу мүмкүн. Себеби, илм, фан жана башка сакофат түрлөрү фикрлөөнүн жемиши болгондой эле, фикрлөө да акылдын жемиши. Ошондуктан, эң биринчи акылдын вакиъси анык жана катъий түрдө үйрөнүлүшү лазым. Ошондон кийин гана, ушул негизден келип чыгып фикрлөө вакиъсин жана фикрлөөнүн туура тарикатын билүү мүмкүн болот. О.э. ушул негизден келип чыгып маърифаттын илм же илм эместиги жөнүндө хукм чыгаруу мүмкүн т.а. химия илм экендигин, психология жана социологиялар болсо илм эместигин билип алууга болот. О.э. маърифаттын сакофат же сакофат эместиги жөнүндө хукм чыгаруу мүмкүн. Т.а. мыйзамчылык сакофат, сүрөтчүлүк болсо сакофат эместигин билүүгө болот. Демек, бардык маселе акылдын вакиъсин билүүгө негизделген. Кийин ушул билим негизинде фикрлөө вакиъси, фикрлөө тарикаты үйрөнүлөт. Ушул негизден келип чыгып фикрлөө услубдарын түшүнүп жетүү мүмкүнчүлүгү пайда болот.

Демек, илм жана сакофатты билүүгө жетишүү – фикрлөө

вакиъсин, фикрлөө тарикаты жана услубун билүүнүн натыйжасы. Ал эми фикрлөө болсо акылдын натыйжасы. Ушуга ылайык, акылдын вакиъсин анык билип алып, кийин фикрлөө вакиъсин билүү зарыл.

## АКЫЛ

Мурунку грек философтору же мусулман уламаларынан, же болбосо, азыркы доордогу батыш окумуштууларынан акылга таъриф (аныктама) бергендер болду т.а. акыл вакиъсин билүүгө аракет кылгандар көп болду. Бирок, бул таърифтерде, башкача айтканда, бул урунууларда – коммунист окумуштууларынын урунууларынан башкаларында – этибарга аларлык эч нерсе жок. Ал эми коммунисттерге келсек, алардын таърифтеринин гана айтууга арзырлык жана этибарга аларлык жактары бар. Анткени, ал олуттуу урунуу болгон, бирок, алар бүткүл барлыктын жаратуучусу бар экенин четке кагууда катуу туруп алуулары менен гана бул таърифти бузушкан. Эгер мына ошол кежирлик болбогондо, алар акылдын вакиъсин анык билүүгө жетишкен болушар эле. Алар вакиълик (реалдуулук) жана фикр туурасында төмөндөгүдөй изденүү алып барышты: «Фикр вакиъликтен мурда пайда болгонбу, же вакиълик фикрден мурда пайда болуп, фикр вакиънин натыйжасыбы?» дешти. Бул туурасында алардын фикри ар түрдүү. Айрымдары фикр вакиъликтен мурда пайда болгон десе, айрымдары вакиълик фикрлөөдөн мурда пайда болгон деди. Акыры, “вакиълик фикрден мурда пайда болгон” деген тыянакка келишти. Ушуга ылайык, фикрге “Фикр – вакиъликтин мээде чагылышы” деп таъриф беришти. Демек, алардын фикр вакиъси жөнүндөгү билими: вакиълик, мээ, жана бул вакиъликтин мээдеги чагылуу жараяны. Алардын айтымында, фикр – вакиъликтин мээде чагылышы. Бул алардын раъйы. Бул раъй туура изденүүгө, олуттуу урунууга жана акыйкатка жакындашууга далалат кылат. Эгер алар вакиъликтин жараткан жаратуучусу бар экенин инкар кылып, мавжудат азалий деп кежирлик кылбаганда, акылдын вакиъсин идирек кылууда катага жол коюлбас эле. Себеби, вакиъсиз фикр болбошу жана вакиъсиз маърифат куру кыялдан башка нерсе эместиги туура. Демек, вакиълик фикрдин негизи болуп, фикр ушул вакиъликтин ифадасы. Ушундан улам, вакиълик – фикрдин негизи. Вакиълик болбосо фикр да, фикрлөө да болушу мүмкүн эмес. Вакиъге, кала берсе инсандагы ар бир нерсеге жана алардын натыйжаларына хукм чыгаруу мээге байланыштуу. Себеби, мээ

инсандагы негизги борбор. Фикр мээде гана пайда болот жана мээнин өзү да бир вакиълик. Ошондуктан, фикрдин вужудга келишинде вакиълик негизги шарт болгондой, мээ да фикрдин пайда боушунда негизги шарт. Ушул себептүү акыл болушу т.а. фикрлөө жана фикрдин пайда болушу үчүн албетте вакиълик жана мээ болушу шарт. Коммунист аалымдар мына ушул эки нерсеге жол таба билишти т.а. акылдын вужудга келиши үчүн албетте вакиъ да, мээ да болушу, экөөсү биргеликте фикрдин вужудга келишиндеги негизги шарт экендигин ача алышты. Ошондуктан, аракеттери олуттуу жана туура болду. Ушуга чейин алар акылдын вакиълигин анык билүүгө алып бара турган туура жолдон барышты, бирок, фикрге жетишүү үчүн б.а. фикрлөө амалиятын билүү үчүн вакиъликти мээге байлоого урунуп жаткан учурда адашышты т.а. экөөсүнүн ортосун байлоочу нерсе вакиъликтин мээде чагылышы деп эсептешти. Акыбетте, акылды билүүдө ката натыйжаны чыгарышты жана ошон үчүн акылга ката таъриф беришти. Мунун себеби барлыктын жоктон бар кылган жаратуучусу бар экенин четке кагуулары болду. Эгер алар маърифат фикрден мурда турушун айтышканда, акыйкат алдына келишмек. Акыйкат ушул, вакиълик пайда болушунан мурда фикр каяктан келди? Демек, фикр вакиъликтен башка тараптан келген болушу лазым. Биринчи инсанга фикр каяктан келди? Инсандын өзүнөн жана вакиъликтен келген жок, демек, башка Заттан келген болушу зарыл. Ушундан улам, биринчи инсан жана вакиъликти инсанга маърифат берген Зат вужудга келтирген. Бул болсо дуня азалий жана вакиълик азалий деген фикрге тескери. Алар болсо "акыл – вакиъликтин мээде чагылышы жана ушул акыл фикрди да, фикрлөөнү да пайда кылган" дешти. Маърифат качып кутулгус зарылдык экенинен качып, «алгачкы инсан вакиъликти тажрыйбадан өткөрүп маърифатка жетишкен, кийин ушул тажрыйбалар вакиълик үчүн дагы башка тажрыйбаларды кылууда инсанга жардам берүүчү маърифаттар болуп калды ж.б.у.с.» деген хаял-кыял жана фараз-божомолдорду жүзөгө келтирүүгө урунушту, вакиъликтин мээде чагылышы акыл, фикр жана фикрлөө деп туруп алышты. Ушул орунда алар сезүү (хис) менен чагылуу (акс) ортосундагы айырманы көрбөй калышты жана фикрлөө амалияты вакиъликтин мээде чагылышынан жана вакиъликтин мээге согулушунан келип чыкпашын, сезүүнүн борбору болсо мээ болуп, эгер вакиълик сезилбесе эч кандай фикр да, эч кандай фикрлөө да пайда болбошун айырмалай алышпады. Сезүү менен чагылууну бири-

биринен айырмалай албагандыктары иште дагы да чиелеништирип, аларды жолдон буруп жиберди. Акыбетте, акылга таъриф берүүдө каталык жүз берди. Бирок, негизги ката мында эмес, эгер мындай болгондо, анда алар маселе чагылууда эмес, сезүүдө экендигине жол таап алышмак. Катанын негизи жана адашуунун башы – алардын мына ушул барлыктын жаратуучусу бар экенин инкар кылууларында. Алар ушул вакиълик жөнүндөгү сабик (мурунку) маалыматтын бар болушу фикр жүзөгө келишинин зарурий шарты экенин, б.а. фикрлөө амалиятын жана фикрди жүзөгө келтире турган акылдын болушунда эң зарыл шарт экенин идирек кыла алышпады. Болбосо, эшекте да акыл болмок. Себеби, ал да мээге ээ, андыктан, вакиълик анын мээсинде да чагылмак. Т.а. эшек вакиъликти сезет. Акыл инсанга хос касиеттерден болуп эсептелет. “Инсан – сүйлөөчү хайван” деп бекеринен айтылбаган. Т.а. ал фикрлөөчү жанзат болуп, фикрлөө жана акыл инсанга гана хос, андан башка хайвандарда акыл да, фикрлөө да жок.

Коммунист окумуштуулар акылдын маанисине жетип баруу үчүн катуу урунушту жана акыл вакиъсин билүүгө карай туура жолдон жүрүштү. Алар акылга таъриф берүүдө ката кылышып, аракет кылып жаткан жолунан адашып кетишкен болушса да, бирок, өздөрүнөн кийин келген кишилерге маърифатка алып баруучу жолду ачып беришти. Мусулмандар – бирер нерсени билиш үчүн ал жөнүндөгү сабик маалыматтардын болушу керектигин – исбатточу далилге ээ. Акыл ачык акыйкат болсо да, ал өз вакиълигине ээ болгондугу о.э. бардык адамдарды акылдын таърифине моюн сундуруу максад кылынгандыгы этибары менен, акылга берилген таъриф хис аркылуу сезилген далилдерге негизделген болушу керек. Себеби, көздөлгөн максад – мусулмандарды эле эмес, балким, бүткүл ушул аныктамага моюн сундуруу.

Аллах Таала Өзүнүн азиз Китебинде мындай дейт:

وَعَلَّمَ ءَادَمَ ٱلۡأَسۡمَآءَ كُلَّهَا ثُمَّ عَرَضَهُمۡ عَلَى ٱلۡمَلَٰٓئِكَةِ فَقَالَ أَنۢبِـُٔونِي بِأَسۡمَآءِ هَٰٓؤُلَآءِ إِن
كُنتُمۡ صَٰدِقِينَ ﴿٣١﴾ قَالُواْ سُبۡحَٰنَكَ لَا عِلۡمَ لَنَآ إِلَّا مَا عَلَّمۡتَنَآۖ إِنَّكَ أَنتَ ٱلۡعَلِيمُ ٱلۡحَكِيمُ
﴿٣٢﴾ قَالَ يَٰٓـَٔادَمُ أَنۢبِئۡهُم بِأَسۡمَآئِهِمۡۖ فَلَمَّآ أَنۢبَأَهُم بِأَسۡمَآئِهِمۡ قَالَ أَلَمۡ أَقُل لَّكُمۡ إِنِّيٓ أَعۡلَمُ غَيۡبَ
ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضِ وَأَعۡلَمُ مَا تُبۡدُونَ وَمَا كُنتُمۡ تَكۡتُمُونَ ﴿٣٣﴾

*“Анан Ал зат Адамга бардык нерселердин ысымдарын үйрөттү. Кийин аларды периштелерге бетме-бет кылып (мындай) деди:*

*«Эгер сөзүңөр ырас болсо, мына бул нерселердин ысымдарын Мага билдиргиле! - деди.” 2:31*

*“Алар айтышты: «Эй пакиза Роббибиз, биз жалаң Сен билдирген нерселерди гана билебиз. Албетте, Сен Өзүң илим жана даанышмандык ээсисиң” 2:32*

*“(Аллах): «Эй Адам, буларга ал нерселердин ысымдарын билдир», - деди. (Адам) аларга бардык нерселердин ысымдарын билдиргенден кийин (Аллах) айтты: «Силерге, Мен жер асмандардын сырларын жана силер ашкере кылган жана жашырган нерселерди билемин дебеген белем?” 2:33*

Бул аят маърифатка жетишүү үчүн сабик маалымат болушу лазым экендигине далалат кылат. Аллах Таала Адамга (а.с.) нерселердин аттарын т.а. кандай аталышын билдирди. Нерселер ага туш кылынганда, аларды тааныды. Демек, биринчи инсанга т.а. Адамга Аллах маалыматтарды берген жана бул маалыматтар аркылуу нерселерди таанып билген. Эгер мына ушул маалыматтар болбогондо, аларды биле алмак эмес. Коммунист аалымдардын акыл вакиъсин билүүдөгү негизги катасы – бул мурунку маалыматтардын зарылдыгын түшүнбөгөндүктөрү. Себеби, фикрди вужудга келтирүү үчүн мээде вакиълик жөнүндөгү сабик маалымат болушу зарыл. Максад мусулмандарды эле эмес, балким, бардык инсандарды ушул таърифке баш ийдирүү болгон соң, фикрди вужудга келтирүү үчүн вакиълик жөнүндөгү мурунку маалымат болушу зарылдыгын инсандарга түшүндүрүшүбүз лазым. Фикр же фикрлөө пайда боло турган акылга вакиълик шарт болгондой эле, мээде сабик маалыматтын болушу да шарт.

Коммунисттер башында туура кадам таштап, кийин адашып кетишти. Эми ошол туура жолдон кетүү үчүн, акыл амалиятында пайда болгон нерсе вакиъликтин мээде чагылышы эмес, балким, сезилиши экендигин түшүнүүнүн өзү эле жетиштүү эмес. Анткени, негизги ката мындан кеткен эмес. Негизги ката аклий амалиятты пайда кылуу үчүн вакиълик жөнүндөгү сабик маалыматтын болушу жаатында кеткен. Жогорудан белгилүү болгондой, мээде вакиъликтин чагылышы эмес, сезилиши пайда болот экен. Жана дагы, аяттардагы түшүнүккө ылайык, вакиълик жана ага тиешелүү нерселер жөнүндөгү сабик маалыматтардын болушу акыл вужудга келиши үчүн зарыл экендиги, бул маалыматтарсыз акыл же идиректин вужудга келиши мүмкүн эместиги вакиъни көз алдыга келтирип анык сезүү аркылуу өз тасдыкын тапкан. Демек, муну менен акылдын маанисин идирек кылууга, кийин акылга туура таъриф берүүгө жетишилет.

Ал эми, фикрлөөдө т.а. аклий амалиятта пайда боло турган нерсе чагылуу эмес, сезүү экендигине келсек, мээ материяда жана материя мээде чагылбайт. Себеби, чагылуу (акс) болушу үчүн, нерсе өзүнөн башка нерсени чагылдыра турган жөндөм-касиетке (кобилият) мухтаж. Мисалы, айнек жана нур сыяктуу. Мындай кобилият мээде да, материяда да жок. Материя мээде чагылбайт жана мындай абал материянын сезүү органдары (хис) жардамында мээге сезилиши болот. Т.а. сезүү мээге көчөт жана натыйжада мээ тыянак чыгарат. Сезилген материянын мээге узатылышы материянын мээде чагылышы да мес, мээнин материяда чагылышы да эмес, балким, ал материяны сезүү. Мында көз менен башка сезүү органдарынын ортосунда айырма жок жана бул сезүү дене сезүүсүндө да, жыт сезүүсүндө да, даам сезүүсүндө да кудум көрүп сезилгендей пайда болот. Демек, пайда болгон нерсе мээде чагылуу эмес, балким, нерселерди сезүү. Инсан өзүндөгү беш сезүү органы жардамында сезет жана нерселер мээде чагылбайт.

Бул маддий (материалдык) иштерде пайда боло турган сезүү. Бирок, маддий болбогон маънавий же рухий иштерге келсек, аклий амалият вужудга келиши үчүн аларда да сезүү пайда болот. Мисалы, кризиске учураган коомдун кризиске кептелгени жөнүндө тыянак чыгаруу үчүн кризисти сезүү зарыл. Бул маддий иш. Абройго зыян жеткирилгенде, аны сезүү бир нерсе анын урматын жоготуп жатканын сезүү аркылуу болот. Бул маънавий иш. Аллахты каардандыра турган иште да Аллахтын каарын сезүү зарыл т.а. бир нерсе же иш Роббисинин каарын келтиришин сезүү керек. Бул рухий иш. Бул нерсесиз амалият пайда болбойт. Маддий иштерде да, маънавий иштерде да ушундай. Болгону, маддий нерселерде алардын табиятын канчалык түшүнүүгө карай сезүү табигый түрдө пайда болот. Ошондуктан, фикрий сезүү сезүүнүн түрлөрү ичинен эң күчтүүсү дешкен. Маддий болбогон иштерде болсо сезүү жалаң аларды түшүнө баштоо же таклид кылуу аркылуу пайда болот.

Эмнеси болгондо да – мейли, маддий нерселерде маддий болбогон нерселерден айкыныраак болсо да – пайда боло турган нерсе чагылуу эмес, сезүү экендиги анык. Бирок, бул негизгиси эмес. Себеби, ар кандай инсан муну өз денеси менен сезет жана бул маселеде эч кандай ихтилаф жок. Лекин, аны түшүндүрүүдө айырмалар болуп калат, мисалы, вакиъликке тескери түрдө аны "чагылуу" деп атагандай жана вакиъликке дал келген түрдө аны "сезүү" деп түшүндүргөнүбүздөй. Бирок, катанын негизи вакиълик жөнүндөгү мурунку маалыматтар туурасында болду. Мына ушул

нерсе коммунист окумуштууларды адашууга алып барды. Анткени, вакиъ жөнүндөгү мурунку маалыматтардын болушу акыл темасындагы, фикрлөө амалиятындагы эң маанилүү нерсе.

Сабик маалыматтар темасынын тыянагы мындай: Сезүүнүн өзүнөн гана фикр эмес, болгону сезүү пайда болот т.а. вакиълик гана сезилет. Сезүүнүн түрлөрү менен миллион ирет сезилгенде да, сезүү гана пайда болот, фикр эмес. Фикр пайда болушу үчүн инсан вакиъликти өзүндө бар сабик маалыматтар жардамында аныктайт. Мисалы, бүгүнкү бир инсанды алабыз да, ага ассирия тилиндеги бир китебди беребиз, ал болсо ассирия тилине байланыштуу эч кандай маалыматка ээ эмес. Ал китебден бир да сөздү түшүнө албайт. Качан гана ага ассирия тили тууралуу жана ага байланыштуу бирер маалымат берилсе гана, ал китебдеги нерселерди түшүнүшү мүмкүн болот. Бул орунда «бул тил өзгөчөлүгүнө тиешелүү маселе, мында инсан ошол тил жөнүндөгү маалыматка мухтаж болот» деп айтыш орунсуз. Себеби, тема – аклий амалият темасы. Амалият болсо – маанилерди түшүнүүбү же акыйкатты аныктообу, айырмасыз – акыл амалияты. Мисалы, бирер маселе жөнүндөгү фикрлөө бирер мөмө жөнүндөгү фикрлөө менен бирдей, бир сөздүн маанисин түшүнүү бирер вакиъликтин маанисин түшүнүү менен бирдей – булардын баарында тең аклий амалиятка мухтаж болунат. Аклий амалият ар бир маселеде, ар бир иште жана ар бир вакиъликте бирдей.

Мында тил жана вакиълик тууpасында талашып-тартышып олтурбайлы да, түздөн-түз вакиъликке өтөлү. Мисалы, сезүүлөрү саламат, бирок, эч кандай маалыматтарга ээ болбогон бир наристени алалы. Анын алдына бир бөлүк алтын, бир бөлүк жез жана ташты коюп, мына ушул нерселерге наристенин бардык сезүүлөрүн багыттайбыз. Ал болсо канчалык урунбасын, аларды идирек кыла албайт. Бирок, ага ошол нерселер жөнүндө маалыматтар берилсе, ал маалыматтарды иштетет жана бул нерселерди идирек кылат. Бул бала чоңоюп, жыйырма жашка толсо да, эч кандай маалымат албаган болсо, ал биринчи күнүндөгүдөй эле нерселерди болгону сезе гана алат, мээси канчалык өскөн болсо да, аларды идирек кыла албайт. Дагы төрт жаштагы наристени алайлы. Ал арстанды көрбөгөн, тараза эмнелигин билбейт, ит жана пил жөнүндө укпаган. Ага арстан, тараза, ит жана пилдин сүрөтүп көрсөтүп, алардын кайсы бири эмнелигин сурайбыз. Табигый түрдө, ал эч нерсени биле албайт, алардын эч кайсынысына карата балада аклий амалият жок.

Эгер нерселерди көрсөтпөстөн туруп аттарын жаттатсак, кийин ушул нерселерди анын алдына коюп, сен жаттаган нерселер мына ушул деп айтсак да ал кайсы биринин аты эмнелигин ажырата албайт. Бирок, нерселердин ар биринин атын айтып көрсөтсөк, жана ушундай абалда аларды жаттаса, ошондо гана ал кайсы бири арстан, кайсынысы тараза экенин идирек кылат. Демек, тема вакиъликке жана аны сезүүгө тиешелүү эмес, балким, мына ушул вакиълик жөнүндөгү сабык маалыматтарга байланыштуу.

Демек, вакиъликке тиешелүү сабик маалыматтар аклий амалият пайда болушу үчүн, арийне, акл болушу үчүн асасий-негизги шарт болуп саналат.

Аклий идирек кылуу жагынан мына ушундай. Ал эми, шуъурий идирек кылуу жагынан алып карасак, ал гарыйзалар жана узвий хажаттардан келип чыгат, айбанда болгон нерсе адамда да жүз берет. Мисалы, адамга алма менен таш кайра-кайра бериле берсе да, алма жесе боло турган, ал эми таш болсо желбей турган нерсе экенин билет. О.э. эшек да арпа желине турган, топурак желинбей турган нерсе экенин билет. Бирок, мындай ажыратуу фикр да, идирек да эмес, ал узвий хажаттар менен гарыйзалардан келип чыгат жана ал инсанда болгондой эле хайванда да бар. Ошондуктан, фикр – вакиъликти сезүү органдары аркылуу мээге өткөрүү менен бирге вакиъ жөнүндөгү сабик маалымат болгондо гана пайда болот.

Көпчүлүк адамдар сабик маалыматтар шахстын өз тажрыйбаларынан улам пайда болот деп күңүрт ойлошот, а негизи, ошол тажрыйбалардын өзү да сабик маалыматтар аркылуу пайда болот. Алардын назарында, тажрыйбалардын өзү маалыматты пайда кылат, жана ошондуктан, алгачкы тажрыйбалар аклий амалияты келтирип чыгарган. Ушул күмөн инсандын мээси менен айбандын мээси ортосундагы (маалыматтарды байлоо жагынан) айырмага этибарын каратуу аркылуу о.э. гарыйзалар жана узвий хажаттарга тиешелүү нерсе менен – нерсенин эмне экендигине өкүм чыгаруу ортосундагы айырмага этибар каратуу аркылуу бекер болот. Айбандын мээси менен инсандын мээси ортосундагы айырмага келсек, айбандын мээсинде маалыматтарды байлоо жок, балким, анын мээсинде мурун сезилген нерсе кайра-кайра сездирилсе, аны эске түшүрүү бар. Мына ушул эске түшүрүү айбанда гарыйзалар жана узвий хажаттарга тиешелүү нерселерде табийгый болот, ал гарыйза жана узвий хажаттарга хос, андан башкасына өтпөйт. Мисалы, сиз коңгуроо чалып итти чакырасыз

жана коӊгуроону токтотпой итти тамактандырасыз. Мындай кайра-кайра кайталана турган болсо, анда ит коӊгуроо чалынса тамак берилишин баамдайт жана ошондуктан шилекейи агат. Ушуга окшош, эшек ургаачы эшекти көрсө шахваты козголот, бирок, ургаачы итти көрсө шахваты козголбойт. Оттоп жүргөн уй уулуу чөптөрдү четтеп өтөт. Бул жана буга окшош абалдар гарыйзага тиешелүү айырмалоо болуп саналат. Ушул эле учурда, айрым айбандар кайсы бир иш-аракеттерди үйрөнүп жатканын көрөбүз. Бул иш-аракеттер гарыйзага тиешелүү болбойт. Айбандар буларды акыл жана идиректен келип чыгып эмес, балким, ээрчип (таклид) аткарат. Айбандын мээсинде маалыматтарды байлоо жок, балким, сезимди эске түшүрүп кайталоо жана гарыйзадан келип чыккан айырмалоо бар. Гарыйзага байланыштуу болгон бардык нерсени сезет жана сезген нерсесин эске түшүрө алат, айрыкча, мына ушул сезүү кайра-кайра кайталанса. Айбан гарыйзага тиешелүү нерсени алгачкы жолу сезеби же мурунку сезимин эске түшүрөбү – буларды табигый аткарат. Ал эми, гарыйзага тиешелүү болбогон нерсени сезсе, аны табигый аткарышы мүмкүн эмес. Бирок, ушул сезүү кайра-кайра кайталанса, табигый абалда эмес, таклид кылып аткарышы мүмкүн.

Инсанда мындай эмес. Анын мээсинде сезимди эске түшүрүү эле эмес, маалыматтарды байлоо касиети бар. Мисалы, бир адам Багдаддан бир кишини көргөн болсо, кийин он жыл өтүп аны Дамасктан кезиктирип калса, ал адам туурасындагы сезимин эске түшүрөт. Бирок, ал адам жөнүндө эч кандай маалыматка ээ болбосо, анда ал эч нерсени байлай албайт. Эгер бул кишини Багдаддан көргөн болсо, жана ошондой эле ал жөнүндө маалыматтарга ээ болсо, анда анын Дамаскка келишин ошол мурунку маалыматтарга байлап, максадын идирек кылат. Айбанда болсо андай эмес. Ал адамды көргөндө ал жөнүндөгү сезимдерин эске түшүрсө да, максадын түшүнө албайт, балким, ал адамды көргөн убакта өзүндөгү гарыйзаларга тиешелүү нерсени гана сезет. Айбан сезимин эске түшүрүшү мүмкүн, бирок, маалыматтарды байлай албайт. Инсан болсо сезимин да эске түшүрө алат, маалыматтарды да байлай алат. Инсандын мээсинде маалыматтарды байлоо жана кайра сезүү касиети бар.

Гарыйзалар жана узвий хажаттарга тиешелүү нерсе менен – нерселердин эмне экендигин аныктоого тиешелүү нерсенин ортосундагы айырма төмөндөгүдөй: Гарыйзаларга тиешелүү нерседе кайра кайталоо менен инсан сезимин эске түшүрө алат о.э.

өзүндөгү байлоо касиети аркылуу өзү сезген нерселердин топтому жана эске түшүрүүлөрү жардамында маалыматтарды пайда кыла алат. Жана дагы, гарыйза жана узвий муктаждыктарга тиешелүү нерселерде сезимдерди эске түшүрүүлөрү менен ушул маалыматтарын байлай алат. Бирок, гарыйза жана узвий муктаждыктарга тиешелүү болбогон нерселерде, бул маалыматтарды байлоо мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес т.а. маалыматтарды нерсенин эмне экенин аныктоого байлашы мүмкүн эмес. Ошондуктан, көпчүлүк сезимди эске түшүрүү менен байлоо амалиятынын ортосунда айырма бар деп күмөн кылышат. Негизи, сезимди эске түшүрүү амалияты жалаң гарыйза жана узвий хажаттарга тиешелүү нерселерде гана болот, ал эми байлоо амалияты болсо бардыгында болот. Гарыйза жана узвий муктаждыктарга тиешелүү нерседе да, нерсенин эмне экендигин аныктоого тиешелүү нерседе да. Демек, байлоо үчүн мурунку маалыматтар албетте зарыл. Инсандын айбандан айырмасы мээдеги байлоо касиетинде. Инсандын сууда чөкпөй калкып турган жыгачты көрүп, андан кайык жасоо мүмкүндүгүн билиши – кудум маймылдын даракта асылып турган бананды көрүп, аны таяк менен уруп түшүрүү мүмкүндүгүн билиши менен бирдей. Булардын баары гарыйза жана узвий хажаттарга тиешелүү нерселер – мейли, мында сезимди эске түшүрүүлөрдү байлоо жана маалыматка айландыруу бар болсо да – ага байлоо деп эмес, сезимдерди эске түшүрүү деп карайбыз. Бул орунда аклий амалият болбойт жана акыл же фикрге далалат кылбайт. Акыл же фикр, чыныгы аклий амалият болушуна далалат кылуучу нерсе – нерселердин эмне экендигин аныктоодо болот. Ал эми нерсенин эмне экендигин аныктоо жалаң гана байлоо амалияты менен, сабик маалыматтарга байлоо менен гана болот. Демек, тыянак кылсак, аклий амалият жүзөгө келиши үчүн, ар кандай байлоо амалияты үчүн сабик маалыматтардын болушу зарыл.

Көпчүлүк адамдар эң биринчи инсан өзүнүн тажрыйбалары, ушул тажрыйбаларынан келип чыккан маалыматтарды пайда кылуу аркылуу кантип фикрлөөгө жол таба алышканын түшүнүүгө урунушат. Муну "вакиълик мээде чагылганда же инсан аны сезгенде бул сезүү инсанды фикрлөөгө мажбурлайт жана анда фикрлөө пайда болот" деген нерсенин далилине жетиш үчүн кылышат. Жогоруда биз, бул байлоо эмес, сезимди эске түшүрүү экенин жана ал гарыйзаларга хос болуп, нерселердин эмне экенин аныктоого алакасы жоктугун баян кылдык жана ушунун өзү мындай күмөндү

жокко чыгарууга жетиштүү. Бирок, тема эң биринчи инсан жөнүндөгү талкуу эмес о.э. кыял, божомол жана элестерге тиешелүү да эмес, балким, бир инсанга тиешелүү. Эң биринчи инсанды азыркы инсанга, шахидди гоибге салыштыруунун ордуна, биз шахид болуп (өз көзүбүз менен көрүп), сезип турган азыркы инсанды алайлы да, гоибди шахидге салыштыралы. Анткени, азыркы инсандагы сезүү жана мушахада жөндөмү ар бир инсанга, алардын катарында эң биринчи инсанга да тиешелүү. Ошондуктан, далилге тескери иш кылышыбыз дурус эмес, балким, аны туура таризде ачыктап берүү лазым. Мына алдыбызда реалдуулуктагы адам турат. Аны көрөбүз, сезебиз. Мына ушул адамды алайлы дагы, андагы аклий амалиятка, андагы гарыйзаларга тиешелүү нерселерге жана андагы нерселердин эмне экенин аныктоого тиешелүү нерселерге токтололу. Андан кийин андагы сезимди эске түшүрүү, байлоо жана алардын ортосундагы айырманы карап чыгалы. Мына ошондо биз ар кандай адамга байлоо амалияты үчүн мурунку маалымат зарыл экенин, бул өз кезегинде аклий амалият үчүн зарыл экенин табабыз. Ал эми сезимдерди эске түшүрүү инсанда да, айбанда да бар болуп, ал аклий амалиятты калыптандырбайт, ал акыл да, фикр да, фикрлөө да эмес. Нерселердин эмнелигин билбей турган, маалыматтары жок, лекин маалыматтарды пайда кылышы мүмкүн болгон жаш наристенин мисалы – акылдын маанисине эң туура далил.

Ушуларга ылайык, акыл инсанда гана болот жана аклий амалиятты инсан гана аткарат. Узвий муктаждык жана гарыйзалар болсо инсанда да, айбанда да бар о.э. алардын сезимдери жана сезимдерди эске түшүрүүлөрү инсанда да, айбанда да бар. Бирок, булардын баары акыл да, идирек да, фикр да жана фикрлөө да эмес, балким, гаризавий ажырата билүүдөн башка нерсе эмес. Акыл маалыматтарды байлоо касиетине ээ болгон мээге муктаж. Ал болсо инсанда гана бар. Ушуга ылайык, аклий амалият байлоо касиети бар болгондо гана пайда болушу мүмкүн. Ошондуктан, алгачкы инсанда болобу же азыркы инсандабы, ар кандай аклий амалият үчүн вакиълик жөнүндө сабик маалыматтын болушу зарыл. Аллах Тааланын биринчи инсан – Адам жөнүндөгү каламы ушуга ишара кылат:

وَعَلَّمَ ءَادَمَ ٱلۡأَسۡمَآءَ كُلَّهَا

*"Анан Ал зат Адамга бардык нерселердин ысымдарын үйрөттү"*

يَٰٓـَٔادَمُ أَنۢبِئۡهُم بِأَسۡمَآئِهِمۡ

*„Эй Адам, бардык нерселердин ысымдарын аларга (периштелерге) билдиргин" 2:31*

Демек, сабик маалыматтар аклий амалият үчүн т.а. акылдын мааниси үчүн негизги шарт болуп эсептелет.

Коммунист аалымдар акылдын маанисин түшүнүп жетүүгө аракет кылышты жана аклий амалият үчүн вакиълик болушу зарыл экенин билишти. О.э. аклий амалият үчүн инсан мээси болушу зарыл экенин да билишти. Алар ушундайча туура жолдон жүрүштү. Бирок, алар мээ менен вакиъликтин байлануусун сезүү эмес, чагылуу деп ката айтышты. Алар аклий амалият болушу үчүн сабик маалымат зарыл экенин, аларсыз эч кандай абалда аклий амалият болбошун инкар кылышканда, катуу адашышты. Акылдын маанисин анык түшүнүүгө алып бара турган туура жол мындай, аклий амалият болушу үчүн т.а. акыл, фикр пайда болушу үчүн, төрт нерсенин болушу зарыл: вакиълик, соо мээ, сезүү жана сабик маалымат. Мына ушул төрт нерсе аклий амалият болушу үчүн т.а. акыл же фикр, же идирек пайда болушу үчүн жамдалган болушу зарыл.

Ушуга ылайык, акыл, фикр, идирек: «вакиъликти сезүүнү сезүү органдары аркылуу мээге узатуу жана мээде ушул вакиъликти тафсирлеп бере турган сабик маалыматтардын болушу».

Жалгыз мына ушунун өзү туура таъриф (аныктама) болуп, мындан башка таъриф жок. Ушул таъриф адамдар үчүн бардык доорлордо зарыл, себеби, мына ушул таъриф гана акылдын вакиълигине туура сыфат болот жана мына ушул сыфат гана акыл вакиъсине дал келет.

Биз акылдын маанисин анык ишенич менен жана жазм таризде билип алган соң о.э. анын таърифин да анык ишенич менен жана жазм таризде билип алган соң, эми фикрлерди келтирип чыгарууда аклий амалият жарий боло турган тарикатты т.а. ал аркылуу фикрлерди келтирип чыгаруу жарий боло турган кайфиятты билишибиз лазым.

**Фикрлөө**

Биз билишибиз керек болгон нерсе фикрлөө тарикаты. Ушул орунда айтып өтүү лазым нерсе, фикрлөө услубу жана фикрлөө тарикаты болот. Фикрлөө услубу жөнүндө айта турган болсок, услуб – бул бирер нерсе туурасында изденүү алып баруу талап кылган кайфият, же ушул изденүү талап кылган ваиталар. Изденүү алып

барылып жаткан бул нерсенин дене мүчөлөрү менен сезиле турган маддий нерсе болушунун же маддий нерсе болбошунун айырмасы жок. Ошондуктан, услубдар бир нече болот жана нерсенин түрү өзгөрүшүнө карай өзгөрөт. Тарикат болсо, аклий амалият жарий боло турган т.а. акылдын табияты жана вакиълигине дал келүүчү фикрлөө амалияты боло турган кайфият. Тарикат өзгөрбөйт, ал кандай болсо ошондой бойдон калат. Ошондуктан, тарыйкат туруктуу болушу керек жана фикрлөө услубдары канчалык көбөйсө да, фикрлөөгө ушул тарыйкат негиз болушу лазым.

**Фикрлөө** тарикатынын өзү т.а. акылдын фикрлерди келтирип чыгарышы жарий боло турган кайфияттын өзү – акылдын таърифи. Башкача айтканда, фикрлөө тарикаты ошол акылдын вакиълигине дал келет жана ар кандай абалда да бул вакиъден чыкпайт. Ошондуктан, бул тарикат акылдын өзүнө салыштырмалуу түрдө "аклий тарикат" деп аталат. Бул тарикат т.а. аклий тарикат изденүү алып баруудагы белгилүү бир манхаж. Изденүү алып барылып жаткан нерсенин акыйкатын билүү үчүн ушул тарикаттан жүрүлөт. Т.а. изденүү алып барылып жаткан нерсе сезимдер аркылуу мээге узатылат жана вакиъликти тафсирлеген сабик маалыматтар жардамында мээ бул вакиъликке хукм чыгарат. Бул хукм – фикр же аклий идирек дегени. Фикрлөө тарикаты физика сыяктуу эксперимент кылына турган заттар туурасында, же акыйдалар жана мыйзамчылыкты түшүнүү сыяктуу фикрлер туурасында изденүү алып барууда, же болбосо адабият жана фикхты түшүнүү сыяктуу лугат илимин түшүнүүдө болот. Мына ушул тарикат идирек кылуу кандай болсо, ошондой түшүнүүдөгү табигый жол болуп, анын амалияты аркылуу акыл нерселерди идирек кылат. Анын өзү акылдын аныктамасы болуп, анын манхажына негизделип инсан мурда идирек кылган же идирек кылмакчы болгон ар кандай нерсени түшүнүп жетет.

Мына ушул **аклий тарикат**. Фикрлөө тарикаты мына ушул. Мындан башка фикрлөө тарикаты деп аталып жүргөн илимий жана мантыкый тарикат жөнүндө айта турган болсок, алар аклий тарикаттын бутактары болуп саналат. Илимий тарикат б.а. илимий услуб – бирер нерсе тууралуу изденүү алып баруу услубдарынын бири. Мантыкий тарикат болсо изденүү алып баруу василаларынын бири. Булар фикрлөөнүн асасий-негизги тарикаттары эмес. Фирклөө тарикаты бир нече эмес жалгыз болуп, ал аклий тарикат.

Бирок, нерсе жөнүндөгү мурунку рай менен ал жөнүндөгү мурунку маалыматтардын, ага тиешелүү нерселердин ортосун

айырмалоо лазым. Шек-күмөнсүз, аклий тарикатта вакиълик жөнүндөгү мурунку рай эмес, балким, мурунку маалымат же ага тиешелүү нерселер болушу керек. А вакиълик жөнүндөгү мурунку рай болушу дурус эмес. Т.а. фикрий амалиятта мурунку райлар иштетилбеши керек. Амалиятта жалаң гана маалыматтар иштетилген абалда, мурунку райдын бар болушунан жана анын амалиятка кирип калышынан качуу зарыл. Эгер мурунку рай иштетилгидей болсо, ал идирек кылууда катага себеб болот. Анткени, ал маалыматтарды туура эмес тафсирлеши жана идирек кылууда катага себеб болушу мүмкүн. Ошондуктан, сабик рай менен сабик маалыматтар ортосун айырмалоо жана жалаң гана маалыматтарды иштетип, райларды алыстатуу зарыл.

Эгер аклий тарикат өз жолунда туура иштетилсе т.а. вакиъликти сезүүнү сезүү органдары аркылуу мээге узатып – сабик райлар эмес – сабик маалыматтар жардамында вакиълик тафсирленсе жана мээ мына ушул вакиъликке карата өз өкүмүн чыгарса, мында аклий тарикат туура иштетилген болот жана ал туура натыйжаларды берет. Эгер натыйжа нерсенин бар экенине ишара кылса, мындайда адам аклий тарикат жардамында бул натыйжаны текшерип көрүшү керек. Анткени, мындай натыйжа катъий болушу зарыл, анда эч кандай абалда ката болушу мүмкүн эмес. Себеби, бул натыйжа вакиъликти сезүү жолу менен келген жана сезүү вакиъликтин бар экенин аныктоодо ката кылышы мүмкүн эмес. Анткени, вакиъликтин бар экенин сезүү органдарынын сезиши катъий. Демек, мына ушул жол менен акыл вакиъликтин бар экени тууралуу чыгарган тыянак катъий тыянак болот. Бирок, натыйжа нерсенин хакыйкаты же сыфаты тууралуу тыянак болсо, ал күмөндүү болуп эсептелет. Себеби, бул тыянак маалыматтар жолу менен, же сезилген вакиъликти маалыматтары менен бирге тахлил (анализ) кылуу аркылуу чыгарылган. Бирок, тээ ката экендиги анык көрүнмөйүнчө, ал туура фикр болуп кала берет. Ошондуктан, аклий фикрлөө жолу менен жетип барыла турган фикрлер – эгер акыйдалар сыяктуу нерсенин бар экенине тишелүү болсо – анда алар катъий фикрлер болушу керек. Эгер бул фикрлер – шарият өкүмдөрү сыяктуу – нерсенин акыйкаты же сыфаты тууралуу өкүм чыгарууга тиешелүү болсо, анда күмөндүү фикрлер болуп эсептелет. Т.а. балан нерсенин тыянагы мындай деп болжолдуу күмөн кылынганы сыяктуу. Бул болсо ката болуш ыхтымалы бар туура фикр эсептелет жана тээ каталыгы аныкталмайынча, туура болуп калат.

Аклий тарикат туура аныктама берилген болобу, же туура эмеспи

– баары бир инсан инсан катары фикрлөө, нерселер үстүнөн өкүм чыгаруу жана алардын акыйкатын, сыфатын идирек кылууда колдонула турган тарикат. Лекин, Батыш т.а. Европа, Америка жанаалардын артынан Россия Европада өнөр жай ынкылабын жүзөгө келтирди жана тажрыйбалык иштер жаатында болуп көрбөгөндөй ийгиликтерге жетишти. Анын таасири он тогузунчу кылымдан тээ азырга чейин уланып, бүткүл дүйнөнү камтып алды. Ошондо тажрыйбалык (эмпирикалык) илимдердеги изденүү услубу илимий жол деп аталды жана аны фикрлөөдө илимий фикрлөө жолу (тарикат) деп аташты жана бул жол фикрлөөгө негиз кылына турган болуп калды. Коммунист окумуштуулар да бул жолду кабыл алышты жана тажрыйбалык илимдерде да, башкаларында да ага негизделип аракет кылышты. О.э. Европа окумуштуулары да тажрыйбалык илимдерде ушуга негизделип аракет кыла турган болду жана анын манхажына Америка окумуштуулары да кошулду. Батыш жана Советтер союзунун өкүмдарлыгы акыбетинде аларга дүйнөнүн башка перзенттери да ээрчишти жана бул жол жалпы адамзатка өкүмдар болуп калды. Мунун акыбетинде бүткүл исламий дүйнөдө да илимий фикрлерди жана илимий тарикатты көккө көтөрүү абалы жүзөгө келди. Ошондуктан да, мына ушул илимий тарикатты баян кылуу зарыл болуп калды.

**Илимий тарикат** бул изденүүдөгү спецификалык бир манхаж болуп, нерсени эксперименттен өткөрүү менен изденүү алып барылып жаткан нерсенин акыйкатын билүүгө жетишүү үчүн жүргүзүлөт. Ал жалаң гана сезиле турган маддаларга карата колдонулуп, фикрлер маселесинде аны колдонууга болбойт. Жана да ал тажрыйбалык илимдерге гана хос болуп, материяны өзүнүн аслий шарт жана факторлорунан башка бир шарт жана факторлорго моюн сундурууда колдонулат. Лабoратияларда мадда, анын аслий шарт жана факторлору мулахаза кылынат да, мадданын акыйкаты тууралуу маддий сезиле турган акыйкат жүзөгө келет.

Бул тарикат изденүү алып барылып жаткан нерсе жөнүндө мурунку маалыматтардын баарын жок деп эсептөөнү, андан соң материяны мулахаза кылып, тажрыйбадан өткөрүүнү талаб кылат. Бул тарикат боюнча, адам изилденгенгенде өзүндөгү ар кандай сабик райды жана сабик ишенимди өчүрүп салат да, андан соң мулахаза жүргүзүп, тажрыйба жүргүзө баштайт, андан кийин өлчөө жана тартибге салууларга өтөт. Мына ушулардан соң мына ушул илимий кадамдарга негизделген илимий тыянак келип чыгат. Эгер ушундан бирер натыйжага жетишилсе – илимий изилдөө анын

бирер тарабынын ката экенин далилдемейинче – бул илимий изилдөөгө негиделген илимий натыйжа болуп кала берет. Бирок, бул натыйжа бирер тарабы ката болушу мүмкүн болгон илимий натыйжа болуп эсептелет. Изденүүчү шахс илимий тарикатка негизделип жетип барган натыйжа илимий акыйкат же илимий мыйзам деп аталса да, бирок, ал баары бир катъий болуп эсептелбейт, балким, ката болуу ыхтымалы бар күмөн болот. Илимий тарикаттагы мына ушул ката болуу ыхтымалы бар экенин илимий изилдөөдө эч качан этибардан качырбаш керек.

Мына ушул илимий тарикат. Аны үйрөнүү менен анын туура тарикат экендиги, тарикат деп аталышы ката эместиги, себеби, ал изденүүнүн туруктуу белгилүү бир манхажы экендиги айкын болот. Бирок, анын фикрлөөгө негиз кылынышы ката болгон. Анткени, ал үстүнө бирер нерсе курула турган асл эмес, балким, ал аслдын үстүнө курулган бир бөлүк болуп эсептелет. Аны фикрлөөгө негиз кылып коюлушу үйрөнүлө турган акыйкаттарды өз ичине алган көптөгөн маърифаттарды жокко чыгарууга алып барат. Акыйкатта болсо, бул маърифаттар бар жана аларды вакиъликте жисманан сезүү мүмкүн.

Илимий тарикат туура жол, бирок, ал фикрлөөгө негиз эмес. Ал фикрлөөгө тиешелүү услубдардын бири болуп эсептелет жана бардык ишке колдонулбайт, балким, тажрыйба өткөрүү жолу менен материянын акыйкатын билүүдө гана колдонулат. Демек, ал тажрыйбалык иштерде иштетилип, мындан башкаларында колдонулбайт.

Анын негиз эместиги эки жактан көрүнөт:

Биринчиден, ага ылайык, мурунку маалыматтар барында – мейли, алар алгачкы маалыматтар болсо да – аракет кылууга болбойт. Ал эми фикрлөө болсо сабик маалыматтарсыз мүмкүн эмес. Себеби, фикрлөө сабик маалыматтардын бар болушу менен гана ишке ашат. Мисалы, химик окумуштуу да, физик окумуштуу да же лабароториядагы окумуштуу да сабик маалыматсыз илимий тарикатта бир да иш кыла албайт. Ал эми, илимий тарикат сабик маалыматтарды жок деп эсептөөнү талаб кылат деген сөзгө келсек, анда сабик маалыматтарды эмес, сабик райларды назарда тутушкан. Илимий тарикат изилдөөчүдөн өзүндөгү бардык сабик райларды жана сабик ишенимди өчүрүп жиберүүнү, андан соң мулахаза кылып тажрыйба өткөрүүнү, кийин болсо өлчөп көрүү жана тартиптештирүүгө өтүүнү, андан кийин мына ушул илимий кадамдарына негизделген тыянак чыгарууну талаб кылат. Мейли,

мулахаза жүргүзүү, тажрыйба өткөрүү жана тыянак чыгаруудан турган болсо да, бирок, маалыматтар албетте болушу зарыл. Ушул маалыматтар мулахаза жана тажрыйбасыз вужудга келген болот т.а. вакиъни сезүү органдары жардамында көчүрүү аркылуу пайда болот. Себеби, мурунку маалыматтар биринчи илимий изденүүдө тажрыйбалык маалымат болушу мүмкүн эмес, себеби, буга чейин маалымат пайда кылынбаган болот. Демек, вакиъликти сезимдер жардамында мээге узатуу зарыл болот т.а. маалыматтар аклий тарикат жолу менен чогулган болушу лазым. Ошондуктан, илимий тарикат эмес, аклий тарикат негиз болот да, илимий тарикат мына ушул негиз үстүнө курулат жана анын асл негизи эмес, балким, бир түрү болуп эсептелет. Ушул себептүү, илимий тарикатты фикрлөө үчүн негиз кылуу ката.

Экинчи жактан, илимий тарикаттын назарында маддий сезилбеген ар бир нерсе жок деп эсептелиши талаб кылынат. Мантык да, тарых да, фикх да, саясат да ж.б.у.с. маърифаттар маддий сезилбейт жана алар тажрыйбага да моюн сунбайт, демек, алар жок деп эсептелиши керек болот. О.э. Аллах да, периштелер да, шайтандар да ж.б.у.с. алар үчүн жок нерсе. Анткени, аларды илимий жактан далилдөө мүмкүн эмес т.а. алар мулахаза кылуу, тажрыйба өткөрүү, маддий натыйжа алуу жолу менен далилденбейт. Бул фикр ачыктан-ачык ката. Себеби, табият илимдери маърифат түрлөрүнүн бири жана фикрлерден бир фикр болуп, калган маърифаттар өтө көп жана алар илимий тарикат менен эмес, аклий тарикат менен далилденген. Аллахтын барлыгы катъий түрдө аклий тарикат менен далилденген, периштелер жана шайтандардын бар экени да далалаты жана субуту катъий болгон нусуста келип, аклий тарикат менен далилденген. Ошондуктан, илимий тарикат фикрлөөгө негиз кылып алынышы дурус эмес. Илимий тарикаттын мавжуд нерсенин бар экенин катъий далилдеп берүүгө алсыздыгынын өзү – анын фикрлөөгө негиз боло албашына далил.

Мунун үстүнө, илимий тарикатта – илимий изденүүдөгү анык нерсе – ката кетирүү жөндөмү бар жана ал этибардан качырбоо керек болгон негиздердин бири. Бул тарикатта чындап эле ката кетет жана ал көптөгөн илимий тармактарда кездешкен. Алар илимий акыйкаттар деп аталгандан кийин каталыгы белгилүү болгон. Мисалы, атом заттын эң майда бөлүгү жана ал андан ары майдаланбайт делинген эле. Кийин ушул эле илимий тарикат менен мунун каталыгы ачыкка чыгып, анын майдаланышын аныктады. О.э.

материя жоголуп кетпейт делинген эле, кийин бул да ката болуп чыкты жана илимий тарикаттын өзү анын жоголуп кетиши мүмкүндүгүн далилдеди. Ушулар сыяктуу көптөгөн илимий акыйкаттар жана илимий мыйзамдар деп аталган нерселердин илимий тарикат аркылуу каталыгы көрүндү жана илимий тарикаттын өзү алар илимий акыйкат эместигин көрсөтүп койду. Ушундан улам илимий тарикат катъий эмес, күмөндүү тарикат болуп саналат. Ал нерсенин барлыгы, акыйкаты жана сыфаты жөнүндөгү күмөндүү натыйжаны пайда кылат. Ошондуктан, илимий тарикат фикрлөө үчүн негиз кылып алынышы туура эмес, бирок, ал фикрлөө тарикаты болуп эсептелет, болгону, тажрыйбалык илимдерде гана жарактуу болот т.а. мулахаза кылуу жана тажрыйба өткөрүү, өлчөө, тартибге салуу мүмкүн болгон нерселерде гана жарактуу болот. Мындан тышкаркы нерселерге колдонууга жараксыз. Демек, ал жалаң тажрыйбалык илимдерге хос.

Илимий тарикатта фикрлерди иштеп чыгуу мүмкүн болсо да, бирок анын өзү менен гана фикр пайда кылып болбойт. Ал жаңы фикрлерди иштеп чыга алса да, бирок, эч кандай жаңы фикр пайда кыла албайт.

Жаңы келип чыккан фикрлер – түздөн түз акыл менен кабыл алынган фикрлер. Аллахтын барлыгын билүү; коум жөнүндө ойлоо өзү жөнүндөгү шахсий фикрден жогору экендигин билүү; жыгачтын күйүшүн, май суу бетинде калкып турушун, жеке адамдын фикрлеши жамааттын фикрлешинен күчтүүлүгүн билүү – булардын баары акыл жардамында кабыл алынган. Жаңы пайда болбогон фикрлер илимий тарикат негизинде келип чыккан болуп, акыл аларды түздөн-түз кабыл албаган, балким, алар акыл мурун кабыл алган фикрлер негизинде эксперимент аркылуу кабыл алынган. Суунун суутек жана кычкылтектен турушун, атомдун майдаланышын, материя жоголуп кетишин билүү – бул фикрлер акыл түздөн-түз кабыл албаган жана жаңыдан пайда кылбаган фикрлер. Алар акыл мурун кабыл алган фикрлер негизинде эксперименттер жүргүзүлүп, андан тыянак кылынган фикрлер. Ошондуктан, алар жаңыдан пайда кылынган деп эмес, балким, мурун кабыл алынган фикрлер негизинде эксперименттер аркылуу чыгарылган тыянактар деп эсептелет.

Демек, илимий тарикат фикрди иштеп чыгат, бирок, фикрди пайда кылууга кудуреттүү эмес. Ошондуктан, ал фикрлөөгө негиз болбошу табигый жана анык. Бирок, Батыш т.а. Европа жана

Америка, аларга Россия да кошулуп илимий тарикатты ыйыкташтырууга умтулушту жана бул абал айрыкча XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын баштарында күч алды. Акыры ал фикрди туура жолдон адаштыруучу каситага айланды. Себеби, алар илимий тарикатты фикрлөө жолуна негиз кылып алышты жана бардык нерселерди ушуну менен чечишти. Кийин илимий тарикатка негизделген изилдөөлөрдү туура изилдөөлөр деп эсептешти жана алардын айрымдары илимий тарикатка алакасы болбогон иштерди илимий тарикат менен изилдей башташты. Мисалы, турмуш жана коомго тиешелүү фикрлер илимий тарикат менен үйрөнүлө турган болду. Инсан, коом жана адамдарга тиешелүү айрым маърифаттар аклий изденүү менен, бирок, илимий тарикат услубунда үйрөнүлө баштады жана бул маърифаттар илим деп аталды. Бул иштер илимий тарикатты жалпылаштыруу жана аны фикрлөөгө негиз кылуу акыбетинде жүз берди.

Мисалы, коммунист аалымдар турмуш тууралуу көз караштары жана коомдук түзүлүш жаатында илимий тарикатка негизделип аракет кылышты жана акыбетте ачыктан-ачык катага түшүштү. Алардын каталарына мисалдар көп. Себеби, алар табият жана коомду лабораторияларда изилдене турган нерселерге салыштырышты жана натыйжада жаман акыбеттерди келтирип чыгарышты. Бул жааттагы бардык фикрлерде кеткен катаны билүү үчүн эки негизги фикрди мисал келтирип, алардагы ката жактарды, катанын себеби илимий тарикат экенин баян кылышыбыздын өзү жетиштүү. (1) Алардын табият жөнүндөгү фикрлери мындай, табият – бөлүктөргө бөлүнбөгөн, бирок, дайыма өзгөрүп туруучу бирбүтүндүк. Бул өзгөрүү нерселер жана окуялардагы качып кутулгус зиддияттар (карама-каршылыктар) аркылуу болот. Эми алардын негизги фикрлери болгон зиддияттарды текшерип көрөлү. Бул зиддияттар нерселерде бар экендиги туура болсо да, бирок, бардык нерселерде эле кезиге бербейт. Дүйнөдө зиддиятсыз нерселер да бар. Мисалы, тирүү организмдерди – курамында өлө турган клетка жана тириле турган клетка бар экенин хужжат кылышып – зиддияттуу жисмдер деп эсептешет. Негизи, бул тирүү организмдерде зиддият жок. Нерселердин тирилүүчү, өлүүчү, жок болуучу, бар болуучу болушу алардын зиддияттуулугун түшүндүрбөйт, балким, бул клеткалардын кубаттуу жана кубатсыздыгы, күрөшүүгө чыдамдуулугу жана чыдамсыздыгынын натыйжасы. Жок болуу жансыз жысымдарда да болот, бирок, аларда туулуу жүз бербейт. Бул нерсе алардын бардык

жысымдарда зиддияттар бар дегендиктерине тескери келет. Эгер нерселерде зиддият бар делсе да, бул окуяларда да зиддият бар экенин түшүндүрбөйт. Мисалы, соода-сатык, ижара, шериктик жана башка иштер эч кандай зиддиятсыз эле жарий болот. Намаз, орозо, зекет жана ушуга окшош амалдар да ушундай, аларда зиддият жок. Бирок, алардын илимий тарикатты колдонуулары, айрыкча, окуялар жаатында  ката көз карашка жетеледи. Мына ушундай ката көз караштарына ылайык, алар Европада зиддиятлар болушу анык деп эсептешет. А негизи, Европада зиддиятлар жүз бербей жатат жана ал капиталисттик түзүмгө чөгүп, коммунизмден алысташууда. Ошентип, аларды катага учураткан нерсе, бардык нерсе жана окуялар үстүнөн өкүм чыгарууда илимий тарикат жолун колдонуулары болду.

Алардын коом жөнүндөгү фикрлери мындай, ал географиялык майдандан, калктын өсүшү жана өз ара кошулуусунан о.э. өндүрүш услубунан куралган. Коомдогу материалдык турмуш коомдун формасын, фикрлери жана райларын, саясий абалды белгилейт. Анткени, материалдык турмушка өндүрүш услубу таасир этет, акыбетте, коомго өндүрүш услубу таасир этет. Себеби, коомдогу өндүргүч күчтөр өндүрүш каражаттарынан жана аларды колдонуучу адамдардан турат. Булар бир бүтүндүк катары бир тарапты түзөт. Экинчи тарабы, өндүрүш процессиндеги адамдардын өз ара алакалары. Албетте, бул ката. Себеби, коом бул адамдар жана алардын өз ара алакаларынан туруп, анын өндүрүш каражаттарына тиешеси жок, ал тургай, алардын бар же жоктугунун таптакыр мааниси жок. Себеби, алардын ортосундагы алакаларды вужудга келтирүүчү нерсе кызыкчылык болуп, аны өндүрүш каражаттары белгилебейт, балким, кызыкчылыкты адамдардын муктаждыктарды кандыруу жөнүндөгү фикрлери белгилейт. Катанын пайда болушу ушунда болду, алар коомго кудум материяны лабораторияда карагандай караشты жана күзөткөн элементтерин изилдөөгө урунушту. Жана ошентип, теорияларын практикада колдонуу үчүн, материяда пайда боло турган нерсени инсандардын алакаларына карата колдонушту. Бирок, адамдар нерсе эмес да. Алака жана окуялар – материя лабораторияда моюн сунгандай – илимий изилдөөгө моюн сунбайт. Аларды күзөтүү жана экспериментке салуусу катага туш кылды. Коммунисттердин катасына себеп бирөө – алардын окуя жана алакалар жаатында илимий тарикатка негизделүүлөрү. Бул ката алардын он тогузунчу кылымда илимий тарикатты улуулоолору жана аны бардык изилдөөлөргө

колдонуулары акыбетинде жүзөгө келди.

Мындан тышкары, Европа жана Америка аалымдары аклий тарикат аркылуу жетишилген тыянактар менен, илимий услуб аркылуу жетишилген фикрлерди аралаштырып жиберишти. Ошентип, илимий услубду инсандын иш-аракеттери жана абалдарына колдонушту, натыйжада психология, социология жана таалим-тарбия деп аталган илимдерди пайда кылышты. Акыбетте, психология, социология жана тарбия фандарындагы каталары көрүндү. Алар психология фанын илим деп, анын фикрлерин илимий фикрлер деп эсептешти. Себеби, бул фан наристелерди ар түрдүү шарт жана ар түрдүү жашта күзөтүүлөрдөн келип чыкты жана ушул күзөтүүлөрдүн кайталанышын эксперименттер деп аташты. Акыйкатта болсо психология илимий эмес, аклий фикрлер. Себеби, илимий эксперименттер белгилүү шарт жана факторлордогу материяны аслинен башка шарт жана факторлорго моюн сундуруу жана мына ушул моюн сундуруунун таасирин күзөтүү т.а. медициналык жана химиялык эксперименттер сыяктуу материя үстүнөн жүргүзүлгөн эксперименттер. Ал эми, нерсени түрдүү убакыт жана шарттарда күзөтүү илимий эксперимент эсептелбейт. Демек, наристени түрдүү жашта жана ар түрдүү шартта күзөтүү да илимий эксперименттер түркүмүнө кирбейт жана илимий тарикат деп эсептелбейт. Бул илимий эмес, аклий тарикат. Аны илимий фикр деш ката. Бул илимий тарикатты инсанга карата колдонуудагы шумдуктуу катанын жемиши. Себеби, илимий тарикаттагы маанилүү элемент – бул эксперимент. Бул болсо жалаң материяга гана колдонулушу мүмкүн. Анткени, материя гана лабораторияда сыналышы мүмкүн. Мындагы күзөтүү түрдүү шарттарда нерселерди же иштерди күзөтүү эмес, балким, материянын өзүн күзөтүү, шарт жана факторлордун өзүн күзөтүү о.э. асл шарт жана факторлордон пайда болгон башка шарт жана факторлорду күзөтүү. Ошондуктан, илимий тарикатты мындан башка жакка т.а. материядан жана ага эксперимент жүргүзүүдөн башка жакка иштетүү одоно ката болуп, ал ката тыянактарга алып барат. Бул аклий изденүүлөрдө илимий тарикат жолун туткан жана аклий изденүүлөрдү илим, илимий фикр деп эсептеген батыш аалымдарында болду жана алар ачыктан-ачык адашууга батып калышты. Алардын каталарына мисалдар өтө көп. Инсанды илимий изилдене турган нерсеге салыштырып алышты жана өтө ката натыйжаны келтирип чыгарышты. Бул нерсени жакшыраак түшүнүшүбүз үчүн бир фикрди т.а. гарыйзалар жөнүндөгү фикрди

алып, андагы ката тарапты баян кылышыбыз жетиштүү.

***ГАРЫЙЗАЛАР***

Алар илимий тарикатты инсанга карата колдонуу менен инсан иштерин күзөтүүгө жана инсан иштеринин түрткүлөрүн түшүндүрүүгө киришишти. Бул болсо өз кезегинде аларды чыныгы изденүүдөн буруп, жаңылыш тыянактарды чыгарууга алып барды. Эгер алар аклий тарикатты карманышканда, инсанды жана анын тасарруфтарын сезип, мээге көчүрүшкөн болор эле. Кийин сабик маалыматтар менен инсандын вакиълигин жана ушул тасарруфтардын вакиълигин түшүндүрүп, күмөндүү болсо да өздөрү жетишкен ката натыйжадан башка натыйжаны чыгарган болушар эле. Мисалы, алар гарыйзаларды көп дешти. Башында аларды санашты, кийинчерээк башка амалдарды көрүшкөн соң, гарыйзалардын санагын жок дешти. Алар мүлккө майилдик гарыйзасы, коркуу гарыйзасы, жыныс гарыйзасы, адамдарга кошулуу гарыйзасы жана башка гарыйзалар бар дешкен. Мунун себеби, алар гарыйза менен гарыйза көрүнүштөрүнүн айырмасын т.а. асл такаат менен анын көрүнүштөрүн ажырата алышпады (такаат – күч). Аслий такаат т.а. гарыйза инсан махиятынын бир бөлүгү болуп, аны муалажа кылуу да, өчүрүп жиберүү да, тыюу да мүмкүн эмес. Гарыйзалардын бирер бир көрүнүшү бар болушу зарыл. Ал эми аслий такааттын т.а. гарыйзалардын көрүнүшү болсо мындай эмес, себеби, ал инсан махиятынын бир бөлүгү эмес. Ошондуктан, аны муалажа кылуу, өчүрүп жиберүү жана тыюу мүмкүн. Мисалы, бако гарыйзасынын т.а. жашоо үчүн күрөш инстинктинин бир көрүнүшү эгоизм болсо, дагы бир көрүнүшү камкордук т.а. бирөө үчүн кам көрүү. Демек, эгоизмди камкордук менен муалажа кылууга, аны өчүрүүгө да, тыюуга да болот. О.э. аял кишиге шахват менен майил болуу нав гарыйзасы көрүнүштөрүнүн бири о.э. энеге мээрим коюу да нав гарыйзасы көрүнүштөрүнүн бири. Нав гарыйзасын муалажа кылуу да, өчүрүү да, тыюу да мүмкүн эмес. Бирок, бул гарыйзанын көрүнүштөрүн муалажа кылуу, ал тургай, өчүрүү жана тыюуунун мүмкүнчүлүгү бар. Мисалы, инсан аялына шахват менен майил болушу, энесине сый-урмат көрсөтүшү, эже-карындашы жана кызына мээрим коюшу да нав гарыйзасынын көрүнүшү. Демек, аялга шахват менен майил болууну энеге мээримдүү болуу менен муалажа кылуу мүмкүн. Эгоисттикти камкордук менен, шахватты мээрим менен муалажа кылуу мүмкүн. Көбүнчө энеге болгон мээрим аялдан, а түгүл, үйлөнүүдөн жана жыныстык майлдан тосот. Көп абалдарда

жыныстык каалоо эркек кишини энесине мээримдүү болуудан буруп коёт. Ушундай болгон соң, нав гарыйзаларынын ар кандай көрүнүшүн башка бир көрүнүш менен тосуп коюу жана бир көрүнүшүн башка бир көрүнүш менен муалажа кылуу мүмкүн. Демек, көрүнүштү муалажа кылса да, өчүрсө да болот. Бирок, гарыйзаны мындай кылып болбойт. Себеби, гарыйза инсан махиятининг бир бөлүгү. Көрүнүш болсо андай эмес.

Мына ушул жактан психология окумуштуулары гарыйзалар маселесинде аларды түшүнүү жана саноо, кийин болсо санабоо жагынан ката кылышты. Акыйкатта болсо гарыйзалар үчкө бөлүнөт: бако гарыйзасы, нав гарыйзасы жана тадайюн т.а. улуулоо гарыйзасы. Инсан бако гарыйзасынан келип чыгып өзүн сактоого өтө өч болот. Мисалы, ал өзүн сактап калуу үчүн коркот, алдыга умтулат, адамдарга кошулат жана ушуга окшош башка иштерди аткарат. Ошондуктан, коркуу, мүлккө ээ болуу, адамдарга кошулуу – булар гарыйза эмес, балким, буга окшоштор бако гарыйзасынын бир көрүнүштөрү. О.э. аялга шахват менен майил болуу, энеге сый-урмат менен кароо, чөгүп жактан адамды куткарууга умтулуу жана бечараларга жардам берүү ж.б.у.с.лар нав гарыйзасынын көрүнүштөрү, жыныс (секс) гарыйзасы эмес. Себеби, жыныс инсанда да, айбанда да бар. Табигый болгондой, майилдик болсо инсанга карата инсанда, айбанга карата айбанда болот. Ал эми, инсандын айбанга карата майил болушу табигый эмес, балким, гарыйзадан ооп кетүү жана табиятка тескери. Ушундай эле, эркектин эркекке карата шахват менен майил болушу да гойритабигый жана ал адатка тескери түрдө жүзөгө келет. Демек, аялга шахват менен майил болуу, энеге же кызына мээримдүү болуу – булар нав гарыйзасынын көрүнүштөрү. Бул гарыйза инсаний навды (адамзат түрүн) сактап калуу үчүн белгиленген. Ошондуктан, инсандын айбанга карата о.э. эркектин эркекке карата сексуалдык жактан майил болушу табиятка тескери.

О.э. Аллахка ибадат кылууга, баатырларды улуулоого, күчтүүнү урмат кылууга майил болуу тадайюн, улуулоо гарыйзасынын көрүнүштөрү. Себеби, инсан табиятында жашоо үчүн күрөш жана бакийликке (түбөлүктүүлүккө) умтулуу туйгусу бар. Ошондуктан, жашоосуна кооп туудуруучу бирер нерсе пайда болсо, анын кайсы түрдөн экенине карай коркуу же эрдеңүү, берешендик же сараңдык кылуу, обочолонуу же адамдарга кошулуу сыяктуу аракетке үндөөчү туйгу пайда болот да, урунуу жүз берет.

О.э. инсанда инсаний навды сактап калуу туйгусу бар. Себеби,

инсандын фаний (өлүүчү) болушу анын бакий (түбөлүк) калышына т.а. тукуму сакталып калышына коркунуч туудурат. Демек, анын нав-тукумун сактап калууга коркунуч туудуруучу бирер нерсе пайда болсо, бул коркунучтун кандай даражада экендигине карай сезим ойгонот. Мисалы, чырайлуу аял анда шахватты, эне мээримди, перзент ырайымды козгойт. Козголгон туйгу аны аракетке үндөйт жана натыйжада кээде бири-бирине шайкеш, кээде бири-бирине тескери аракеттер жүз берет. Инсандын тукумду сактап калууга ажиздик (алсыздык) кылышы анда башка бир туйгуну козгойт. Т.а. баш ийүү жана моюн сунууга акылуу деп билген нерсесине баш ийет. Натыйжада инсан Аллахка сыйынат, башчыны алкыштайт жана күчтүүнү урмат кылат. Бул болсо табигый ажиздикти сезүүдөн келип чыгат. Демек, гарыйзалардын асли: бако (жашоо үчүн күрөш), тукумду түбөлүк сактап калуу (нав), табигый ажиздик-алыздыкты сезүү туйгулары болуп, бул туйгулардан аракеттер келип чыгат. Бул аракеттер табигый аслдыктын көрүнүштөрү болуп, алар ошол үч аслдын биринен пайда болгон. Ушул себептүү гарыйзалар үч жана үчтөн ашык эмес.

Инсанда тирүүлүк күчү (хаятий такаат) бар. Бул тирүүлүк күчүндө инсанды муктаждыктарын кандырууга үндөөчү табигый сезимдер бар. Туйгу же сезимдер болсо кандырууну катъий талап кылат. Алардан кандырууну катъий талап кыла турганы бар, эгер кандырылбаса инсан өлөт. Себеби, ал тирүүлүк күчүнүн бар болушуна тиешелүү туйгу. Алардан кандырууну талап кыла турган, бирок, катъий талап кылбай турган туйгу да бар. Эгер кандырылбаса, инсан тынчсызданат, бирок, тирүү калат. Себеби, ал тирүүлүк күчүнүн бар болушуна эмес, тирүүлүк күчүнүн мухтаждыктарына тиешелүү туйгу. Ошондуктан, тирүүлүк күчүнүн бири катъий кандырылууну талап кылат жана ал ъузвий хаажаттар деп аталат. Мисалы, курсак ачышы, чаңкоо жана заара чыгаруу сыяктуу. Экинчиси кандырууну гана талап кылат жана ал гарыйзалар деп аталат. Гарыйзалар болсо үчөө: бако, нав жана диндарлык гарыйзасы.

Гарыйзалар жана инсандагы акыйкат ушул. Эгер Батыш окумуштуулары инсанды жана анын иш-амалдарын сезүүсүн аклий тарикат жолу менен көчүрүшкөндө, бул вакиъликти сезүүнү сабик маалыматтар менен тафсирлешкенде, анда ушул вакиъликтин акыйкатын тапкан болушар эле. Бирок, илимий тарикат жолунан жүрүшкөнү жана инсанга материя деп карап, анын иш-амалдарын материянын аракеттериндей деп ойлоолору аларды акыйкатты

билүүдөн чалгытты жана психология фанында гарыйзалар тууралуу жана башка псиихологиялык изилдөөлөрү жаатында ката тыянактарды чыгарышты. Социалдык фан (социология) жана тарбия фаны (педагогика) деп аталган нерселер илим эмес. Батышта т.а. Европада, Америка жана ага ээрчиген Россиядагы психология, социология жана тарбия тармагындагы окумуштуулардын изденүүдө илимий тарикат жолунан жүрүшкөнү о.э. илимий тарикатты бардык изденүүлөргө колдонгону аларды катага жана адашууга алып барды. Мындай абал бардык нерсеге илимий тарикатты колдонгон ар бир инсанды адашууга түшүрүшү анык.

Илимий тарикат фикрлөөдө туура, ката эмес. Лекин, илимий изденүүдө гана туура тарикат. Ошондуктан, аны илимий изденүүгө гана т.а. тажрыйбага (экспериментке) моюн сунуучу материяга гана колдонуу лазым. Анын илимий изденүүдөн башка жактарга иштетилиши ката. Илимий тарикат турмуштагы көз карашка (идеологияга) карата колдонулушу ката. Айрыкча, аны инсанга, коомго, табиятка, тарыхий жана ушуга окшош изденүүлөргө карата колдонуу туура эмес. Ал тажрыйбага моюн сунуучу материянын изилденишине гана колдонулушу керек.

Илимий тарикатты ар бир изденүүгө колдонуудагы ката илимий тарикатты фикрлөөгө негиз кылып алуудан келип чыккан. Аны фикрлөөгө негиз кылып алуу – ар бир нерсе анын үстүнө курула турган асл негиз болушуна, ар кандай изденүүгө негиз болуп калышына алып барды. Аны фикрлөөгө негиз кылып алуу – анын мыйзамдар, гарыйзалар, майлдар, таълим жана ушул сыяктуу – бул тарикатка дал келбей турган изденүүлөргө карата колдонулушун келтирип чыгарды. Бул болсо өз кезегинде психология, педагогика жана социология фандарындагы коммунисттик фикрлерди каталарга алып келди. Мунун үстүнө илимий тарикаттын фикрлерге негиз кылып алынышы үйрөнүлө турган көптөгөн маърифаттарды жокко чыгарып, алардын изилденишин токтотуп койду. Ошентип, көптөгөн бар нерселерди инкар кылууга себеп болду. Акыйкатта болсо, ал нерселер сезимдер менен сезилип турар эле.

Мындан тышкары, илимий тарикат күмөндүү, анда ката болушу мүмкүн. Ошондуктан, аны фикрге негиз кылуу мүмкүн эмес. Себеби, илимий тарикат нерсенин бар экени, анын акыйкаты, сыфаты тууралуу күмөндүү натыйжаны пайда кылат. Негизи, дүйнөдө ушундай бир нерселер да бар болуп, алардын чындыгында бар экени катъий болушу лазым. Ал эми, күмөндүү тарикат катъий

натыйжага алып барбайт. Ошондуктан, күмөндүү тарикат фикрлөөгө негиз болууга жараксыз.

Ушуга ылайык, фикрлөөнүн эки гана тарикаты бар, булар аклий жана илимий тарикаттар. Изденүү жана изилдөөлөрдөн кийин, булардан башка тарикат жок деген тыянак келип чыгат. Илимий тарикат маърифаттын түрлөрүнүн биринде гана жарактуу болуп, бул тажрыйбага моюн сунуучу материяны изилдөө түрү. Аклий тарикат болсо, ар кандай изденүүгө жарактуу. Ошондуктан, аклий тарикат фикрлөөгө негиз болушу зарыл. Аклий тарикаттан фикр келип чыгат жана ансыз фикр пайда болбойт. Аклий тарикат жардамында илимий акыйкаттарды мулахаза кылуу, тажрыйба өткөрүү жана ушул аркылуу идирек кылуу жүзөгө келет т.а. анын жардамында илимий тарикат вужудга келет. Анын жардамында мантыкий акыйкаттар түшүнүлөт. Анын жардамында тарых акыйкаттарын билүүгө болот жана ката тууралан ажыратып алынат. Анын жардамында барлык, инсан жана хаят жөнүндө жана алардын акыйкаттары тууралында куллий фикр жүзөгө келет. Аклий тарикат нерсенин бар экендиги жөнүндө катъий тыянак берет. Ал нерсенин махияты жана сыфаты жөнүндө күмөндүү натыйжа берсе да, бирок, анын бар экендиги жөнүндөгү натыйжа катъий. Демек, аклий тарикат нерсенин бар экендигине тыянак кылуу жагынан анык, катъий болуп, анын натыйжалары катъий деп эсептеши лазым. Ушуга ылайык, нерсенин барлыгы жөнүндө аклий натыйжа илимий натыйжага тескери келип калса, сөзсүз аклий тарикат алынат жана аклий натыйжага тескери келген илимий натыйжадан баш тартылат. Себеби, катъийлик алынат, күмөн болсо алынбайт.

Мындан белгилүү болгондой, каталык илимий тарикатты фикрлөөгө негиз кылып алып, аны нерселер үстүнөн өкүм чыгарууда үстөм кылып коюуда. Демек, бул катаны оңдоо керек жана аклий тарикатты фикрлөөгө негиз кылуу зарыл. Нерселер үстүнөн өкүм чыгарууда ага гана кайрылынат.

***МАНТЫК***

Ал эми мантыкий изденүү (логика) фикрлөө тарикаты эмес, балким, ал аклий тарикатка негизделген изденүү услубдарынын бири. Мантыкий изденүү мындай, анда бир фикрдин үстүнө башка бир фикр курулат, ушул аркылуу белгилүү бир натыйжага жетип барылат. Мисалы, доска жыгачтан. Кандай жыгач болбосун ал күйөт. Демек, доска күйөт. Дагы бир мисал: Союлган койдо тирүүлүк белгиси болгондо, ал албетте кыймылдар эле. Бирок, ал кыймылдабай жатат. Демек, союлган койдо тирүүлүк жок. Алдыңкы

мисалда ар кандай жыгач күйүшү жөнүндөгү фикр досканын жыгач экендиги жөнүндөгү фикрге байланды жана досканын күйүшү белгилүү болду. Кийинки мисалда союлган койдун кыймылдабашы, койдо тирүүлүк белгиси болсо кыймылдашы мүмкүндүгү жөнүндөгү фикрге байланды жана мындан союлган койдо тирүүлүк жоктугу белгилүү болду. Мына ушундай мантыкий изденүүдө – андагы байланган фикрлер туура болсо – анда тыянак да туура болот. Эгер ката болсо, тыянак да ката болот. Мурун келген фикрлерден келип чыккан шарт боюнча, ар бир маселе хиске (сезүүгө) барып такалышы керек. Ошондуктан, маселе аклий тарыйкатка барып такалат жана маселенин тууралыгын түшүнүү үчүн хис лазым. Ушул жактан да мантыкий изденүү аклий тарыйкат үстүнө курулган услубдардын бири болуп, анда жалган болуу жөндөмү да, адаштыруу да бар. Мантыктын тууралыгын аклий жактан текшерип жүрүүнүн ордуна, изденүүдө аклий тарыйкатты биринчи орунга коюу керек жана мантыкий услубду иштетпөө афзел.

Бул жаатта эки маселеге көңүл буруу зарыл.

1. Илимий тарыйкаттын маанилүү жактарынан бири, эгер силер изденүү алып бармакчы болсоңор, илимий тарыйкат изденүү алып барып жаткан нерсеңерде ар кандай рай жана ишенимди өчүрүп таштаныңарды талап кылат. Ошондуктан, изденүү илимий тарикатка негизделет жана ушуга негизделип «бул изилдөө илимий изденүү жана бул изденүү илимий тарыйкатка негизделди», дешет. Мунун жообу мындай, чындыгында мына ушул рай туура. Бирок, бул изденүү илимий тарыйкатка негизделбеген, балким, ал аклий тарыйкатка негизделген. Себеби, мавзу райга эмес, изденүүгө тиешелүү. Аклий изденүү вакиъликти сезүү органдары жардамында мээге көчүрүү менен, илимий изденүү болсо тажрыйба өткөрүү жана текшерүү менен болот. Бул аклий тарыйкатты илимий тарыйкаттан ажыратып турат. Адамдар нерсени сезет, анын барлыгын аклий тарыйкатка ылайык аныктайт. Нерсенин бар экенин тажрыйба жана текшерүү (мулахазо) далилдебесе, ал бар деп эсептелбейт. Демек, жыгачтын күйүүчү экенин билүү үчүн, аклий тарыйкатка ылайык, анын күйүшүн сезүүнүн өзү жетиштүү. Ал эми, илимий тарыйкат боюнча, анын күйүшүн аныктоо үчүн жыгач тажрыйба жана текшерүүдөн өткөрүлөт. Аклий тарыйкатта сабик маалыматтардын болушу зарыл иш. Илимий тарикат болсо, сабик маалыматтар болушу менен гана фикрлөө пайда болушуна карабастан, сабик маалыматтардан баш тартууну талап кылат. Бирок, мында сабик рай жана ишеним делгенде сабик тыянак

(хукм) жана маалыматтар назарда тутулат. Ошондуктан, сабик райлардын болушу фикр маанисиндеги рай эмес, балким, тыянак. Илимий тарыйкаттагы мавзу сабик рай жана ишенимдин бар экени эмес, балким, тажрыйба жана текшерүүлөр аркылуу шартталган маалыматтар көздө тутулган. Демек, илимий тарыйкаттын маанилүү жагы рай жана маалыматтар эмес, тажрыйба жана текшерүүдөн турат.

Эми сабик раъй жана ишеним изденүү убагында, алардан пайдалануу же пайдаланбоо, изденүүгө байланыштуу болушу же болбошу жөнүндө айта турган болсок, изденүү натыйжасынын туура болушу анын ар кандай сабик райдан сырткары болушун талап кылат. Башкача айтканда, изденүү алып барып жаткан темада инсандын зээниндеги рай жана тыянактарды алып таштоону талап кылат. Мисалы, менде Франция менен Албанияны бир мамлекет жана бир калк сыфатында бириктирүү мүмкүн эмес деген рай бар. Эми эки мамлекетти бир мамлекет жана бир калкка бириктирүү үчүн изденүү алып барып жатканда, мына ушул райдын бар болушу туура эмес. Себеби, ал изилдөөнү да, анын натыйжасын да бузуп коёт. Дагы бир мисал, менде ойгонуу өнөр жай, ойлоп табуулар жана таалим менен гана болушу мүмкүн деген рай бар. Эми калкымды же умматымды ойготуу үчүн изденүү алып барып жатканда, мен мына ушул райдан куру болушум зарыл. Дагы бир мисал, менин райым боюнча материялар ичинде эң кичине бөлүк атом болуп, ал майдаланбайт. Эми атомду экиге бөлүү же майдалоо үстүндө изденүү алып барып жаткан убакта, мен өзүмдөн ушул райларды өчүрүп жиберишим шарт. Инсан бир нерсе үстүндө изденип жаткан учурда, өзүнөн мурдагы ар кандай сабик райдан арылышы зарыл.

Бирок, изденүү убагында баш тартуу лазым болгон райлар жөнүндө ойлоп көрүлөт. Эгер бул райлар эч кандай күмөн жол таба албай турган катъий далил менен далилденген болсо, андай райды таштоо туура эмес. Себеби, катъийлик менен күмөн кайчы келип калса, катъийлик алынат жана күмөндөн баш тартылат. Ошондуктан, катъийлик күмөндөн үстөм болушу зарыл. Бирок, изденүү да, ага алып бара турган натыйжа да катъий болбосо, мындай абалда ар кандай рай жана ишенимден алыс болуу лазым. Сабик райдан алыс болуу изденүүнүн саламаттыгы жана натыйжанын тууралыгы үчүн зарыл. Бирок, изденүү күмөндүү болсо, анда катъий рай жана ишенимден баш тартуу дурус эмес. Балким, күмөндүү райдан баш тартуу лазым. Аклий тарыйкатта да,

илимий тарыйкатта да ушундай. Изденүүдөгү мусибат изденүүгө сабик райлардын аралашып калышынан келип чыгат.

Ал эми бир темадан чыкпоо – ар кандай райдан алыс болуу эле эмес, балким, ар кандай сабик райды таштоодон тышкары – изденип жаткан темага байлануу дегени. Мисалы, зайтун дарагынан май алуу боюнча изденип жатканда, ага башка бир изденүү, башка бир рай кошулуп калышы туура болбойт. Өнөр жай саясаты үстүндө изденүү алып барып жатканда, ага башка изденүү да, башка рай да кошулбашы лазым. Мында базар, пайда, кошула турган баа жөнүндө да ойлонулбайт, кыскасы, мамлекеттин өнөр жай саясатынан башка эч нерсе кошулбайт. Шаръий өкүмдөрдү истинбат кылуу үстүндө изденип жатканда, кызыкчылык, пайда туурасында, адамдардын райы жөнүндө ойлобоо керек, кыскасы, шаръий өкүмдү истинбат кылуудан башка нерсени ойлоо жаиз эмес. Ушул сыяктуу, зээнде ар бир изденүүнүн темасы боюнча чектелүү зарыл. Демек, бир темадан чыкпоо – ага сабик райдын аралашып калбашынан тышкары –изденүү предметинин өзүнө гана чектелүү жана андан ар кандай райды алыстатып, зээнди ушул предметке концентрациялоо дегени.

2. Мантык маселеси. Мантыкты алдоо жана адаштыруу касиети бар болуп, мыйзамчылык жана саясатка зыяндуу болуп эсептелет. Себеби, мантыктын тыянактары божомол болот, бул божомолдор мурунку фикрлердин үстүнө курулат жана анын туура же натуура экенин бардык абалдарда эле билүү оңой болбойт. Ошондуктан, бул божомолдордун натууралыгы кээде жашыруун болот, же болбосо, анын тууралыгы ката маалыматтар үстүнө курулган болот жана бул ката тыянактарга алып барат. Мындан тышкары, мантык карама-каршы тыянактарга алып келип коюшу мүмкүн. Мисалы, Куръан Аллахтын каламы, Аллахтын каламы болсо кадимий, демек, Куръан кадимий. Бул тыянактын тескерисинче, кимдир бирөө мындай тыянак кылат: Куръан араб тилинде, араб тили болсо жаралган, демек Куръан да жаралган. Кээде мантык адаштыруучу натыйжаларга алып барат. Мисалы, мусулмандар калак, ар кандай калак төмөн болот, демек, мусулмандар төмөн. Ошондуктан, мантыктын калпыстыктары коркунучтуу жана кээде катага, кээде адашууга, кээде кыйроого алып барат. Мантык ага менен байланып калган калктар жана улуттарды турмуш өнүгүүсүнөн ажыратып койгон. Мантык аклий тарыйкаттын услубдарынын бири болсо да, бирок, ал жемишсиз, ал тургай зыяндуу, андыктан, ал кооптуу кыйроолорго алып барат. Ошондуктан, аны инкар кылып эле

калбастан, андан этият болуу лазым жана мантык менен инсандардын ортосуна тосук коюу керек.

Мантык аклий тарыйкаттын услубдарынан болсо да, бирок, ал татаал о.э. алдоо жана адаштырууга майил болуп, кээде идирек кылуу көздөлгөн акыйкаттардын тескерисин келтирип чыгарат. Мунун үстүнө мантык илимин үйрөнүүгө мухтаждык болобу же ал табиатан мантыкийби, ага карабастан, вакиъни сезүүдөн эле натыйжага жетип барылбайт, балким, вакиъни сезүүнүн өзүнө гана жетип барылат. Ошондуктан, ал фикрлөөдөгү үчүнчү тарикат. Акыйкатта болсо, фикрлөөдө эки тарикаттан башкасы жок, ошондуктан, фикрлөөнүн бул услубунан качуу керек. Тыянактардын туура экенине ишеним пайда кылуунун эң туура жолу – аклий тарикатты түздөн-түз колдонушубуз. Аклий тарикат гана тыянактын туура экенине кефил болот. Фикрлөөдөгү табигый жана негиз болушу зарыл эсептелген тарикат – бул аклий тарыйкат. Аклий тарыйкат Куръан жана Ислам тарыйкаты. Куръанга назар ташталса, ал далилдерди келтирүүдө да, ахкамдарды баян кылууда да, аклий тарыйкатка негизделгенин көрсөтөт. Куръан ушундай далилдерди келтирүүдө:

﴿فَلۡيَنظُرِ ٱلۡإِنسَٰنُ مِمَّ خُلِقَ﴾

***«Эми инсан эмнеден жаралганына бир карасын!»*** [Торик 5]

﴿أَفَلَا يَنظُرُونَ إِلَى ٱلۡإِبِلِ كَيۡفَ خُلِقَتۡ﴾

***«Акыры алар төөнүн кандай жаратылганына карашпайбы?!»*** [Гошия 17]

﴿وَءَايَةٞ لَّهُمُ ٱلَّيۡلُ نَسۡلَخُ مِنۡهُ ٱلنَّهَارَ فَإِذَا هُم مُّظۡلِمُونَ﴾

***«Түн да алар үчүн*** *(Биздин кудуретибизди көрсөтүп тура турган)* ***бир аят-белги: Биз андан күндүздү чечип алышыбыз менен алар караңгылыкта калышат»*** [Ясин 37]

﴿مَا ٱتَّخَذَ ٱللَّهُ مِن وَلَدٖ وَمَا كَانَ مَعَهُۥ مِنۡ إِلَٰهٍۚ إِذٗا لَّذَهَبَ كُلُّ إِلَٰهِۭ بِمَا خَلَقَ وَلَعَلَا بَعۡضُهُمۡ عَلَىٰ بَعۡضٖ﴾

***«Аллахтын баласы жок жана Ал зат менен бирге бирер илах болгон эмес. Болбосо, ар бир илах өзү жараткан нерсе менен кетип, бир-биринен үстөм болуп алар эле*** *(яъни, ар бир «илах» өз өкүмүн өткөрүүнү каалап, натыйжада, жер-асман бузулуп кеткен*

*болор эле)»* [Муминун 91]

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ تَدۡعُونَ مِن دُونِ ٱللَّهِ لَن يَخۡلُقُواْ ذُبَابٗا وَلَوِ ٱجۡتَمَعُواْ لَهُۥۖ وَإِن يَسۡلُبۡهُمُ ٱلذُّبَابُ شَيۡـٔٗا لَّا يَسۡتَنقِذُوهُ مِنۡهُۚ ضَعُفَ ٱلطَّالِبُ وَٱلۡمَطۡلُوبُ﴾

***«Аныгы, силер жалбарып жаткан Аллахтан башка буттар баары биригишкенде да бир чымын жарата алышпайт, эгер чымын алардан бирер нерсени тартып алса, аны*** *(ошол чымындан да)* ***куткарып кала алышпайт.*** *(Демек, ошол буттардан)* ***суроочу*** *(мушрик)* ***да, суралуучу*** *(буттар)* ***да алсыз»***
[Хаж 73]

﴿لَوۡ كَانَ فِيهِمَآ ءَالِهَةٌ إِلَّا ٱللَّهُ لَفَسَدَتَا﴾

***«Эгер*** *(жер-асманда)* ***Аллахтан башка кудайлар болгондо, экөөсү тең бузулуп кетер эле»*** [Анбия 22]

Дагы ушуларга окшош аяттар туура тыянакка жетишүү үчүн, вакиъликти көчүрүүгө сезүү органдарын иштетүүнү буюрат. О.э. Куръан ахкамдар жаатында мындай дегенине күбө болосуңар:

﴿حُرِّمَتۡ عَلَيۡكُمۡ أُمَّهَٰتُكُمۡ﴾

***«Силер үчүн энелериңер харам кылынды»*** [Ниса 23]

﴿حُرِّمَتۡ عَلَيۡكُمُ ٱلۡمَيۡتَةُ﴾

***«Силерге өлүмтүк харам кылынды»*** [Маида 3]

﴿كُتِبَ عَلَيۡكُمُ ٱلۡقِتَالُ وَهُوَ كُرۡهٞ لَّكُمۡ﴾

***«Силерге жакпаса да, согушууңар фарз кылынды»***
[Бакара 216]

﴿فَمَن شَهِدَ مِنكُمُ ٱلشَّهۡرَ فَلۡيَصُمۡهُ﴾

***«Анан, силерден ким ушул айга күбө болсо, орозо тутсун»***
[Бакара 185]

﴿وَشَاوِرۡهُمۡ فِي ٱلۡأَمۡرِ﴾

***«Иштериңде алар менен кеңешкин»*** [Аали Имрон 159]

﴿أَوۡفُواْ بِٱلۡعُقُودِ﴾

***«Акд-убадаларга тургула!»*** [Маида 1]

﴿بَرَآءَةٞ مِّنَ ٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦٓ إِلَى ٱلَّذِينَ عَٰهَدتُّم مِّنَ ٱلۡمُشۡرِكِينَ﴾

***«****(Эй муминдер, бул)* ***Аллах жана Анын расулу тарабынан – силер*** *(өз ара урушпоо тууралуу)* ***ахд-келишим кылган мушриктерге – ара ачыктык*** *(жарыясы)****»*** [Тауба 1]

﴿وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلۡبَيۡعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰاْ﴾

***«Аллах сооданы халал, рибааны харам кылган»*** [Бакара 275]

﴿فَقَٰتِلۡ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ لَا تُكَلَّفُ إِلَّا نَفۡسَكَ﴾

***«Демек,*** *(эй Мухаммад)****, Аллах жолунда согуш кылгын. Арийне, сен өзүң үчүн жоопкерсиң»*** [Ниса 84]

﴿حَرِّضِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ عَلَى ٱلۡقِتَالِ﴾

***«Муминдерди согушка чакыргын!»*** [Анфаал 65]

﴿فَٱنكِحُواْ مَا طَابَ لَكُم مِّنَ ٱلنِّسَآءِ مَثۡنَىٰ وَثُلَٰثَ وَرُبَٰعَ﴾

***«Силерге никеси адал болгон аялдарга экиден, үчтөн, төрттөн үйлөнө бергиле»*** [Нисаа 3]

﴿فَإِنۡ أَرۡضَعۡنَ لَكُمۡ فَـَٔاتُوهُنَّ أُجُورَهُنَّ﴾

***«Эми эгер*** *(талак кылган аядарыңар)* ***силер үчүн*** *(бала)* ***эмизишсе*** *(яъни, өздөрүнүн силерден болгон балдарын эмизишсе)****, анда алардын*** *(эмизгендиктери үчүн)* ***ижара-акыларын бергиле»***
[Талак 6]

Ушуга окшош аяттардын баары сезиле турган вакиъликке, сезиле турган ахкамдарды берет. Ахкамдарга тиешелүүбү, же ахкамдар келтирген вакиъге тиешелүүбү, баары бир, бул аяттарды түшүнүү аклий тарыйкат менен болот т.а. алардын колдонулушу мантыкий услуб менен эмес, аклий тарыйкат жана түздөн-түз услуб менен ишке ашат. Аллах Тааланын:

﴿لَوۡ كَانَ فِيهِمَآ ءَالِهَةٌ إِلَّا ٱللَّهُ لَفَسَدَتَا﴾

*«Эгер (жер-асманда) Аллахтан башка кудайлар болгондо, экөөсү тең бузулуп кетер эле»* [Анбия 22]
деген сөздөрүн мантыкий услуб деп ойлошот, бирок, бул алгачкы фикр аркылуу эмес, түздөн-түз услубда келген. Кала берсе, бул аят бири-бирине байланыштуу мурунку фикрлерди үстү-үстүнө куруу аркылуу эмес, балким, вакиъликти сезүүнү мээге узатуу аркылуу фикрлөөнү талаб кылып келген. Ушуга ылайык, аклий тарыйкаттын өзү гана инсандар жүрүүлөрү лазым болгон жол. Фикрлөө туура болушу үчүн, натыйжасы күмөндүү нерселерде тууралыкка жакын

болушу үчүн, фикрлөөдө эң ылайык услуб ушул. Себеби, бардык нерсе фикрлөөгө байланыштуу болуп, бул инсандын эң кымбат жана жашоосу үчүн зарыл нерсеси. Жашоо кайфияты да фикрлөөгө байланыштуу. Ошондуктан, фикрлөө тарыйкатына катуу умтулуу зарыл.

Өзгөрүүлөргө жана көп түрдүүлүккө байланыштуу, фикрлөө акыйкаттарды түшүнүүдө да, окуяларды жана нусустарды түшүнүүдө да, эч бир айырмасыз, (акыйкаттан) адашууга жана алысташууга бута. Ошондуктан, фикрлөө тарыйкаты туурасында изденүү алып баруунун өзү жетиштүү эмес. Балким, түрдүү абалдар, окуялар жана нерселер туурасында фикрлөө туурасында изденүү зарыл. Ошондуктан, бардык нерсе туурасында, алардын катарында фикрлөө жайиз болгон нерселерде да, жайиз болбогон нерселерде да (б.а. эмне фикрлөөгө предмет боло алат да, эмне боло албайт) фикрлөө туурасында изденүү алып барылат. Барлык, инсан жана тирүүлүк о.э. жашоо, акыйкаттар, услубдар, васиталар, гоялар, максаттар жана башка фикрлер жөнүндө изденүү алып барылат. Буга кошумча угулуп жаткан кеп, окулуп жаткан сөз жөнүндө т.а. ибараларды түшүнүү фикри туурасында да изденүү алып барылышы лазым.

Фикрлөө жараяны жүзөгө келе турган (жарий) же келбей болбой турган нерселер жөнүндө айтсак, бул анык болсо да, бирок татаал маселе болгондуктан, көп адамдарды, жада калса муфаккирлерди да адаштырып жиберет. Аныктык жагы, акылдын аныктамасын же акылдын маанисин жакшы билүү – вакиълиги бар нерселерде фикрлөө жүзөгө келишин талаб кылат. Себеби, фикрлөө амалияты – бул сезүү органдары жардамында вакиъликти мээге көчүрүү. Эгер сезиле турган вакиълик болбосо, фикрлөө амалияты да жүз бербейт. Вакиъликти сезүүнүн жоктугу – фикрлөө жүзөгө келишинин жоктугу. Ал эми, чиеликтен турган изденүү болсо, көптөгөн муфаккирлердин вакиълиги жок нерселер жөнүндө изденүү алып барышканынан көрүнөт. Грек (юнан) философторунун фикрлери вакиълиги жок нерселер жөнүндө изденүүдөн башка нерсе эмес. Мээни спецификалык бөлүктөргө бөлүү жөнүндөгү изденүүлөр да ушул сезилбей турган нерселерди изилдөөгө кирет. Аллахтын сыфаттары, жаннат, жаханнам жана периштелер маселеси да – сезүү мүмкүн болбогон нерселер туурасында изденүүдөн башка нерсе эмес. Мындан сырткары, адамдар массалык түрдө вакиълиги жок, же вакиълигин сезип болбой турган иштер жөнүндөгү фикрлеп калды. Ошондуктан,

фикрлөө жараяны жүзөгө келе турган жана жүзөгө келбей турган нерселер туурасында изденүүнүн татаалдыгы ушунда.

Урматталган жана акыйдаларды камтыган көптөгөн маърифаттар ичинде фикрлөө жүзөгө келбей турган предметтер бар. Акылдын аныктамасы жана аклий тарыйкаттын фикрлөөгө негиз кылып алынышы – вакиълиги жок, сезүү мүмкүн болбогон нерселерде фикрлөө жарий болбошун жана мындай жараян аклий амалият деп аталбашын талаб кылат. Мисалы, биринчи акыл, экинчи акыл жана башка ушул сыяктуу сөздөр куру кыял жана фараздар. Алардын сезүү мүмкүн болгон вакиълиги жок. Алар кыял аркылуу элестетилгенде, элестеги назариялар менен тыянак чыгарылган. Демек, алар аклий амалият эмес. Бардык божомолдор, ал тургай математика фанына тиешелүү болсо да, фикрлөө да, аклий амалият да эмес. Ушул себептүү айтсак, грек философиясынын баары фикрлерден турбаган жана анда аклий амалият да жок, ошондуктан, аны фикрлөө үчүн предмет деп эсептөө туура эмес. Ушундан улам, аны фикрлөө натыйжасы деп эсептөөгө болбойт, анткени, анын үстүндө эч кандай фикрлөө болбогон жана эч кандай аклий амалият аткарылбаган, ал куру кыял жана фараздардан башка нерсе эмес.

Мисалы, мээ бир нече бөлүктөргө бөлүнөт жана анын ар бир бөлүгү өзүнчө илимдерге адистешкен деген сөз фараз жана куру кыял болуп, бул сөздүн вакиълиги жок. Себеби, мээнин сезилген вакиълиги боюнча, ал бөлүктөргө бөлүнбөйт жана бөлүштүрүлүшү сезилбейт. Себеби, мээ аклий амалиятты аткарат, аны сезүү мүмкүн эмес. Бөлүккө бөлүнөт деген сөз вакиъликке тескери, буга кошумча, ал сезүүнүн натыйжасы эмес. Ошондуктан, педогогика фанындагы нерселердин баары эле фикрлер болуп эсептеле бербейт, анткени, алардын айрымдары аклий амалияттын натыйжасы эмес, балким, куру кыял жана фараздар гана.

Мисалы, Аллахтын кудуреттүүлүк жана кудуреттүү болгондук сыфаты бар. Кудуреттүүлүк сыфатынын кадимий ыхтыярий таандыктык жана азыркы ыхтыярий таандыктыгы бар деген сөз ж.б.у.с. Аллахтын сыфаттарына аклий далилдерди келтирүү – булардын баары фикр да, фикрлөөнүн натыйжасы да эмес. Себеби, мында аклий амалият аткарылган жок, анткени, аны адам сезе албайт.

Аклий амалият т.а. фикрлөө инсандын сезими түшкөн вакиълик аркылуу жүз берет. Бирок, ушундай бир иштер жана нерселер бар болуп, алардын вакиълиги бар болот, лекин, бул вакиъликти инсан

сезе албайт. Бирок, анын асарын (таасир-белгисин) сезүү органдары сезе алат жана мээге узатат. Ушул түрдөгү иштерге аклий амалият жарий болушу, фикрлөө жүз бериши мүмкүн. Лекин, фикрлөө затына эмес, бар экенине (вужуд) колдонулат. Себеби, сезүү жардамы менен мээге көчкөн нерсе анын асары болуп, бул анын махиятына эмес, бар экенине далалат кылат. Мисалы, самолёт көз менен көрүп болбой турган, бирок, кулак менен уга турган даражада бийиктикте учуп баратса, инсан аны үнү аркылуу сезиши мүмкүн жана бул нерсенин бар экенинен далалат берет, бирок, бул самолёттун махиятын түшүндүрө албайт. Себеби, угулган үн бар нерсенин үнү, инсан сезими бул самолёттун үнү экендигин ажыратып берет. Демек, аклий амалият бул орунда самолёттун бар экени жаатында болду т.а. самолёттун бар экени жөнүндө фикрленди жана ал бар деп тыянак чыгарылды. Негизи, сезүү самолётко түшкөн жок, анын асарына түштү, натыйжада акыл асардын бар экенинен самолёттун бар экени жөнүндө тыянак чыгарды. Туура, реактивдүү самолёттун үнүн жүргүнчү ташуучу самолёттун үнүнөн ажыратуу мүмкүн жана үндүн түрүн айырмалоо аркылуу самолёт экендигине тыянак чыгарылгандай, самолёттун түрүн да айырмалап тыянак чыгаруу мүмкүн. Бирок, анын реактивдүү самолёт же болбосо жүргүнчү ташуучу самолёт экенин билүү, анын үнүнөн аныкталган. Кудум угулган үн самолёттуку экендиги аныкталгандай. Бирок, бул анын махиятына эмес, балким, асар-белгисин ажырата билүү аркылуу бар нерсенин түрүнө болгон тыянак. Кандай абалда болбосун, бул фикр. Себеби, сезүү органдары самалёттун асарын көчүргөнү үчүн фикрлөө жүз берди. Бул орунда самолёттун бар экени күмөндүү эмес. Себеби, сөз нерсенин махият-затын эмес, асар-белгисин сезген абалда инсанда фикрлөө вужудга келиши мүмкүндүгү жөнүндө болду. Үн самолёттуку экендиги күмөндүү болсо да, үн чыгарган нерсенин өзү бар экени жөнүндөгү тыянак катъий. Аклий тарыйкаттын натыйжасы күмөндүү болушу да, катъий болушу да мүмкүн. Бул мээге көчүргөн сезүү жана ушул вакиъликти түшүндүрө турган маалыматтардын кандай экенине байланыштуу.

Бирок, сезүү түшпөй турган нерселерге колдонулган бул фикрлөө сезүү белгисине түшкөн болсо да, анын бар экени сезилди деп эсептелет. Ошондуктан, нерсеге, анын бар экени жөнүндө фикр түзүлүшү туура болот, муну менен бирге сезүү далалат кылган нерселер жөнүндө фикр пайда болушу жана анын түрүн айырмалап бериши да туура. Бирок, мындан башка нерселер жөнүндө фикр

ойгонушу мүмкүн эмес, ушул себептүү бул фикрлөө деп айтылбайт. Мисалы, нерсенин сыфаты (сыпаты) бар, бирок, асары (белгиси) жок маселелерге сезим түшсө жана мына ушул сыфаттар нерсе үстүнөн тыянак чыгарууга васита кылып алынса, бул анын белгисине карата фикрлөө жарий болгонун түшүндүрбөйт. Мисалы, Америка эркиндик фикратын (идеясын) кабыл алса, бул анын колонизатор мамлекет эместигин түшүндүрөт. Себеби, колонизатордук калктарды кул кылуу дегени жана бул эркиндик фикратына тескери келет. Мына ушул алгачкы фикр т.а. Америка тарабынан эркиндик фикратынын кабыл кылынышы, Американын өз мамлекетинин сыртындагы белгилеринин бири эмес, балким, сыфаттарынан бири. Демек, нерсенин мына ушундай сыфатка ээ болушу анын белгиси экенин түшүндүрбөйт, ушул себептүү ал фикрлөөнүн предмети боло албайт. Бул сыфат болсо сезим бардык иштер жаатында тыянак чыгаруу мүмкүн болгон мээге көчүрүлүүчү предмет эмес, балким, предметке гана хос болгон сыфаттардын бири болуп эсептелет, ал предметтин белгилеринен болуп эсептелбейт. Ошондуктан да, бул сыфат васитасында иштер үстүнөн тыянак чыгарылбайт. Себеби, иш-аракеттер инсандын белгилүү бир сыфат менен сыфатталганы акыбетинде вужудга келбейт, балким, ар түрдүү маанилери жана сыфаттарын этибарга алуудан жүзөгө келет. Мисалы, Ислам азиздик дини, бирок, бул мусулман адамдын азиз экендигин түшүндүрбөйт, себеби, азиздик дин эмес, балким, анын сыфаттарынын бири. О.э. инсан динди кабыл алган учурда, бул анын ушул дин менен чектелип калышын түшүндүрбөйт. Ошондуктан да азиздик диндин белгилеринен эмес, сыфаттарынан бири. Дин менен чектелүү да анын белгилеринен эмес, сыфаттарынан. Ушул себептүү мында фикрлөө жарий болбойт, балким, бул фараздын өзү. Демек, фикрлөө боло турган нерсе, нерсенин сыфаты эмес, белгиси. Себеби, белгини сезим менен көчүрүү мүмкүн, бирок, сыфатты сезип болбойт, ошондуктан, аны сезүү органдары жардамында көчүрүү мүмкүн эмес. Ооба, сыфат сезиле турган нерселерде көрүнүшү да мүмкүн, бирок, мында фикрлөө анын белгисине эмес, нерсенин өзүнө карата болот. Ушул жагынан нерселердин сыфаттарын анын белгиси үстүнөн тыянак чыгаруу үчүн васита кылуу мүмкүн эмес. Башкача айтканда, фараздар тыянак кылуу үчүн васита боло албайт, себеби, аларга сезим түшпөйт. Туура, кээ бир фараздар сезүү органдары түшө турган нерселерге баштапкы мантык катары байланышы мүмкүн, эгер ушундай болсо, ал фараз эмес, факт делинет. Фараздар

божомол гана болуп, ал сезүү эмес жана сезүүдөн келип чыккан баа да эмес. Ошондуктан, фараз жана хаял(кыял)дарды фикрлер деп эсептөө ката.

Кээде мындай деп айтылышы мүмкүн: «Фикрлөөнү сезим түшө турган же сезим анын белгисине түшө турган нерселерге чектеп коюу т.а. фикрлөөнү сезиле турган нерселерге чектеп коюу – илимий тарыйкатты фикрлөөнүн негизи кылып коёт, себеби, илимий тарыйкат жалаң гана сезиле турган нерселерге ишенет. Ошондой болгон соң, аклий тарыйкат эмне болот?» Буга жооб төмөндөгүдөй: Илимий тарыйкат сезиле турган нерселерди эксперимент жана мулахазага моюн сундурууну шарт кылат жана жалаң сезүү менен гана чектелбейт. Ошондуктан, жалаң сезилген нерселерде гана жарий боло турган фикрлөө эксперимент жана мулахазага моюн суна турган сезилүүчү нерселерди өз ичине алуу менен бирге, сезилишинин өзү жетиштүү болгон нерселерди да өз ичине алат. Бул илимий тарыйкат фикрлөөгө негиз болот дегени эмес, балким, туура фикрлөө амалияты дегени. Себеби, илимий тарыйкатта нерсе сезиле турган болушу менен бир катарда, эксперимент жана мулахазага моюн сунушу да шарт. Фикрлөөнү сезилүүчү нерсеге чектөө мына ушул аклий тарыйкаттын талабы. Акылдын аныктамасына негиз – сабик маалыматтардын бар экени эмес, балким – сезилүүчү вакиълик. Маалыматтар болсо сезилүүчү нерсе тууралуу фикрлөө жарий болушу үчүн зарыл болгон шарттар, алар болбосо, сезүү эле болуп калат. Фикрлөөдөгү асл нерсе – сезилүүчү вакиъликтин болушу, кадар кылынган же барлыгы кыялдан өткөн нерсе эмес. Ошондуктан, "биринчи инсандын фикрлөөсү фалан таризде болуп өткөн эле" делинсе, бул фикрлөө болуп эсептелбейт. Себеби, биринчи инсан сезилүүчү эмес, ошондуктан, азыркы инсанга каралат жана фикрлөө кандай болушун билүү үчүн ага этибар берилет. Изденүү натыйжасында колго киргизилген тыянак бардык инсан жынысына туура келет. Себеби, алар бири-биринен айылмаланбай турган бир жыныс жана бир түргө кирет, изилденген адамдагы бар нерселер башка адамдарда да бар. Бул кудум топурактын атомуна окшойт. Топурактын бир атомунан колго киргизилген натыйжа топурактын бардык жынысына жана түрүнө ылайык келет. Маанилүүсү, фикрлөө жарий болгон нерсе вакиъликке ээ болсун. Сезилбей турган же белгиси сезилбеген ар кандай нерсе тууралуу фикрлөө жүзөгө келбейт.

Ушуга ылайык, чыгарылган тыянактар жана алынган

маалыматтардын вакиълиги жок болсо, же бар экени хаялий фараздан турса, фикр болуп эсептелбейт же болбосо акылдын натыйжасы деп эсептелбейт. Себеби, акыл сезилген же белгиси сезилген вакиъликсиз иштей албайт. Арийне, фикрлөө жалаң вакиъликте же болбосо вакиъликтин натыйжасында гана жарий болот. Ошондуктан да, жогорудагыдай фикрлер делинип жаткан нерселер (фараз, хаял) китебтерде жазылган болобу, же икаяларда айтылабы – баары бир, алар акылдын натыйжалары делинбейт, арийне, фикр деп эсептелбейт.

Бул орунда фикрлөөчү шахска көрүнбөгөн же анын сезимине түшпөгөн гойиб нерселер жөнүндө “гойиб нерселерде мээни иштетүү фикрлөө болбойбу, гойиб нерселер жөнүндө айтылган сөздөр фикр эмеспи” деп айтылышы мүмкүн. Буга жооб мындай, фикрлөөчү шахска көрүнбөгөн нерселер гойиб эмес, балким, бар нерсе болуп эсептелет. Себеби, сезүүнү көчүрүү дегенде жалаң гана фикрлөөчүнүн көрүшү эмес, балким, ар кандай инсандагы ар кандай көчүрүү назарда тутулат. Мисалы, бир шахс Мекке шаары жана Байтул Харам тууралуу ойлосо, бирок, аны көрбөгөн болсо, бул анын сезилбей турган нерсени ойлоп жатканын түшүндүрбөйт. Балким, ал сезиле турган нерсени фикрлеп жаткан болот. Фикрлөөчүгө көрүнбөгөн сезилүүчү нерселер жөнүндө ойлонсо, фикрлөө деп эсептелет. Ошондуктан да, тарых фикрлерден турат деп эсептелет, миң жылдар аралыгында жазылган же айтылган болсо да, ал фикр деп кабыл кылынат. Байыркы маърифаттар да миң жылдар өтүшүнө карабастан, ушундай деп эсептелет жана аларга карата мээнин иштетилиши фикрлөө деп эсептелет. Телеграммалар аркылуу жолдонгон хабарлар канчалык алыс аралыктан келбесин, ага мээ иштетилсе, фикрлөө деп айтылат. Фикрлөөчүгө көрүнбөгөн нерсе гойиб эмес, балким, сезиле турган нерселер болуп эсептелет. Себеби, сезүү фикрлөөчүлөрдө гана болушу шарт эмес, балким, ага көчүрүлүш кээде аны угуу, кээде аны окуу жана кээде аны бирөө окуп берүүсү аркылуу болушу мүмкүн. Кеп маърифаттын сезилген вакиъликтен келип чыкса гана фикр болушу жөнүндө болуп жатат. Демек, сезилген вакиъликти же белгиси сезилген нерсени билүү фикр болот жана аларга мээ иштетилсе, фикрлөө болот. Ал эми, экөөсүнөн башкасы фикр болбойт жана башкасына мээнин иштетилиши фикрлөө болуп эсептелбейт.

Эми сезүүдөн гойиб болгон нерселер жөнүндө айта турган болсок, бул нерселер гоиб нерселер деп айтылат. Мындай гойиб

нерселердин жообу мындай, алгач аларга каралат, эгер туура сөз аркылуу катий накл кылынган болсо жана бар экени катъий далил менен далилденсе, ал фикр болот жана ага мээнин иштетилиши аклий тарыйкат т.а. фикрлөө деп эсептелет. Себеби, накл кылуучу жана ровийдин бар болушу сезим жана фикр жолу менен исбатталат, анын сөзүнүн тууралыгы да катъий фикр аркылуу сабит болду. Бул түпкүлүгүндө сезилген же белгиси сезилген нерсе аркылуу жүз берген. Мунун үстүнө, булагы бар экени да жана анын тууралыгы да катъий фикр менен далилденди. Ушул себептүү ал фикр болот жана ага мээнин иштетилиши фикрлөө деп эсептелет. Мында накл же риваят катъий далил менен далилденгенби же зонний далил мененби, айырмасы жок, себеби, фикр деп эсептелиши үчүн бар экенине да, тууралыгына да катъийлик шарт кылынат. Бирок, анын тууралыгы, көбүрөөк зонн (күмөн) жолу менен болсо да шарт. Демек, бар экени жана тууралыгы катъий далил менен далилденген гойибий нерселер фикр деп, ага мээ иштетилиши фикрлөө деп аталат. Бул гойибий нерселердин садыр болгону катъий жол мененби же күмөн жолу мененби, айырмасыз, туура чыкса болгону.

Ал эми нерселердин бар экени, чын экени, сабиттиги жана далалаты катъий болсо, аны катьий түрдө тасдыктоо зарыл, шектенүү дурус эмес. Эгер зонн-күмөндүү болсо, аны катьий болбогон түрдө (ор. неокончательно) тасдыктоо мүмкүн. Бул экөөсүндө тең мээнин иштетилиши фикрлөө болуп эстеплетет. Мындан маалым болушунча, мусулмандардагы мавжуд гойибий нерселер – ахад хадистерде же Куръани Каримде келишине карабастан, фикр деп, ага мээнин иштетилиши фикрлөө деп айтылат.

Бирок, бар экени да, чын экени да катъий болбогон нерселер фикр эмес жана ага мээнин иштетилиши фикрлөө болуп эсептелбейт, балким, хыял жана фараздар түркүмүндөгү хурофат гана болот.

Ушуга ылайык мындай гойибий нерселер фикр болбойт, ага мээнин иштетилиши фикрлөө деп айтылбайт. Бар экени жана чын экени катъий болуп, туура шекилде келген нерселерде гана фикр болот жана мээнин ага иштеши фикрлөө деп айтылат. Себеби, алар сезиле турган нерселерге таянган болуп, бар экени жана чын экени катъий нерселерден алынган. Мындан башка абалдарда гойибий нерселер фикр болбойт, ага мээнин иштеши болсо фикрлөө болуп эсептелбейт, себеби, ал сезиле турган нерселерден эмес. Демек,

фикрлөө – бул мээнин сезиле турган жана белгиси сезиле турган нерселерге иштеши болсо, фикр мына ушул иштөөнүн натыйжасы.

**Барлык (каинат), адам (инсан) жана тирүүлүк (хаят) тууралуу фикрлөө**

Барлык, адам жана тирүүлүк жөнүндө изденүү табият жөнүндө изденүү эмес. Себеби, табият барлык, инсан жана тирүүлүккө караганда жалпыраак. О.э. бул аалам жөнүндө изденүү да эмес, себеби, аалам Аллахтан башка бардык нерсе болуп, периштелер, жин-шайтандар менен бирге табиятты да өзүндө камтыйт. Ошондуктан, биз барлык, инсан жана тирүүлүк жөнүндө изденебиз деп айтсак, муну менен табият жана ааламдын изилденишин эмес, балким, жалаң мына ушул үчөөсүн назарда тутабыз. Себеби, инсан барлыкта жашайт экен, албетте ал адамды, барлыкты жана тирүүлүктү таанып-билет. Ошондой болгон соң, табияттын изилдениши аны кызыктырбайт. Себеби, табият жөнүндө изденүү анын өзү жөнүндөгү, тирүүлүгү жөнүндөгү жана өзү жашап жаткан барлык жөнүндөгү изденүүсүн алмаштыра албайт. Булардан башка периштелер, шайтандар сыяктуу нерселер жөнүндө изденүү да ага маанисиздей туюлат. Себеби, алар жөнүндөгү изденүү андагы түйүндү чечип бере албайт. Инсан өзүнүн вужудга келгенин сезет экен, айланасындагы тирүүлүктү жана өзү жашап жаткан барлыкты сезет. Ал нерселерди жана иштерди айырмалай алган убакыттан баштап, өзүнүн вужудга келишинен мурда, ата-энеси жана эң чоң бабасынын вужудга келишинен мурда бир нерсе бар беле же жок беле деп сурап-сүрүштүрүүнү баштайт. Өзүндөгү жана өзүнөн башка инсан баласындагы бул тирүүлүктөн мурда эмне болгондугун сүрүштүрөт. Ал көрүп, угуп турган бул жер, күн жана ай-жылдыздардан мурда эмне бар болгону жөнүндө т.а. алар азалий нерселерби же алардан мурда азалий нерсе бар беле деп сүрүштүрөт. Кийин мына ушул үч нерседен соң бирер нерсе болобу же жокпу деп т.а. алар түбөлүк ушул таризде калабы же жокпу деп сурап-сүрүштүрөт. Мындай сүрүштүрүү жана суроолор анда көп болот жана жашы чоңойгон сайын бул суроолор көбөйө берет, натыйжада анда эң чоң проблема-түйүндү пайда кылып, аны чечүүгө уруна баштайт. Бул сүрүштүрүү же суроолор вакиълик жөнүндөгү изденүү т.а. вакиъликти сезүү органдары жардамында мээге көчүрүү болуп, инсан ушул вакиъликти сезүүнү улантат. Бирок, андагы маалыматтар бул чоң түйүндү чечүүгө жетиштүү болбойт, чоңойгон сайын маалыматтар көбөйө берет жана өзүндөгү маалыматтар жардамында бул вакиъликти чечмелөөгө (тафсир)

урунат. Эгер бул вакиъликти чечмелөөгө кудуреттүү болсо, бул суроолор аны кайра тынчсыздантпайт жана эң чоң проблеманы чечет. Эгер ушул вакиъликти чечмелөөгө кудуреттүү болбосо, ал сурап-сүрүштүрүүдөн токтобойт, кээде эмненидир чечкенге окшойт, бирок, суроолор жаай берет. Ошондо ал проблеманы чече албаганын түшүнөт. Ушул таризде суроо жана сүрүштүрүүлөр чынжыры тээ анын табиятына дал келген жообго жетип барганга чейин уланып бара берет. Ошол жообго жеткенде, ал эң чоң түйүндү чечкенине ишенет жана суроолор чынжыры үзүлөт. Эгер ал мына ушул негизги түйүндү чече албаса, суроолор арты-артынан жаай берет жана кыйынчылыкта калат, бул проблема аны оор абалга түшүрүп коёт. Чечим туура болобу же катабы, аны чечмейинче өз турмушу тууралуу көңүлү тынчтанбайт.

Бул барлык, инсан жана тирүүлүк жөнүндө фикрлөө. Ал табигый жана качып кутулгус фикрлөө болуп, ар бир инсанда албетте вужудга келет. Себеби, инсандын мавжуддугу мына ушул фикрлөөнүн вужудга келишин талап кылат. Себеби, ал бу үч нерсени дайыма сезет. Бул сезим аны фикрге жетип барышы үчүн аракетке үндөйт. Ошондуктан, барлык, инсан жана тирүүлүк жөнүндөгү фикрлөө инсан вужудунда табийгый жана качып кутулгус. Себеби, ушул үч нерсени дайыма сезүүнүн өзү андагы маалыматтарды ишке салууну, болбосо керектүү маалыматтарды пайда кылууну же ал маалыматтарды башка бирөөдөн алууну талаб кылат. Ал өзүнүн ички үндөөлөрү менен бул проблеманы чечүүгө умтулат. Бул чоң түйүн өз чечимин талаб кыла, ар дайым адам менен бирге жүрөт. Бирок, адамдар сүрүштүрүүлөрүнө, жооб табууга т.а. негизги проблеманы чечүүгө жетишүү үчүн өтө көп аракеттерди аткарууларына карабастан, суроолордун мындай жаалышын ар түрдүү кабыл алышат. Кээ бирөөлөр мындай суроолордон качса, айрымдары тынымсыз жооб издейт. Алар балагат жашына толо элегинде эле аталарынан жооп алышат. Алар мындай суроолор менен төрөлбөгөн, а бирок айланасындагы нерселерди айырмалай баштаган убакта мындай суроолор капыстан пайда болот да, аталары жооп берүүгө шашылышат. Алар аталарына же иштерин башкарып жаткан кишилерге катуу ишенгендиктен, алынган жоопко канааттанып, ушуга хатыржам болушат. Балагат жашына жеткенде алардын көпчүлүгү алынган жоопторго канааттанган бойдон калышат. Азчылыгы жаштыгында алган жоопторуна канааттанышпагандыктан, бул сыяктуу суроолор аларда кайра-кайра пайда боло берет. Ошондуктан, ушул негизги

түйүндү чечүүдө алган жоопторуна карап, аларды өздөрү чечүүгө урунушат.

Демек, негизги түйүндү чечүү жөнүндө ойлоо т.а. инсан, барлык жана тирүүлүк жөнүндө фикрлөө ар бир инсанда учурай турган иш. Кээ бирөөлөр аны чечүүнү бирөөдөн үйрөнүшөт. Чечим үйрөнүү жолу менен болобу, же инсан өзү чечеби – эгер анын фитратына дал келип, көңүлү тынчтанса (тумаъмийнат – хатыржамдык), ал хатыржамдык бактысын сезет. Эгер чечим фитратына дал келбесе, инсан мындай чечимден хатыржам болбойт жана суроо-сүрүштүрүүлөр аны тынч койбой кыйнай берет. Ошондуктан, инсандагы чоң түйүндү фитратка дал келе турган чечим менен чечүү жөнүндө ойлоо зарыл.

Туура, чоң түйүндү чечүү жөнүндө ойлоо табигый жана качып кутулгус. Бирок, мына ушул фикрлөөнүн өзү кээде саламат (сахих), кээде сыркоо, кээде болсо фикрлөөдөн качып кылынган фикр болот. Бирок, кандай абалда болсо да, аклий тарыйкатка ылайык фикрлөө болот. Инсан, барлык жана тирүүлүк материя деп, материяга ыктаган кимселер инсан, барлык жана тирүүлүк жөнүндө фикрлөөдөн материя жөнүндө фикрлөөгө качышат. Табигый жана качып кутулгус фикрлөөдөн качуучу мындай урунуу сыркоо фикрлөөгө алып барат. Белгилүү болгондой, материя – лабораториялык изилдөөлөрдүн предмети, ал эми инсан, барлык жана тирүүлүк лабораторияга моюн сунбайт. Инсанда пайда боло турган суроолор аклий фикрлөөгө мухтаж болуп жатса, алар илимий фикрлөөгө өтүп алышат. Ошондуктан, сахих чечимди чыгаруулары мүмкүн болбойт да, акыбетте чалгытуучу чечим чыгарышат да, муну муну менен чоң түйүндү чечкендей болушат. Бирок, бул чечим фитратка дал келбейт. Мына ушул жактан да чечим калк же үммөт үчүн эмес, белгилүү бир адамдарга тиешелүү болуп калат.

Калк же умматта болсо чоң түйүн алардын фитраттарына жооб бербей турган таризде чечилип, проблема бүтпөй кала берет. Ал тургай, мына ушундай чечимге ыраазы болгон адамдарды да суроолор тынч койбойт.

Ал эми, мына ушул чоң түйүндү шахска (фард – жеке адамга) тиешелүү деп эсептей турган жана калкка сыфатында карабай турган, умматка уммат сыфатында карабай турган, бул суроолордун алардын турмуштук иштерине тиешеси жок деп биле турган кимселер мындай проблеманы чечүүдөн өздөрүн алып качышат, шахстарды, калкты жана умматты өз абалына таштап коюшат. Ушул

себептүү кыйынчылыктар шахстарды да, калкты да, умматты да таштабай, кыйнай берет жана шахстар да, жамият (коом) да калп эле хатыржам абалда жашайт. Түпкүлүгүндө, проблема чечимсиз калган болуп, нафсий жана фитрий тынчсызданyy адамдарды да, үммөттү да кыйнай берет.

Акыйкатында, чоң түйүндүн эки жагы бар:

Биринчиси, аклий жак т.а. акылга тиешелүү фикр жараянында. Экинчиси, инсандагы тирүүлүк кубатына т.а. кандырууну талаб кыла турган нерселерге тиешелүү жак. Фикрлөө тирүүлүк кубатын кандырууга байланышы лазым. Тирүүлүк кубатын фикр аркылуу кандыруу фикрлөөдөн келип чыгышы т.а. вакиъликти сезүү органдары жардамында мээге көчүрүү менен ишке ашышы лазым. Эгер кандыруу хыял жана фараздар аркылуу болсо, же сезиле турган вакиъликсиз болсо, анда хатыржамдык жүз бербейт жана чечим табылбайт. Эгерде фикрлөө кандыруу вужудга келбей турган нерселерди т.а. фитратка дал келбей турган нерселерди келтирип чыгарса, демек, бул фикр эмес, фараздар же сезүү гана болот. Ал көңүлдү тынчтандыра турган чечимге алып барбайт.

Демек, чоң түйүндүн чечими туура болушу үчүн фикрлөөнүн натыйжасы аклий тарыйкатка ылайык келиши жана тирүүлүк кубаты кандырылышы лазым. Мындай туура чечимден дайымий канааттануу жана хатыржамдык пайда болот. Ушул жактан инсан, барлык жана тирүүлүк жөнүндө фикрлөө маанилүү. Т.а. ал чоң түйүндү фитратка жооп бере турган таризде чечип, мындай суроолор кайра пайда болушуна жол койбошу лазым.

Мухтаждыкты тирүүлүк кубаты кандырууга аракет кылса, бул чоң түйүндү чечиши мүмкүн. Ажиз-алсыздыкты сезүү жана жардам берүүчү күчкө мухтаж болуу – булар чоң түйүндүн чечимине алып барышы жана бир катар суроолорго жооб кылышы мүмкүн. Бирок, бул жолдун акыбети ишеничсиз, эгер өз абалына таштап коюлса, бирер борборлошуу тарапка алып барбайт. Мисалы, диндарлык гарыйзасы мээде акыйкатка алакасы жок хыял жана фараздарды пайда кылышы мүмкүн. Ал тирүүлүк кубатын кандырса да, бут-санамдарга сыйынуу же олуяларды улуулоо сыяктуу ката абалында жүз берет. Ошондуктан, чоң түйүндү чечүүнү жана суроолорго жооб алууну тирүүлүк кубатына таштап койбош керек, балким, чоң түйүндү чечүү жана суроолорго жооб алуу үчүн инсан, барлык жана тирүүлүк жөнүндө фикрлөө керек. Бирок, бул жооб фитратка дал келиши керек т.а. жооб тирүүлүк кубатын кандырып, күмөнгө орун калтырбай турган болушу зарыл. Эгер бул чечим фитратка жооб

бере турган фикрлөө аркылуу пайда болсо, анда ал акылды канааттандырган жана калбды хатыржам кылуучу чечим болот.

***Жашоо жөнүндө фикрлөө***

Жашоо жөнүндө фикрлөөнү айтсак, тирүүлүк мухтаждыгын кандыруу т.а. тамак жеш сыяктуу узвий мухтаждыктарды же мүлккө ээлик сыяктуу гарыйзаларды кандыруу – булар инсанды жашоо-турмуш тууралуу фикрлетет, бул табигый жана качып кутулгус. Бирок, жашоо жөнүндө жашоо үчүн гана ушундай фикрлөө ойгонууга, бакытка т.а. дайымий хатыржам жашоого жетишүү үчүн аздык кылат. Ошондуктан, инсан ойгонууга жана дайымий хатыржамдыкка жетишүү үчүн, албетте, жашоо жөнүндөгү фикрлөөнү турмуштагы көз карашы негизине курушу зарыл. Инсандын барлыкта жашашы анын барлыктагы турмушун түшүндүрөт. Ошондуктан, инсандын жашоо жөнүндөгү фикрлөөсү өзү жашап жаткан мына ушул дүйнө турмушуна болгон көз карашына негизделиши зарыл. Жашоо жөнүндөгү фикрлөө дүйнө турмушуна болгон көз караштарына негизделбесе фикрлөөсү төмөн, чектелген, тар болуп калат, натыйжада, ойгонбой калат жана дайымий хатыржамдыкка жетише албайт. Ошондуктан, барлык, инсан жана тирүүлүк жөнүндө фикрлөө жашоо жөнүндөгү фикрлөөгө негиз болушу лазым. Туура, инсан өзүндө барлык, инсан жана тирүүлүккө болгон көз карашы бар болобу же жокпу, баары бир жашоо жөнүндө фикрлейт. Бирок, ал фикрлөөсү инсан, барлык жана тирүүлүк жөнүндө фикрлөөсүнүн о.э. турмушка болгон көз карашынын үстүнө курулмайынча, бул калак жана туруксуз фикрлөө болуп кала берет. Кеп эки фикрлөөнүн кайсы бири үстөм турушу жөнүндө эмес. Негизи, жашоо жөнүндө фикрлөө ар кандай фикрлөөдөн үстөм экендиги белгилүү. Кеп туруктуу хатыржамдык камсыздалган жогорку деңгээлдеги жашоо жөнүндө жүрүп жатат. Ошондуктан да, жашоо жөнүндө фикрлөө турмушка болгон көз карашка негизделиши шарт.

Туура, жашоо жөнүндө фикрлөөдө инсан өз жашоосунан үй-бүлөсү жана туугандарынын жашоосу жөнүндө фикрлөө деңгээлине көтөрүлөт, анан уруу-улутунун, анан умматтын жашоосу жөнүндө фикрлейт, анан бул фикрлөө бүткүл адамзаттын жашоосу жөнүндө фикрлөө деңгэлине көтөрүлөт. Мындай көтөрүлүү инсан табиятында бар болсо да, ал өз абалына таштап коюлса, жалаң өзү менен гана чектелип калат. Натыйжада, өз жашоосун гана жана өз жашоосуна байланыштуу нерселерди гана фикрлей турган эгоизм ага өкүмдар болуп калат. Анан, анын фикрлөөсү өзүнө гана

чектелбей, ал тургай, улуту жана умматын камтыса да – үстүнө курулушу лазым болгон негиз үстүнө курулбаса – анда ал өз жашоосу жөнүндө фикрлөө болгон бойдон калат, эгоизм анын аракеттеринен көрүнөт. Бул ойгонууга жана хатыржамдыкка алып барбайт. Ошондуктан, жашоо жөнүндө фикрлөөнү өз абалына таштап коюп, турмуштагы көз карашы үстүнө курбоо дурус эмес. Анткени, ал ойгонууга жана дайымий хатыржамдыкка алып барбайт, тескерисинче, хатыржамдыкка тоскоолдук кылат, калктардын калак жашоолоруна себеп болот.

Жашоо жөнүндө фикрлөө – тирүүлүк кубатын азыр же болушунча кандыруу үчүн фикрлөөнү түшүндүрбөйт, же өзү, үй-бүлөсү, улуту, умматы жөнүндө фикрлөө дегени да эмес. Ал барлыкта жашоочу инсан болгон соң, анын жашоо жөнүндөгү фикрлөөсү дайымий болушу керек, ал мүмкүн болушунча жогорку деңгээлде жашашы керек о.э. анын жашоосу – инсан катары – инсан жынысын сактап калуу гарыйзасы талап кылгандай уланышы лазым. Бул болсо жашоо жөнүндө фикрлөө турмушка болгон белгилүү бир көз карашка негизделбестен ишке ашпайт. Эгер ал ушул абалда калып кетсе, төмөндүктө калып кетет жана кризиске учурайт.

Фикрлөө турмушка болгон көз карашка негизделеби-жокпу, ал жоопкерчиликтүү (масъул) фикрлөө болушу керек: өзү максад кылган гояга жана жашоо гоясына умтулуучу жоопкерчилик; дагы да зор маанилүүсү, башкалар үчүн жоопкерчилик. Башкалар үчүн жоопкерчилик адамзат фитраты шарттаган жана жетекчилик шарттаган жоопкерчиликтерди камтыйт. Ата аялы, балдары, туугандары жаатында жоопкер. Уруу башчысы – жетекчи – ал уруу мүчөлөрү жаатында жоопкер. Ата, үй-бүлө мүчөлөрү о.э. уруу башчысы, уруу мүчөлөрү – булардын баары жашоо жөнүндөгү өз фикрлөөсүнөн келип чыккан гояларына жетишүү үчүн аракет кылышы керек, бирок, башкаларга карата жоопкерчиликти сезген абалда. Жоопкерчиликтүү фикрлөө жашоо жөнүндөгү фикрлөөнүн бир касиети болуп калышы зарыл, муну менен ал жашоо жөнүндөгү фикрлөөгө айланып кетсин. Себеби, жоопкерчиликсиз фикрлөө – айбандарда да болгон тирүүлүк кубатын кандыруу гарыйзасынан келип чыгып – ал инсанга ылайыктуу эмес о.э. инсан мындай фикрлөө менен калып калбашы керек.

Жашоо жөнүндө фикрлөө жоопкерчиликтүү фикрлөө болушу шарт. Ал ойгонуу жана дайымий хатыржамдык үчүн жетиштүү болбосо да, инсандын деңгээлин айбандык деңгээлден көтөрөт, мухтаждыгын гана кандыруудан турган айбандык талаптардан

айырмалуу түрдө, байлоого жөндөмдүү мээге ээ инсандын фикрлөөсүнө айландырат.

Жашоо жөнүндө фикрлөө турмушту бир калыпка салып берет. Ал адамга да, үй-бүлөгө да, туугандарга да, улутка жана умматка да турмушту белгилүү бир калыпта калыптандырып берет. Баарынан да, бүткүл адамзат үчүн турмушту калыптандырып берет. Т.а. жашоону маймыл жана чочколор жашоосуна, же алтын жана коло жашоого айлантат. Башкача айтканда, жашоону азиз, жыргал жана хатыржам жашоого айлантат, же бактысыз, кор, бир туурам нан артынан чуркаган жашоого айлантат. Капитализмдин турмушту белгилүү бир калыпка салып бергенине назар таштасак, бул калып бардык адамдарга мусибаттар алып келгенин көрөбүз. Капитализмдин калыбы адамдар ортосундагы мамилелерди дайымий касташкан алакага айланткан. Бул мени менен сенин ортобуздагы нан талашуу мамилеси т.а. нанды же мен жейм, же сен жейсиң, ортобуздагы күрөш дайыма ушундайча улана берет, ахыры бирибизге нан тиет да, экинчибиз андан куру калабыз. Же бирибиз экинчибизге өлбөстүн күнүн көрүш үчүн бир тиштем нан беребиз, анткени, биринчисинин нанын көбөйтүш үчүн экинчиси өлбөй турушу керек. Капиталисттик мындай калыпка назар ташталса, жашоо жөнүндө капиталисттик фикрлөө дүйнө турмушун бактысыздык жана апаат диярына, инсандар ортосундагы мамилени дайымий кастыкка айлантканы көрүнөт. Мейли, жашоо жөнүндөгү капиталисттик фикрлөө – инсан, барлык жана турмуш жөнүндөгү куллий фикрге негизделген болсо да, турмуш жөнүндөгү белгилүү бир көз караш үстүнө курулган болсо да, ушундай фикрлөө менен жашап жаткан калктар жана умматтарды ойготкон болсо да – бирок ошол калктар жана умматтарды бактысыз кылды, жада калса, бүткүл адамзатты бактысыздыкка кептеди. Ал колонизаторлук жана эксплуатация фикраттарын жаратты. Ал саналуу гана бир адамдарга ушундай шарттарды түзүп берет дейсиң, кызматкерлер же кулдар аларга тамактарын алтын табактарда алып келишет. Ушул эле учурда, башка көпчүлүк адамдар үй-бүлөсүнө нан күкүмдөрүн табыш үчүн өз улутунун, өз умматынын ичинде кулдукка да жетише албай жүрүшөт. Бай жашап жаткан Америкада, империялыкты көксөп жаткан Британияда, улуу болуу арзуусунда жүргөн Францияда турмуш ушундай таризде болууда. Колонизаторлук жана эксплуатация фикраты Европа жана Америкадан башка жерлерге келтирген кулдарлык жана кан соргучтукту айтпаса да болот. Булардын баары жашоо жөнүндө

фикрлөөдө башкалар жаатында жоопкерчиликсиз фикрлөөнүн айынан болуп жатат. Мындай фикрлөөдө үй-бүлө, туугандар, улут жана уммат жаатында жоопкерчилик көрүнгөндөй болсо да, бирок, акыйкатта ал жоопкерчиликтен алыс. Себеби, мында мухтаждыкты кандырууну кепилдей турган нерседен башка эч нерсе жок.

Социалисттик фикрат алгач кембагал жана эмгекчилерге жооптуу болуу фикрин пайда кылган болсо да, кийинчерээк турмуш каршысында турууга алсыздык кылды жана бара-бара аста-секин башкалар жаатында жоопкер болуудан алысташып, бул куру сөздөргө эле айланып калды. Башкалар жаатында жоопкерчиликтүүлүк фикринде капиталисттик фикрлөөдөн айырмаланбай калды жана өз вакиълигинде инсанийлик (гуманизм) фикратына караганда көбүрөөк улутчулдук фикратына айланып калды.

Ушуларга ылайык, жашоо жөнүндө фикрлөөсү турмуш тууралуу белгилүү бир көз караш үстүнө курулса да, бүгүн Европа, Америка жана Россияда т.а. дүйнөгө турмушту бир калыпка салып берип жаткан мамлекеттердин жашоо жөнүндөгү фикрлөөсүндө башкаларга карата жоопкерчилик жок. Кээде инсан жашоо жөнүндө фикрлөөнүн башкаларга карата жоопкерчиликсиз болушу төмөн адамда табигый болот деп түшүнүшү мүмкүн. Бирок, ал бир нерсени жакшы түшүнбөйт, жеке мухтаждыктарын кандыруу үчүн башкаларды кул кылуу жана эзүү аларда башкаларга жоопкер болуунун ордун ээлеп алган. Ошондуктан, бүгүнкү дүйнөдө өнүгүүдө жана ойгоо болушуна карабастан, инсандар, айрыкча, жакшы жашоого кудуреттүү инсандар жашоо жөнүндө фикрлөөсүнөн башкаларга жоопкер болууну алып таштаган. Ар кандай акыл ээси болгон адам дүйнөнүн жашоо жөнүндөгү фикрлөөсү алдыңкы эмес калактыгын, хатыржам эмес ташбиштүү экенин көрөт жана башкаларга карата жоопкерчиликтин жоголушу турмушка зыян, инсанга бактысыздык алып келет деп эсептейт. Ошондуктан, мындай фикрлөөдөн өтүп, башкаларга карата жоопкер болууну жашоо жөнүндөгү фикрлөөнүн ажыралгыс тутумдук бөлүгүнө айлантууга аракет кылуу зарыл.

Туура, нан инсан менен инсандын ортосундагы алаканы түзөт. Жашоо жөнүндө фикрлөө бул тирүүлүк мухтаждыгын кандыруу үчүн мына ушул нанга жетишүү тууралуу фикрлөө экендиги да туура. Бирок, инсан менен инсандын ортосундагы нан алакасы "мен жейм, сен жебейсиң" болушунун ордуна, "мен сени тойдуруу үчүн нан табам, сен мени тойдуруу үчүн нан табасың, мен жедим, сен

жедиң деп жаңжалдашпайбыз” деген алака болсо т.а. өз пайдасын ойлоочу эгоизм эмес, башканын кызыкчылыгын көздөөчү сахийлик алакасы болсо, бирөөнү эзип эмес, ага тартуу кылып кубанычка бөлөнсө, жакшы эмеспи? Төмөндөгү ыр-сапты жазган акындын Аллах жүзүн жарык кылсын:

«Сурап барсаң, карачы кубанганын,
Бербей эле, ал сенден алган сымал»,

Т.а. инсан бако гарыйзасынан келип чыгып бир нерсени алганда кубанса, лекин, деңгээли жогорулаган убакта бирөөгө нерсе берсе да кубанат. Бул да – мүлккө ээ болуу жана алуу сыяктуу эле – бако гарыйзасынын бир көрүнүшү болуп саналат.

Кеп жашоо жөнүндө фикрлөөнү бирөө жөнүндө фикрлөөгө айлантып коюуда эмес. Себеби, жашоо жөнүндө фикрлөө – бул инсандын өз тирүүлүк мухтаждыгын кандыруу жөнүндө фикрлөөсү дегени. Демек, ал өз-өзүнөн кандыруу менен дал келет жана саламат фикр болот. Кеп бирөөнүн мухтаждыгын кандыруу жөнүндө фикрлөөдө да эмес, балким, бирөө үчүн жоопкер болуу жөнүндө. Инсан бирөөдөгү тирүүлүк мухтаждыгын кандыруу үчүн жашоо жөнүндө фикрлебейт, балким, өз мухтаждыгын кандыруу жөнүндө фикрлейт. Бирок, башкаларга жоопкерчилик сыфаты менен фикрлеп жатканда, мүлккө ээ болуунун ордуна сахийлик көрүнүшүн, коркуунун ордуна мактоого татуу көрүнүшүн кандырат, ар эки абалда тең ал бако гарыйзасындагы тирүүлүк кубатын кандырат. Бирок, ал төмөндүк ордуна бийиктикти тандаган болот. Бул жашоо жөнүндөгү фикрди жоопкердикке айлантуу туурасындагы сөз болду. Башкаларга карата жоопкер болуу жашоо жөнүндөгү фикрлөөнү жогору жана бейпил жашоого жеткирүүчү фикрге айлантат.

**Акыйкаттар жөнүндө фикрлөө**

Ал эми, акыйкаттар жөнүндө фикрлөө башка ар кандай нерсе жөнүндө фикрлөөдөн айырмаланбаса да, бирок, акыйкаттардын, айрыкча, гойри маддий (материалдык эмес) акыйкаттардын белгилүү бир өзгөчөлүгү бар. Ошондуктан, ал кайсы бир жактан ар кандай башка нерселер жөнүндө фикрлөөдөн айырмаланышын этибарга алуу зарыл. Акыйкаттар жөнүндө фикрлөө – бул жүзөгө келген тыянактын сезүү аркылуу мээге көчүрүлгөн вакиъликке бүтүндөй дал келиши. Бул дал келүүчүлүк фикр далалат кылган нерсени акыйкатка айлантат жана ал акыйкат болсо фитратка табигый түрдө дал келет. Мисалы, коом алакалар жана инсандардан турат. Коомдун эмне экендиги үстүндө тыянак кылып

жатканда, анын акыйкаты жөнүндөгү бардык тыянактар аклий тарыйкатка негизделип жүргүзүлөт жана бул фикр болот. Бирок бул фикрдин акыйкат же акыйкат эместиги, ушул фикрдин вакиъликке дал келишине байланыштуу. "Коом адамдар тобунан турат" деп айтуучулар адамдардан турган жамаатты көрүп, коом белгилүү бир адамдар тобусуз пайда болбойт деп эсептешти жана мына ушул вакиъликти сезим органдары аркылуу мээлерине көчүрүштү, кийин аны сабик маалыматтар жардамында аныктап, "коом – бул адамдар топтому" деген тыянак чыгарышты. Бул тыянак да бир фикр. Бирок, бул фикрдин вакиъликке дал келиши же келбеши анын акыйкат же акыйкат эместигин билдирет. Мисалы, бул фикрди вакиъликке колдонгон убакта төмөнкүгө күбө болобуз, кемедеги саякатчылар жамааты – саны канча болушуна карабастан – коомду пайда кылбайт. Балким, алар адамдар тобу болушканы үчүн жамаатты гана пайда кылышат. Ушул эле учурда, белгилүү бир айылда жашай турган жамаат – саны канча болушуна карабастан – коомду түзүшөт. Айылды коомго айланткан жана кемеде коомду пайда кылбаган нерсе – бул айыл калкынын ортосунда туруктуу алака бар экени, ал эми кемедегилер ортосунда болсо туруктуу алаканын жоктугу. Демек, коомду түзө турган нерсе бул адамдар топтому эмес, балким, адамдар ортосундагы туруктуу алакалар. Мындан көрүнгөндөй, коомдун мындай таърифи фикр эсептелсе да, акыйкат эмес. Бул болсо өз кезегинде бардык фикр эле да акыйкат боло бербешин, балким, акыйкат болушу үчүн бул фикр тыянак кылынган вакиъликке дал келиши лазымдыгын түшүндүрөт.

Мисалы, насроний дини да бир фикр экендиги туура. Анда сезүү мээге көчүргөн нерсе «ата, уул жана ыйык рух – бул бир бүтүн нерсе. Бирок, алар өз-өзүнчө абалда үчөө болот. Күндө нур да, ысыктык да жана күн жисми бар, алардын баары бир бүтүн нерсе, бирок, ошол эле учурда, алар үчөө. Кудай да кудум ушундай: ата, уул жана ыйык рух». Кудай жөнүндөгү бул итикад фитрат менен т.а. диндарлык гарыйзасына шайкеш келип, фикрге айланган. Бирок, бул фикрдин вакиъликке дал келиши же келбеши анын акыйкат же акыйкат эместигин белгилейт. Аны вакиъликке колдонсок, үчөө бирөө эмес жана бирөө да үчөө эмес экенин билебиз. Күндө нур болушу жана ысыктык болушу анын үчөөлүгүн түшүндүрбөйт, балким, ал бирөө эле – ал күн, нур анын касиеттеринин бири, ысыктык да анын касиеттеринин бири. Мунун фитратка дал келишинин эч кандай мааниси жок. Анткени, диндарлык гарыйзасы кандырууну талаб кылат, бирок, аны

кандыруу болсо ката же табиятка тескери түрдө болушу да мүмкүн жана туура кандырылышы да мүмкүн. Кудайдын бир же үчөө экендигин далилдөө болсо – шарт боюнча фикрлөө фитрат менен шайкеш келиши лазым болсо да – фитрат жолу менен эмес, акыл жолу менен пайда болот. Демек, бул фикр кудайдын вакиълигине дал келбегени себептүү, ал акыйкат болбойт, демек, насроний дини акыйкат эмес.

Дагы бир мисал: Материя өзүнчө өнүгүшү жана мындан жаратуу жана жаралуу (ийжад) пайда болушу да фикр. Материянын сабит мыйзамдар жардамында бир абалдан экинчи абалга өзгөрүшү, мурда болбогон жаңы нерселер жаралышы жана бул жаратуу экендиги мээге көчүрүлгөн. Эми мунун вакиъликке дал келиш же келбеши анын акыйкат же акыйкат эместигин белгилейт. Аны вакиъликке колдонсок, төмөндөгүнү билебиз, бул материя нерселерди жоктон бар кылбайт, балким, мурун мавжуд болгон нерседен ийжад кылат. О.э. ага мыйзамдар коюлуп, андан чыгып кете албайт. Демек, материянын амалы жаратуу эмес жана ал жаратуучу эмес. Жогорудагы фикр жаратуучунун вакиълигине да, жаратуунун вакиълигине да дал келбейт, демек, анын акыйкат эместиги айкын болот.

Ушул сыяктуу эле, дүйнөдөгү бардык фикрлер фикр болсо эле акыйкат боло бербейт, балким, акыйкат болушу үчүн, фикр вакиъликке дал келиши лазым. Фикрдин акыйкат же акыйкат эместигин билүү үчүн ушул фикрди вакиъликке колдонуп көрүү зарыл, эгер ага дал келсе акыйкат болот, дал келбесе акыйкат болбойт. Акыйкаттар жөнүндө фикрлөө аклий амалияттын өзүн аткарууну гана билдирбейт, балким, аклий амалиятты да, андан пайда болгон фикрдин вакиъликке колдонулушун да түшүндүрөт. Эгер ага дал келсе акыйкат, дал келбесе акыйкат эмес. „Дүйнөдө вакиъликке дал келиши же келбешин билип болбой турган нерселер да бар, себеби, алар сезилбейт‟ деп айтылбайт. Мындай деш туура эмес, себеби, фикрлөөдө вакиъликти сезүү шарт. Сезиле турган вакиълик болбосо, фикр болбойт, демек, ал акыйкат эмес. Мисалы, Аллах фикр эмес, балким, акыйкат. Анын асар-белгиси т.а. жоктон жаралган махлукаттар хис-сезүү аркылуу мээге көчүрүлөт. Бул болсо бизге Аны бар деп тыянак чыгартат. Демек, Аллахтын бар экени акыйкат. Бирок, Аллахтын затын хис сезе албайт, ошондуктан бул жөнүндө тыянак чыгара албайбыз. Акыл аракет кылган жана кыла турган акыйкаттардын баарына хис түшөт. Демек, акыйкат хиске түшөт жана ага албетте акыл жолу аркылуу

фикрлөө жарий этилиши лазым.

Акыйкат туурасында фикрлөө – бул фикрди вакиъликке колдонуу (татбик). Эгер ал вакиъликке дал келсе акыйкат болот, дал келбесе акыйкат болбойт. Акыйкат туурасында фикрлөө жеке адамдарда болгону сыяктуу эле, калктар жана үммөттөрдө болушу зарыл. Айрыкча, мойнуна жоопкерчилик алган адамдар үчүн зарыл. Себеби, фикрлер катага жана адашууга көбүрөөк себеп болот. Ошондуктан, фикрди дароо эле акыйкат деп кабыл алуу туура эмес, балким, аны жөн гана бир фикр деп кабыл алып, андан кийин аны вакиъликке колдонуп көрүш керек, эгер ага дал келсе акыйкат болот, эгер дал келбесе, фикр болгону менен бирок акыйкат болбойт. Акыйкат туурасында фикрлөөдө же баарын башынан башташ керек б.а. аклий амалиятты аткарып фикрге жетип барыш керек, андан кийин бул фикрди вакиъликке колдонуш керек. Ошондо ал фикр акыйкат экендиги тууралуу тыянак чыгат. Эгер акыйкат болбосо, анда акыйкатты издөө лазым т.а. акыйкатка далалат кылуучу вакиъликке дал келе турган фикрди издөө керек. Же баарын башынан баштабастан, эгер алгачкы фикр болбосо, анда, бар фикрлерди кабыл кылып, акыйкатка жетүү үчүн аларды вакиъликке колдонуу керек.

Бул орунда эки ишке этибарды каратуу лазым:

Биринчиси, акыйкаттарда пайда боло турган чалгытуулар.

Экинчиси, акыйкаттарга жетип баруудан буруп жибере турган чалгытуулар.

Акыйкаттардагы чалгытуулар акыйкат же фикрлер ортосундагы окшоштук акыбетинде жүз берет жана бул окшоштук акыйкаттарды өчүрүп жиберүүгө курал кылынат; же акыйкаттардын бири экинчисин өчүрүп таштоого курал кылыат; же болбосо, бул акыйкатка карата шек-күмөн ойготулуп, ал белгилүү бир шартта акыйкат эле, эми шарт өзгөрдү, ал акыйкат болбой калды деп чалгытылат. Мисалы, яхудийлердин мусулмандарга душман экендиги акыйкат. Яхудийлердин Фалестин калкына душмандыгы да акыйкат. Бул эки акыйкат бири-бирине окшош жана бири-бирине байланыштуу. Бирок, яхудийлер менен фалестиндиктер ортосундагы душмандык акыйкаты күчөтүлүп көрсөтүлүп, ал яхудийлер менен мусулмандар ортосундагы душмандык акыйкатын өчүрүүгө курал кылынды. Мисалы, Америкада эркиндик бар деген фикр да акыйкат. Америкада президенттерди капиталисттер тандашат деген фикр да акыйкат. Бул эки фикр Америка вакиълигине далалат кылуу жагынан бири-бирине окшош фикр,

бирок, эркиндик акыйкаты Америка президенттерин капиталисттер тандайт деген акыйкатты өчүрүп таштоого курал кылынды жана бул акыйкат өчүрүлдү. Америкада президденттикке жеңишке жеткен адам – калктын көпчүлүк добушуна ээ болгон киши деген түшүнүк жайылды. Дагы мисал, Англиянын Европа биримдигине каршы экендиги акыйкат. Англия өзүн Европа биримдиги аркылуу күчтүү кылууну каалашы да акыйкат. Мында экинчи акыйкат биринчи акыйкатты өчүрүп таштоого курал кылынды жана муну менен Англия бүткүл Европа базарына кирип алды. Мисалы, Исламдын жеңилгис күч экени акыйкат. Бирок, ушул акыйкатка шек-күмөн туудурулду да, акыбетте, бул акыйкат эмес деген, же бул Исламдын башында акыйкат эле, кийинчерээк заман өзгөрүшү менен акыйкат болбой калды деген рай пайда кылынды. Мына ушундай таризде акыйкаттарда чалгытуулар жүз берет жана алар башка акыйкаттар менен, же ушул акыйкаттарга шек-күмөн ойготуу менен өчүрүлөт. Бул Батыштын мусулмандардагы болгон акыйкаттар жаатында усталык менен ишке ашырган иши.

Ал эми, акыйкаттардан буруп жибере турган чалгытуулар болсо акыйкаттардан буруучу иш-амалдарды же фикрлерди пайда кылуу менен болот. Мисалы, умматтын фикр менен гана ойгонушу акыйкат. Бирок, фикрден буруп жиберүү үчүн, мусулмандар демонстрациялар, козголоң жана төңкөрүштөр сыяктуу маддий иштерге кызыктырылды. Натыйжада, уммат фикр менен гана ойгонот деген акыйкат өчүрүлүп, анын ордуна уммат революция менен гана ойгонот деген фикр орнотулду. Ушуга окшош мусулмандарды огонуу акыйкатынан буруу үчүн „ойгонуу ахлак менен болот", „ойгонуу ибадаттар менен болот", „ойгонуу экономика менен ишке ашат" деген ж.б.у.с. фикрлер пайда кылынды. Чалгытуулар инсандарды акыйкаттарга жетип баруудан буруп жиберүү үчүн колдонулат. Ошондуктан, чалгытуулардан дайыма сак болуу керек, акыйкаттарды темирдей чеңгел менен бекем кармап, акыйкаттарга жетип баруу үчүн терең фикрлеш керек, фикрлөөдө калыстык (ихлас) болушу керек. Акыйкаттардан пайдаланбоо акыбетинде боло турган эң кооптуу нерсе – бул тарых акыйкаттарына, айрыкча алардагы негизги багыттарга көңүл бурбоо. Себеби, тарыхта өзгөрбөй турган бекем акыйкаттар бар. О.э. шарттар акыбетинде келип чыккан райлар да бар. Шарттар акыбетинде жүзөгө келген райлар акыйкат эмес, балким, хадисе-окуялар болуп, алардан пайдалануу жана аны түрдүү шарттарда колдонуу дурус эмес. Бирок, вакиъликте тарыхтын баарына бирдей

назарда карала турган болуп калды жана тарых акыйкаттарына көңүл бурулбай, акыйкаттар менен хадиселер арасы айырмалабай коюлду, ошондуктан да акыйкаттарга этибар берилбей жатат. Мисалы, батыштыктар Исламий мамлекетке каршы согуш ачууда Чыгыш жээкти, өзгөчө Мисир жана Шам өлкөлөрү жээктерин платформа катары пайдаланганы акыйкат. Бирок, батыштыктардын мусулмандар үстүнөн үстөм келишкени акыйкат эмес, тарыхий окуя. Акыйкаттар болсо окуялар менен аралаштырылды жана акыйкаттар этибарсыз калды, акыбетте болсо Жер Ортолук деңизи душман үчүн Ислам өлкөлөрүнө кирүү үчүн бир тешик болгондугу унутуп коюлду. Дагы мисал, улутчулдук фикраты Усманий Мамлекеттин биримдигин силкинткен фикрат экендиги жана мусулмандар батыштыктар менен мусулмандар сыфатында эмес, балким, Усманий мусулмандар сыфатында күрөшүшкөнү акыйкат. Бирок, Усманийлердин Европадагы жеңилүүлөрү, кийин биринчи дүйнөлүк согуштагы жеңилүүлөрү тарых окуяларынын бири болуп саналат. Бирок буга карабастан, Усманийлер менен батыштыктар ортосундагы согуштар тарыхына да, биринчи дүйнөлүк согуш тарыхына да бирдей назарда каралды, бул согуштардагы тарых акыйкаттарына көңүл бурулбады. Акыр-акыбетте улутчулдук фикраты Усманийлер үчүн Европада да, биринчи дүйнөлүк согушта да жеңилүүнүн себеби болгондугу унутуп коюлду. Ушинтип тарых окуяларынын баарына ушундайча каралды жана бул акыйкаттарга этибарсыз болууга, тарых акыйкаттарынан пайдаланбоого алып келди. Негизи, тарых акыйкаттары – инсандын эң кымбат баалуу нерсеси жана фикрлеринин эң бийиги.

Демек, акыйкаттар жөнүндө фикрлөө – ага жетип баруу мененби, же аларды акыйкат болбогонунан ажыратуу мененби, же болбосо аларды бекем кармоо жана бул акыйкаттардан пайдалануу менен болобу, айтор – ал адамдар, калктар жана умматтардын жашоосуна чоң таасирге ээ болгон пайдалуу фикрлөө. Эгер амал кылуу үчүн фикрленбесе, акыйкаттарды бекем кармалбаса жана акыйкат менен жасалмалуулук ажыратып алынбаса, фикрлөөдөн эч кандай пайда жок. Акыйкаттар катъий жана өзгөрбөс болуп, анык ишеничтүү. Аларга шарттардын түрдүүлүгү да, абалдардын өзгөрүшү да таасир этпейт. Туура, фикрди өз шартынан жана аны ороп турган абалдарынан ажыратып коюу туура эмес жана фикр жалпылап салыштырылбайт. Бирок, бул акыйкат эсептелбеген белгилүү бир фикрде ушундай. Бирок, фикр акыйкат болсо, бул маселеде шарттарга жана абалдарга – алар ар кандай өзгөрүп турбасын –

көңүл бурулбайт, балким, шарт жана абалдар кандай экендигине карабастан, бул фикр кандай болсо ошондой кабыл алынат.

Акыйкаттар күмөндүү эсептелген (гипотезалык) илимий тарыйкат аркылуу эмес, балким, анык ишенимге ээ аклий тарыйкат аркылуу алынат. Себеби, алар т.а. акыйкаттар махият жана сыфаттарга эмес, барлык-вужудга тиешелүү. Фикр акыйкат болушу үчүн вакиъликке дал келиши лазым. Ошондуктан да акыйкаттар жөнүндө фикрлөө жана аларды бекем кармоо лазым.

**Услубдар жөнүндө фикрлөө**

Ал эми, услубдар жөнүндө фикрлөө жөнүндө айта турган болсок, услуб – ал аркылуу иш аткарыла турган, дайымий болбогон кайфият жөнүндө фикрлөө. Услубду иштин түрү белгилейт. Ошондуктан, услуб иштин түрүнө карап өзгөрүп турат. Туура, услубдар бири-бирине окшошот жана бир услуб кээде бир нече иште пайда келтирет. Бирок, услубдар жөнүндө фикрленип жатканда услуб иштетүү болжолдонгон иштин түрү жөнүндө да фикрлөө лазым. Услубдар окшош болушса да, мурунтан белгилүү болгон услубдун жаңы ишке пайдасы тийсе да, бирок, фикрлөө учурунда албетте иштин тууралыгы жөнүндө ойлоо зарыл. Себеби, услубдардын бири-бирине окшоштугу көбүнчө фаъал (эффективдүү) услубду колдонуудан чалгытып коёт. Себеби, бир услуб бул ишке пайдалуу деп табылса, бирок, ал кээде бул ишти аткарууга кыйынчылык туудурат. Мисалы, бир фикратка үгүттөө услубу ага даъват услубуна окшойт жана экөөсү тең адамдарга ушул фикратты сиңдирүүгө каратылат. Бирок, ал окшоштук кээде даъват ээлерин да, үгүт ээлерин да адаштырып коёт. Демек, үгүт услубу даъват услубуна иштетилсе, даъватты кыйратат. Даъват услубу үгүттөөдө иштетилсе, үгүттөөнү кыйратат. Себеби, даъват услубу акыйкаттарды кандай болсо ошондойлугунча тафсирлөөгө негизделет. Ал эми үгүт услубу болсо фикратты көркөмдөп көрсөтүүгө таянат. Анткени, экөөсү тең аны жакшылап сиңдирүү үчүн зарыл. Мисалы, демократия түзүмүндөгү аким шайлоо услубу т.а. акимди калктын шайлашы исламий түзүмдөгү аким шайлоого пайда берет жана акимди калк шайлайт. Бирок, мусулмандарга халифа шайлоо үчүн бирер услуб колдонмокчу болгон учурунда, Ислам түзүмүндөгү башкаруунун вакиълиги жөнүндө фикрлөө жана анын убакты чектелген аким эмес, туруктуу халифа экендигин этибарга алуу важиб. Ошондуктан, халифа шайлоого бирер услубдан пайдаланууда албетте исламдагы башкаруунун түрү

жөнүндө ойлоо зарыл. Мисалы, халифалыкка ылайык болгон кишилердин талапкерлиги уммат өкүлдөрү тарабынан белгиленип, алардан башкалары талапкерликтен кайтарылат. Кийин калк жалаң гана ошол талапкерлерден каалаганын шайлашына мүмкүнчүлүк жаратылат жана халифа болушуна мусулмандардын көпчүлүгү ыраазылык берген кишиге байъат кылуу калктан суралат. Туура, байъат халифа шайлоонун тарыйкаты, услубу эмес. Бирок, байъатты аткаруу кайфияты – бул услуб. Услуб башка иштерге пайдасы тийиши мүмкүн, бирок, жаңы ишке пайда келтирүүгө жетиштүү болбойт. Ишти амалга ашыруу үчүн услуб белгиленип жатканда, иштин түрү жөнүндө да фикрлөө зарыл.

Услуб – ишти аткаруу үчүн белгилене турган убактылуу бир кайфият. Тарыйкат болсо – ишти аткаруу үчүн белгиленген дайымий кайфият. Тарыйкат такыр өзгөрбөйт жана аткарылышында чыгармачыл аклияга мухтаж эмес, анткени, ал анык ишеничтүү нерсе болуп, өзү да, асли да ишеничтүү. Ал эми услуб ишти аткаруу үчүн иштетилген убакта, кээде жокко чыгат, кээде өзгөрүп кетет да, чыгармачыл аклияга мухтаж болот. Мындан келип чыккандай, услубдар жөнүндө фикрлөө тарыйкаттар жөнүндө фикрлөөдөн жогорураак турат. Тарыйкатты чыгармачыл акыл келтирип чыгарышы мүмкүн болуп, ал келтирип чыгарса да, бирок, аны жөнөкөй акыл да иштете алат. Ал эми услубду иштетүү жөнөкөй акыл менен деле жемиштүү болсо да, бирок, ага жетип баруу үчүн чыгармачыл, жогору жөндөмдүү акылга мухтаждык бар.

Тарыйкатты чыгармачыл акыл пайда кылышы зарыл эмес. Ал эми услубду болсо – билимдүүбү же билимсизби, айырмасыз – чыгармачыл жана жогору жөндөмдүү акыл келтирип чыгарышы зарыл. Себеби, услубга жетишүү илим жана маърифатка эмес, балким, фикрий амалиятка байланыштуу. Ушул себептен улам, проблемалар чечимин табууда инсандар бири-биринен айырмаланышат, себеби, алар проблемаларды услубдар менен чечишет. Кээде адам белгилүү бир проблеманы чечүүгө урунат да, бирок, проблеманын кыйындыгын көрөт жана андан өзүн алып качат, же аны чечүүгө алсыздыгын айтат, же ал чечилбей турган проблема деп ойлойт. Ал эми проблемаларды чече ала турган киши болсо, бирер проблеманы муалажа кылууга киришкенде проблема кыйынчылык жаратса, иштетип жаткан услубду өзгөртүп көрөт, же бир нече услубдарды колдонот, анда да болбосо, үмүтсүздүккө түшпөйт, проблеманы убакытылуу таштап коёт да, күтөт. Кийин бул ишке башынан киришет жана акыры чечимин табат. Ошондуктан,

акылы бар киши үчүн чечилгис проблема жок, балким, ар бир проблеманын чечими табылат. Мындай кыйын проблеманы чече турган услубдарды келтирип чыгарууда өз күчүнө ишенет. Услубдар жөнүндө фикрлөө чыгармачыл жана жогору жөндөмдүү акылга мүнөздүү. Ошентип, проблемаларды чечүү услубдар жөнүндө фикрлөөгө байланыштуу.

**Васиталар жөнүндө фикрлөө**

Ал эми, васиталар жөнүндө фикрлөө да услубдар жөнүндө фикрлөөгө окшош болуп, бул амалдарды аткаруу үчүн иштетиле турган маддий куралдар жөнүндө фикрлөө. Эгер услубдар жөнүндө фикрлөө проблемаларды чече турган болсо да, бирок, чечүүгө алып барбай турган васиталар иштетилсе, бул услубдардын эч кандай кыйматы болбойт. Мейли, васиталарды түшүнүү фикрлөө тарыйкаты аркылуу болсо да, бирок, васитанын мүмкүнчүлүктөрүн билүү үчүн аны тажрыйбадан өткөрүү маанилүү фактор болуп саналат. Ошондуктан, услубдар жөнүндө фикрлөөчү киши васиталар жөнүндө да фикрлөөчү болушу зарыл. Антпесе, услубдарды иштетүүгө пайдасыз васиталар колдонулса, эч кандай пайда бербейт, ырас, услубдарды ишке ашырууда васиталар негизги фактор болгон соң. Мисалы, душман менен согушуу планын түзүү – бул услуб. Мейли, план жүз файыз туура болсо да, бирок, душмандын куралына тең келе турган курал иштетилбесе, күрөшчүлөр катуу согушуп жатышкан болушса да, алардын саны душмандан эки эсеге ашык болсо да, план ийгиликсиз болору анык. Демек, согушка тандап алынган план услуб болсо, кишилердеги куралдар ушул услубду ишке ашыруу үчүн васита болот. Эгер услубдар жөнүндө фикрлөө убагында васиталар жөнүндө да фикрленбесе, же васиталар мына ушул услубду ишке ашыруучу түркүмдөн болбосо, анда услубдардын эч кандай кыйматы болбойт. Себеби, услубдар жөнүндө фикрленип жаткан учурда васиталар жөнүндө да фикрленсе жана васиталар ушул услубда иштетиле турган түркүмдөн болсо гана – мына ошондо услубдар жемиш берет. Ошондуктан, васиталар услубдардан сыртта болбошу керек жана услубдар васиталар аркылуу аткарылышы лазым.

Кээде услубдар фикрлөөчүгө белгисиз болушу мүмкүн, бирок, услубдар ал жөнүндө фикрлөө менен аныкталат. Ал эми, васиталар туура же туура эместигин, услубдун түрүнө жарактуу же жараксыз экендигин аныктоо үчүн, аны албетте сынап көрүү зарыл. Мисалы, өнөржайга ээ болбогон мамлекеттер өнөржайга ээ мамлекеттерден

курал-жарак сатып алууну жолго койсо жана өнөржайга ээ мамлекеттердин адистери аркылуу өз аскерлерине мына ушул куралдарды кандай иштетүү таалимин үйрөтсө, бирок, бул куралдарды сыноодон, кошуунду машыгуудан өткөрбөсө, бул мамлекеттер ар кандай план түзбөсүн, ага дал келе турган васиталарды тандай билбеген болуп эсептелет. Ооба, бул мамлекеттер аскерий мамлекеттерден жана өнөржайга ээ мамлекеттерден аскерий таалимди үйрөндү. Бирок, аскерий таълим, план түзүү жана ушуга окшош аскерий фандар услуб болуп, ага фикрлөөнүн өзү жетиштүү. Ал эми, васиталарга фикрлөө жетиштүү эмес, балким, фикрлөө менен бирге сыноодон жана тажрыйбадан өткөрүү да зарыл, муну менен васиталар жаатында да фикрлөө колдонулсун.

Мисалы, белгилүү бир фикрат негизинде уюм же хизб түзүп, мына ушул фикратты калкка же умматка жаюу жана башкарууну колго алууну пландаштыруу – ушул фикратты ишке ашыруу үчүн бир тарыйкат. Бул уюм же хизб уламаларды гана мүчө кылып алууну болжолдосо (касд), же өз чөйрөлөрүндө жана коомдо абройго ээ кишилерди гана мүчө кылып алууну болжолдосо, анда өз гоясын ишке ашырууда ийгиликке жетише албайт. Ал уламалар менен фикратты жаюуда ийгиликке жетишсе да, бирок, алар аркылуу башкарууну (хукм-бийликти) колго алууга жетише албайт. Эгер ал абройлуу кишилер аркылуу башкарууну колго алса, башкаруу таптакыр фикрат негизинде курулбайт жана фикрат жайылбайт. Хизбдин көпчүлүк мүчөсү эки тайпанын биринен же эки тайпадан куралса, алар тез арада хизбдин өмүрүн кыскартат, гоясына жетип баралбай, хизб адашуу жолуна түшөт жана акыры жоголот. Себеби, мында васиталар (т.а. мүчөлөр) жөнүндө фикрлөө акылдан гана келип чыккан, бирок, тажрыйба өткөрүү жолунан жүрүлбөгөн. Ал эми, хизбдерди түзүүдөгү тарых акыйкаттары алынса, васита акыл аркылуу да, тажрыйба аркылуу да колдонулган болот. Бул маселеде тарых акыйкаттарын алуу жана васиталарды ушул тарых акыйкаттарына ылайык иштетүү васиталар жөнүндө жемиштүү фикрлөө болот о.э. васиталарды сыноонун жана услубдар түрүнө дал келишин аныктоонун жемиштүү ыкмасы болуп эсептелет.

Тарых акыйкаттары айтып тургандай, фикратка негизделген, башкарууну фикратты жаюу жана ишке ашыруу жолу кылып алган уюм – калкты же умматты болжолдоп, илимий даражасы же аброюна карабастан – ушул фикратты кабыл кылган ар кандай

шахсты кабыл алат. Ушул гана хизб же уюмдун ийгилигин жана көздөгөн гоясын ишке ашырууну кепилдейт.

Ушуга ылайык, эгер васиталар тууралуу ушул васиталар аркылуу аткарыла турган услубдардан айры абалда фикрленсе, ал кээде белгисиз (анык эмес) болуп калат, кээде адашылат. О.э. эгер васиталар тажрыйбадан өткөрүлбөсө, мында да белгисиздик же адашуу болот. Ошондуктан, услубдар жөнүндө фикрлөө учурунда васиталар туурасында да фикрлениши зарыл. О.э. васиталардын утушу кепилденип, максат ишке ашышы үчүн т.а. васиталар жемиш бериши үчүн, албетте, алар тууралуу фикрлөө менен бирге мына ушул васиталарды тажрыйбадан өткөрүү колдонулушу лазым.

Ал эми, гоялар жана максаддар жөнүндө фикрлөө – бул оболу ирада кылынган (кааланган) нерсени белгилөө дегени. Бул жаатта жемиштүү фикрлөөгө жетишүү үчүн көздөлгөн гояны белгилеп алуу өтө зарыл. Ирада кылынган нерсени белгилөө оңой иш эмес. Кыйроого жүз туткан уммат жана калктар эмнени ирада кылышканын билишпейт. Төмөн фикрлөөчү шахстар, а түгүл, көпчүлүк жогору даражада фикрлөөчү кишилер да ирада кылынган нерсесин белгилешпейт. Калктар жана умматтар тууралуу айтсак, аларда жамаатка майилдик гарыйзасы көзгө жаркын көрүнө турган түрдө болуп, бул жаатта алар таклид кылууга махкум, алар фикрлерди текшерип көрүшпөйт. Ошондуктан, аларда чалгытуучу фикрлер, туура эмес маалыматтар болот, гояны белгилебестен алдыга умтулушат. Ал эми, шахстар ирада кылынган нерсе болбогонунан улам гоя жана максаддарга этибарсыз карашат. Ошондуктан, фикрлөөдө гоясыз жолдон жүрүшөт да, натыйжада жемишсиз фикр келип чыгат жана белгиленбеген гояга карай кадам таштошат. Акыйкатта болсо, гоя жана максаддарды белгилөө фикрлөөнү жемиштүү кылуу үчүн өтө зарыл. Себеби, мында фикрлөө же иш кылуу белгилүү бир гоя үчүн вужудга келет. Ушундан улам да, ар бир инсандын фикрлөөчү экенин, бирок, бардыгы эле максаддарды ишке ашырууга кудуреттүү боло бербешин көрөбүз.

## Гоялар жана максаддар

Гоя жана максаддар инсандардын ар түрдүүлүгүнө карай ар түрдүү болот. Төмөндүккө учураган умматтын гоясы – ойгонуу болот, өнүккөн умматтын гоясы – мухтаждыктарды кандыруу болот. Жөнөкөй калктын гоясы өзүндөгү бар шарттарды сактап калуу болсо, өнүккөн калктын гоясы абалын дагы да жакшыртуу жана

өзгөртүү болот. Төмөн фикрлөөчү шахстын гоясы нафсти кандыруу, фикрлөөсү жогору элдин гоясы өзүндөгү талабды чырайлуу кылып кандыруу болот. Ушундайча, гоя жана максаддар инсандардын ар түрдүүлүгүнө, фикрлөө даражаларына карай ар түрдүү болот. Калктар жана шахстардагы гоялар, максаддар кандай болушуна карабастан, максаддарды жүзөгө чыгарууда сабыр кылуу жана аларга олуттуу умтулуу жакынкы жана жеңил максадга карата гана болот. Ачкалыкты кандыруу – мейли, жакын болбосо да – жеңил максад. Ошондуктан, ачкалыкка сабыр кылуу тафаввуттуу болсо да, ал ар бир инсанда бар. Жеш үчүн же үй-бүлөнү жедириш үчүн аракет кылуу бардык адамдарда бар. Бирок, өзүң ойгонуу же калкыңды ойготуу үчүн аракет кылсаң, же өзүң же үммөтүңдүн даражасын көтөрүүгө умтулсаң, бул иштерди ишке ашыруу үчүн сабыр жана олуттуулук керек болот. Бул ар бир инсандын колунан келе бербейт. Бул жолго кадам койгонуңда кээде кыйынчылыкка сабырсыз болгонуңдан улам гояны жүзөгө чыгарууга алсыздык кылып коёсуң. Кээде аракетти баштайсың го, бирок, умтулушуң олуттуу болбойт, сабырың түгөнбөгөндүктөн аракетти уланта бересиң, бирок, гоя жүзөгө чыкпайт, анткени, олуттуулук жок. Ошондуктан, алыскы гояларды жүзөгө чыгаруу оболу олуттуулукту, сабыр жана токтоосуз умтулууну талаб кылат.

Шахстар сабыр кылууда жамааттан т.а. калк же умматтан көбүрөөк кудуреттүү болушат. Себеби, нерсени көрө билүү аларда жамаатка караганда ачыгыраак жана күчтүүрөөк болот. Себеби, инсандардын топтолушу алардагы фикрлерди алсыратат жана көрүп-билүүлөрү алсырайт. Ошондуктан, бир кишинин көрүп-билиши, эки кишинин көрүп-билүүсүнөн кубаттуу болот, сан канчалык көбөйсө, көрүп-билүү ушунчалык суздашат. Ушул себептүү, калктардын алдына алыскы гояларды коюу дурус эмес, себеби, алар гояны ишке ашыруу жолунда жүрбөй коюшат, эгер жүрсө гояга жетип бара алышпайт, анткени, олуттуу болушпайт. Ушул жактан калктар алдына – мейли, баскычма-баскыч алып барыла турган жакынкы гояларды белгилөө менен болсо да – жүзөгө чыгаруу мүмкүн болгон гоя белгилениши лазым. Бир гояга жеткен соң кийинки гояга умтулуп кете берет. Себеби, жамаат шахска салыштырмалуу жакында аткарылышы мүмкүн болгон иштерди көрөт жана чоң мусибаттарды кыйыныраак көтөрөт. Калктар аклий мүмкүн болгон нерсени өзүнө гоя кылып алууга кудуреттүү эмес, балким, иш жүзүндө мүмкүн болгон нерсени көрүп-билип, аны ишке ашырууга аракет кылат. Ал эми шахстар

жалпы түрдө аклий мүмкүн болгон нерсе иш жүзүндө да мүмкүн болушун көрүп-билүүгө кудуреттүү болушат жана алысты көрө алышат. Алар кыйынчылыктарга көбүрөөк сабырдуу, мусибаттарды көтөрүүгө чыдамдуураак болушат.

Бирок, гоя жана максаддар – умматтар, калктар же шахстар үчүн болобу, айырмасыз – аларды ишке ашыруу үчүн муундан-муунга өткөрүп берүүнү, адамзат такаатынан артыкча күчтү, өзүндө жок же болбой турган васиталарды талаб кылбашы керек. Тескерисинче, ишке ашырууга аракет кылып жаткан муун ишке ашыра ала турган, инсан жөнөкөй аракет менен ишке ашыруу мүмкүн болгон, анын васиталары бар же пайда кылуу мүмкүн болгон гоя болушу зарыл. Себеби, гоя – умтулуучу ага карай аракет кыла турган максад болуп, эгер умтулуучу аны ишке ашыра албашына ишенсе, анда аракет кылбай коёт. Аракет кылууну каалаbelса да, эгер ишке ашырууда пайдалана турган васиталар жок болсо, анда урунбай коёт. Ал күчү жетишинче аракет кылат да, күчү жетпей калса, умтулбай коёт. Ошондуктан, инсанга такаатынан артыкча нерсе жүктөлбөйт, себеби, ал ага кудуреттүү эмес. Ошондуктан, гоялар канчалык алыскы болбосун, алар аракет кылуучунун өзү тарабынан, өз күчү менен, мавжуд васиталар аркылуу ишке ашырыла турган болушу керек.

Фикрлөөдөн көздөлгөн гоя да, амал кылуудан көздөлгөн гоя да белгилениши лазым, ал акылга дал келген, жүзөгө чыга турган гоя болушу керек. Антпесе ал, гоялыгын жоготот. Ырас, шахстарда фикрлөөлөрү жана амалдары үчүн бирер гоя зарыл болгон соң, калктар жана умматтар үчүн да гоя же бир нече гоялар болушу керек. Бирок, калктар жана үммөттөрдүн гоясы алыскы эмес, жакынкы болушу лазым. Гоя канчалык жакын жана канчалык тез жүзөгө чыкса, ошончолук жакшы жемиш берет жана фикрлөөгө да, амал кылууга да көбүрөөк мүмкүнчүлүк пайда болот. Туура, калктар жана умматтардын жамааттык түрдө өз алдыларына максад коюуларын элестетип болбойт. Бирок, мына ушул калктар жана умматтар арасында фикрлер жайылат, райлар калыптанат жана акыйдалар кабыл кылынат, натыйжада ушул фикрлер алардын фикрлерине, райлар алардын райларына жана акыйдалар алардын акыйдаларына айланат. Фикрлер, райлар жана акыйдалар акыбетинде, же турмуш тажрыйбалары тыянагында, же болбосо өздөрүндөгү болгон жетишпестиктер же мухтаждыгын кандыруу натыйжасында гоялар эсине түшөт. Алар жетишпестикти жоюу же мухтаждыктарды чырайлуу кандыруу каалоосун чагылдырат.

Калктар жана умматтардын баары топтолуп гояларды белгилеп алууга кудуреттүү болушпаса да, белгилүү бир гоялары болот. Алардын бардык гоялары ишке ашуусу мүмкүн болгон – акыл менен элестетип көрүлбөгөн түрдөн болсо да – иш жүзүндө жүзөгө чыгышы мүмкүн болгон түрдөгү гоялар болот.

Назадан качырбаш зарыл болгон нерселердин бири, бул гоя менен аалий максаддардын ортосун айырмалоо. Аалий максад бул гоялардын гоясы болуп, ага жетишүү жана жүзөгө чыгаруу шарт. Аалий максаддын өзү да гоя. Аны менен гоянын ортосундагы айырма, гояны аткаруудан мурда билүү, аны жүзөгө чыгарууга тез киришүү, тээ жүзөгө чыкканга чейин кайрат кылуу зарыл. Ал эми, аалий максад болсо, фикрлөө жана иштер жүрүшүндө жалаң гана мулахаза кылынат жана фикрлер-иштер ага багытталат. Мисалы, Аллахтын ыраазылыгы мусулмандар үчүн аалий максад. Кээде айрым мусулмандар бейишке кирүүнү аалий максад кылат, кээ бирөөлөр тозокко түшүүдөн сактанууну аалий максад деп билет. Бирок, бул эки маселе гоялардын гоясы болсо да, бирок, аалий максад деп аталбайт. Алар өздөрүнөн мурдагы гояларга гоя болсо да, алардан кийин да гоя бар. Аалий максад болсо гоялардын гоясы болуп, андан кийин гоя жок. Өзүнөн кийин гоя болбой турган гоялардын гоясы – Аллахтын ыраазылыгына жетишүү. Ошондуктан, мусулман үчүн аалий максад Аллахтын ыраазылыгы болот. Күнөөдөн таза таквадар кишилерден бири жөнүндө мындай дешкен:

«نِعْمَ الْعَبْدُ صُهَيْبٌ لَوْ لَمْ يَخَفِ اللهَ لَمْ يَعْصِهِ»

**«Сухайб кандай гана жакшы пенде! Аллахтан коркпогондо да, Ага аасийлик кылбас эле»**

т.а. Сухайбдын күнөө иш кылбашынан максад, күнөө үчүн Аллах аны азапташынан коркуу эмес, балким, Аллахтын ыраазылыгына жетишүү эле. Эгер анда Аллахтан коркуу болбогондо да, ал күнөөгө кол урбас эле. Себеби, күнөөгө кадам койбогондугу – бул Аллахтын ыраазылыгын талаб кылуу, азабынан кооптонуу эмес. Демек, аалий максад мусулмандардын назарында бейишке кирүү жана тозоко түшүүдөн коркуу эмес, балким, Аллахтын ыраазылыгы.

Аалий максад гоялардын гоясы болсо да, гоядан башка нерсе. Фикрлөө жана амал кылуу жөнүндө айтылган „фикрлөөдө гоя белгилениши зарыл" деген сөздөрдө аалий максад көздө тутулбаган, балким, артынан башка гоя келсе да, иш жүзүндө жүзөгө чыга турган гоя максад кылынган. Гоя белгиленген болушу,

келерки муундар колу менен эмес, ага аракет кылып жаткан шахстын колу менен жүзөгө чыгышы жана анын воситалары ылайыктуу болушу зарыл. Демек, ал аалий максад эмес, балким, жүзөгө чыгаруу болжолдонгон максад. Ошондуктан да гоя жөнүндө фикрлөө амалий болушу, аракет кылып жаткан шахстар колунда жүзөгө чыгышы шарт.

Бул орунда бир суроо пайда болушу мүмкүн т.а. умматтардын өмүрү бир муунга кыясталбайт, бир нече кылым менен өлчөнөт. Ошондуктан, умматтын келечеги келерки муундар ишке ашыра турган даражада узак мөөнөткө чейин белгилениши лазым. Ошондой болгон соң, кантип гояны ага аракет кылып жаткан шахстардын өздөрү ишке ашыруулары зарыл деш мүмкүн?

Мунун жообу мындай, умматтардын өмүрү муунга кыясталбайт жана айрымдар ойлогондой кылымдар менен да өлчөнбөйт. Замандан бирер он жылдыкта уммат өзгөрөт жана бир абалдан башка абалга өтөт. Амалий фикрат бир умматка берилиши, канчалык каршылык болбосун, умматтын бир мууну олуттуу фикрлөө жана олуттуу амал кылуу шарты менен ага байланышы мүмкүн. Үммөт бир нече муунга да, кылымдарга да мухтаж болбойт, балким, уммат он жылдыкта бирер жемишке жетишүү үчүн бирер фикратка жана бирер аракетке мухтаж. Себеби, бир он жылдыкта уммат өзгөрөт. Эгер ал душманга моюн сунган болсо, он жылдыктан көбүрөөк убакыт керек, ал эми, эгер каршылык болсо, үч он жылдыктан узак убакытка мухтаж. Ошондуктан, умматтардагы аракет, же иш, же фикрат алардан кийин келе турган муундар колу менен эмес, мына ушул фикрат же ишти жүзөгө чыгарууга аракет кылып жаткан адамдар колу менен жемиш бериши зарыл. Демек, гоя аракет кылуучулар жүзөгө чыгара турган болушу лазым. Бул гоя жөнүндө фикрлөөнүн шарты. Эгер аракет кылуучулар өздөрү жүзөгө чыгара албай турган болсо, бул гоя болбойт.

Ал эми, калктар жана умматтардын келечек муундары ишке ашырышы айтылган долбоорлор – гоя болбойт жана алар белгиленген максаддар да эмес, балким, фараз жолунда сызып берилген кең көлөмдүү умумий фикрлер. Гоя – бул аракет кылуучулар жүзөгө чыгара турган гана нерсе. Мына ушул гоя жана гоя жөнүндө фикрлөө. Мындан башка нерселер фараз жана назариялар, гоялар туурасында фикрлөө эмес.

### Фикрлөөнүн түрлөрү

Фикрлөө үстүрт, терең жана жаркын болот. Үстүрт фикрлөө –

адамдар аммасынын (катардагы көпчүлүктүн) фикрлөөсү. Терең фикрлөө аалымдардын фикрлөөсү. Жаркын фикрлөө болсо, көбүнчө жетекчилердин о.э. аалымдар жана катардагы адамдардын жаркын фикрлөөчүлөрүнүн фикрлөөсү. Үстүрт фикрлөө – бул вакиъликти башка вакиъликти издебестен мээге көчүрүү жана бул сезүүнү ага тиешелүү маалыматтарга байлап, башка маалыматтарды издебөө, кийин үстүрт хукм чыгаруу.

**Үстүрт фикрлөө** калктар жана умматтар үчүн афаат-балээ болуп – тынч жашоолору мүмкүн болсо да – бирок, ойгонуулары жана жакшы жашоолору мүмкүн эмес. Үстүрт фикрлөөнүн себеби, сезүүнүн же маалыматтардын, же болбосо, инсан мээсиндеги байлоо касиетинин алсыздыгы. Ал баштапкы фикрлөө болсо да, табигый эмес. Инсан сезүүнүн күчтүү жана алсыздыгында, байлоонун күчтүү жана алсыздыгында ар түрдүү. О.э. алар ээ болгон маалыматтардын – бул маалыматтар үйрөнүү же окуу, же турмуштук тажрыйба аркылуу алынышынын айырмасы жок – көлөмү же түрү да бирдей болбойт. Ал нерселердин айырмалуу болушу фикрлөө ошол нерселерге ылайык болот дегенди түшүндүрөт. Асли, инсандар жумхуру (массалык көпчүлүгү) мээде да, байлоо касиетинде да күчтүү болушат, болгону, өтө азчылыгы гана алсыз жаратылган болот же кийин алсыздыктан жабыркап жаткан болот. Асли, инсандар жумхурунда – мейли, аамий болушса да – күндө жаңыланып турган маалыматтар болот. Эч нерсени түшүнө албагандар жана үйрөнгөн же окуган маалыматтарына эч көңүл бурбагандар мындан сырткары. Ошондуктан да, үстүрт фикрлөө табигый эмес, балким, тескерисинче. Шахстар үстүрт фикрлөөнү колдонуп, анын натыйжаларына ыраазы болуп калышат, алар үчүн маанилүү нерселерди маанилүү деп эсептебей коюшат, натыйжада, үстүрт фикрлөөгө адаттанып, андан рахаттанып жашай турган болуп калышат.

Жамааттар тууралуу айтсак – мейли, алар муфаккирлер жамааты болушса да – алар жамаат катары фикрлөөгө кудуреттүү эмес. Ошондуктан жашоодо үстүрт фикрлөө үстөм. Эгер калк же умматта күчтүү сезүү жана байлоо кубатына ээ белгилүү бир шахстары болбогондо, жашоодо ойгонуу болушун да, маддий өнүгүүнү да элестетип болбос эле.

Жамааттардын үстүрт фикрлөөлөрүн дабаалап (муалажа) болбойт. Бирок, абал (вакиъ) жана окуялар (вакоъа) даражасын көтөрүү мүмкүн. Жамааттарды жогору фикрлер жана көп маалыматтар менен азыктандырып, ошол аркылуу алардын

фикрлөө деңгээлдерин көтөрүү мүмкүн, бирок, баары бир алардын фикрлөөсү үстүрт бойдон калат. Жамааттар канчалык жогору өнүгүү даражасына жетпесин, терең фикрлөөгө да, жаркын фикрлөөгө да кудуреттүү боло алышпайт. Себеби, алар жамаат деген сыфаты менен терең изденүүгө же жаркын фикрлөөгө мүмкүнчүлүк таба алышпайт. Алардын фикрлөө даражасын көтөрүү үчүн, жамааттын фикрлөөсүн муалажа кылууга аракет кылынбайт, балким, жамааттын сезими түшө турган вакиъликти жана окуяларды оңдоого урунулат, ошондо андагы фикр жана маалыматтарды муалажа кылуу мүмкүн жана муну менен жамааттын аракет даражасы да жогорулайт, бирок, үстүрттүк жоголбойт.

Бирок, шахстардын үстүрт фикрлөөлөрүн жоготуу, же төмөндөтүү, же сейрек кылуу мүмкүн. Бул үчүн эң оболу алардагы болгон фикрлөө адатын алып таштоо лазым. Бул жолдо аларга таалим же сакофат берүү керек о.э. өздөрүнүн башаламан фикрлөөлөрүнө жана үстүрт фикрлерине назарларын каратуу керек. Экинчи, аларда айланадагы жана өздөрүндөгү тажрыйбаларды көбөйтүү, көптөгөн окуялар ичинде жашоого жана сан-санаксыз, жаңы-жаңы, өзгөрүүчү окуяларды сезүүгө үйрөтүү. Үчүнчү, аларды турмуш менен бирге жашап, турмуш менен тең кадам таштоого үйрөтүү. Мына ошондо алар үстүрттүктү ыргытып салышат, үстүрттүк аларды таштайт, ошентип үстүрт фикрлебей турган болушат. Ошондой шахстар уммат ичинде көбөйгөн сайын, ойгонууга карай жетелөө ошончолук оңой болот. Ошондой шахстар уммат ичинде жашашса да, ошол маалыматтарды үйрөнүп, ошол вакиъликти сезишсе да, өз замандарынан озуп кете алышпайт жана өз умматтарынан обочолонуп да калышпайт. Бирок, умматтарынын алдында жүрүүгө жана аларды бир абалдан экинчисине көчүрүүгө кудуреттүү болушат. Себеби, алар алдыңкы турмуштун окуяларын алдындан элестетишет. Бул туура фикрлерди жана саламат мулахазаларды кабыл кылуу, катъий фикрлерге этикат кылуу, түрдүү мулахазаларды ажырата билип, мулахазалардын вакиълигин көрө алуу менен ишке ашат. Ошондо аларда фикрий сезүү т.а. маърифат жана идиректен келип чыккан сезүү пайда болот, сезүү мантыкы т.а. жалаң сезүүдөн келип чыккан түшүнүк жүзөгө келет. Алар башка инсандардай сезүү органдарына ээ болушса да жана аларда да бардык инсандардай мээ болсо да, бирок, алар мээлериндеги байлоо касиеттеринин күчтүүлүгү менен башкалардан ажыралып турушат. Алар сезүүнү сабик

маалыматтарга туура байлоого көңүл бурушкандыктан, көп иштерди жакшы идирек кылышат. Натыйжада, аларда фикрий сезүү вужудга келет жана муну менен сезүү мантыкы жогорулайт. Ошондуктан, шахстар үстүрттүктү таштоодо жамааттарга караганда кудуреттүүрөөк болушат. Бирок, албетте, алардын кудуреттеринин кыйматы жамааттардын аларды табанний кылууларына байланыштуу.

Бул үстүрттүктү муалажа кылуу болду т.а. шахстарды муалажа кылуу о.э. умматты жетишкен фикрлерди алуучу жана аларды турмушта колдонуучу умматка айлантуу керек. Муну менен бирге, умматтагы вакоъилерди жаңылап туруу жана жогору фикрлерди берүү керек. Умматтагы үстүрттүктү жоготууга урунуу, эгер шахстар муалажасы менен бирге кылынбаса, эч кандай жемиш бербейт. Шахстардын муалажасы умматтагы үстүрттүктү жоготуу менен бирге алып барылбаса, ал да пайдасыз. Себеби, шахстар умматтын бир бөлүгү. Уммат – белгилүү бир турмуш жолу байлап турган инсандар топтому. Калк – бир тектен келип чыккан, чогуу жашаган инсандар топтому. Шахстар ошол уммат жана калктардан ажырай алышпайт о.э. уммат жана калктар да шахстарсыз болбойт. Ошондуктан, үстүрт фикрлөөнү таштоо да, шахстар жана умматтардагы иш-аракет да бир убакта ишке ашырылышы зарыл. Анткени, муну менен үстүрттүктү бүтүндөй жоготуу мүмкүн болсун.

**Терең фикрлөө** болсо, вакиъликти түшүнүү үчүн вакиъликти сезүүгө жана сезүүгө байланган маалыматтарга терең киришүү. Мында үстүрт фикрлөөдө болгондой, сезүүнүн өзү, сезүүнү байлоо үчүн баштапкы маалыматтардын өзү жетиштүү болбойт. Балким, вакиълик кайра сезилет, алгачкы сезүүгө караганда да көбүрөөк сезүү үчүн эксперимент жүргүзүү же кайра сезүү жолу менен сезилет. Баштапкы маалыматтарга кошумча дагы башка маалыматтар изделет, анан ал маалыматтар эксперимент жүргүзүү же кайра байлоо менен мурунку байлануудан көбүрөөк байланат.

Ушундай сезүү, ушундай байлоо жана ушундай түрдөгү маалыматтардан терең фикрлер жүзөгө келет, акыйкат болобу же болбойбу, айырмасыз. Т.а. кайталоо аркылуу терең фикрлөө жүзөгө келет. Терең фикрлөө – бул алгачкы сезүүгө, баштапкы маалыматтарга жана мурдагы байлоолорго чектелбөө. Ал үстүрт фикрлөөдөн кийинки кадам болуп, ал аалым жана муфаккирлердин фикрлөөсү, ал эми билим алуучулардын фикрлөөсү терең болушу зарыл эмес. Демек, терең фикрлөө – бул сезүүгө, маалыматтарга жана байлоого чөмүш дегени.

Ал эми, **жаркын фикрлөө** бул терең фикрлөөнүн өзү болуп, бирок, ага туура натыйжага жетүү үчүн вакиълик айланасындагы жана вакиъликке байланыштуу нерселер жөнүндө фикрлөө да кошулат. Терең фикрлөө фикрге чөмүлүүнүн өзү, ал эми, жаркын фикрлөө – терең фикрлөө болушуна кошумча – көздөлгөн гояга т.а. туура натыйжаларга жетишүү максадында вакиъликтин айланасындагы жана ага байланыштуу нерселер жөнүндө да фикрлөө. Ошондуктан, ар бир жаркын фикр терең фикр болот, үстүрт фикрлерден жаркын фикр келип чыкпайт. Бирок, ар бир терең фикр жаркын фикр болбойт. Мисалы, физик аалым атомду майдалоо жөнүндө изденип жатканда, химик нерселердин курамы жөнүндө изденип жактанда, факих өкүмдөр истинбат кылып, конун белгилөө жөнүндө изденип жатканда, алар терең изденишет, ансыз жемиштүү натыйжаларга жетише алышпайт. Бирок, алар жаркын фикрлөөчү эмес жана алардын фикрлөөсү жаркын фикрлөө деп айтылбайт. Ошондуктан, физик жыгачка т.а. крестке чокунуп жатканын көрүп таң калбагыла, акыйкатта болсо аз эле жаркындыктын өзү жыгач эч кандай пайда бребешин жана ал ибадат кылына турган нерсе эместигин көрсөтүп турат. О.э. юрист ыйык кишилердин бар экенине ишенип, өз күнөөлөрүн кечирүү үчүн өзүнө окшогон бир кишиден суранып жатканын көрсөңөр да таң калбагыла. Себеби, юрист, физик жана башка аалымдар жаркын фикрлешпейт, терең фикрлешет. Эгер жаркын фикрлешкенде эле, жыгачка сыйынбаган жана ыйык кишилердин бар экенине ишенип, өздөрүнө окшогон адамдардан кечирим сурашпаган болор эле. Туура, терең фикрлөөчү муфаккир белгилүү нерсе туурасында гана терең фикрлейт. Ал атомду майдалоону жана мыйзам белгилөөнү ойлоп жаткан учурда терең фикрлөөчү болот. Бирок, башка нерсени фикрлеп жатканда башаламан фикр жүргүзөт. Бирок, ал терең фикрлөөгө адаттанса, көп нерседе, айрыкча, чоң түйүндө же жашоо жөнүндөгү көз карашта да терең фикрлөөчүгө айланышы мүмкүн, бирок, фикрлөөдө жаркындык болбогону үчүн, терең фикрлөөгө жана үстүрт фикрлөөгө, а түгүл башаламан фикрлөөгө адаттанып калат. Ошондуктан, терең фикрлөөнүн өзү инсанды ойготууга жана фикрий деңгээлин көтөрүүгө жетиштүү болбойт, ошондуктан, фикрде жаркындык болушу зарыл.

**Жаркындык** тажрыйбалык илимдерде, юриспруденция, медицина жана башкаларда туура натыйжаларга жетишүү үчүн зарыл болбосо да, бирок, фикрдин деңгээлин көтөрүү жана

муфаккирлер жетишип чыгышы үчүн зарыл. Ошондуктан, уммат – тажрыйбалык илимдерде илимпоздордун, факих жана юристтердин, табиб жана инженерлердин жетишип чыгышы менен – ойгонушу мүмкүн эмес. Балким, уммат фикрлөөдө жаркындык вужудга келсе т.а. жаркын фикрлөөчү муфаккирлер аркылуу ойгонот. Фикрлөөдөгү жаркындык билим болушун талаб кылбайт т.а. жаркын фикрлөөчү муфаккирлердин билимдүү болуулары зарыл эмес. "Өркөч – төөгө, из – басып өтүүчүгө далалат кылат" деген чөлдүк аъробий да, «этият болуу такдырдан, сабыр кылуу ийгилик себебдеринен куткарбайт» деген хотиб да жаркын фикрлөөчү. Бирок,

"Халифа өлдү, эй жиндер жана адамдар,
Куду рамазанда орозомду ачканымдай"

- деген акын жаркын фикрлөөчү эмес. О.э. «Хикматтын башы – Аллахтан коркуу» деген хакийм да жаркын фикрлөөчү эмес. Себеби, хикматтын башы – Аллахтын барлыгын идирек кылуу, Аллахтан коркуу эмес. Демек, жаркын фикрлөө илимге, хикматка мухтаж эмес, балким, терең фикрлөөгө жана туура натыйжага жетишүү максадында нерсенин айланасындагы нерселер жөнүндө фикрлөө болушуна мухтаж. Ошондуктан, жаркын фикрлөөчү киши кээде окууну да, жазууну да билбеген аамий болушу мүмкүн, билимдан же аалым болушу да мүмкүн. Жаркын фикрлөөчү киши фикрлөө убагында өзүндө жаркындык болсо гана жаркын фикрди пайда кыла алат. Демек, саясатчы жана жетекчи жаркын фикрлөөчү болушу мүмкүн, бирок, ар бир нерседе фикрлөө жаркын болушу үчүн, ошол ойлоп жаткан нерсеси жаатында аларда жаркындык болушу керек. Ошондуктан, улуу жетекчи жана улуу саясатчылардын жыгачка чокунуп жатканын, өздөрүнөн билими төмөн адамдар аркылуу кечирим издеп жатканын көрсөк таң калбайбыз. Себеби, алардын мындай фикрлөөлөрүндө тереңдик да, жаркындык да жок, бул адат же таклид, алдамчылык жана мунафыктыктан башка нерсе эмес. Буларда жаркын жана терең фикр эмне кылсын. Жаркын фикрлөөчү адам алдамчылык жана мунафыктыкка өтпөйт, адат жана таклиддерге ээрчибейт.

Үстүрт, терең же жаркын болобу, айырмасыз, Фикрлөөчү өз фикрлөөсүндө олуттуу болушу зарыл. Туура, үстүрт фикрлөө өз ээсинин олуттуу болушуна жардам бербейт, бирок, ал бейпайдалык жана адатийликтен алыстоо менен олуттуу болушу мүмкүн. Терең фикрлөө олуттуулукка үндөсө да, олуттуулукта терең фикрге

мухтаж болунбайт о.э. жаркындык олуттуулукту талаб кылса да, бирок, олуттуулук жаркындыкка да мухтаж эмес. Себеби, олуттуулук – фикрлеп жаткан нерсенин вакиълигин жакшы элестетүү менен бирге, максадды жана ушул максадды жүзөгө чыгарууга болгон аракеттин болушу. Коркунучту фикрлөө – бул коркунуч жөнүндө изденүү эмес, балким, коркунучтан сактануу. Жеш туурасында фикрлөө – жеш жөнүндө изденүү эмес, балким, жешке жетишүү жөнүндө фикрлөө. Оюн туурасында фикрлөө да ойноо жөнүндө изденүү эмес, балким, ойноо максатында фикрлөө. Тазалык туурасында фикрлөө болсо, тазалык жөнүндө изденүү эмес, балким, тазалыктан пайдалануу. Бирер максадсыз сейилдеп жүрүү да жүрүш жөнүндө изденүү эмес, балким, зеригүү же чарчоону кетирүү үчүн жүрүш туурасында фикрлөө. Мыйзам белгилөө туурасында фикрлөө мыйзам жөнүндө изденүү эмес, балким, мына ушул мыйзамды белгилөө максадында фикрлөө. Булардын баары фикрлөө болот, анын түрү кандай болбосун: нерсе жөнүндө фикрлөө болобу же нерсени кандай иштетүү жөнүндө болобу, айырмасыз. Нерсе жөнүндө фикрлөө аны билүү максадында фикрлөө болушу керек, нерсени иштетүү жөнүндө фикрлөө аны кандай пайдалануу жөнүндө болушу лазым. Эки абалда тең эч кандай бейпайдалык аралашпашы керек жана нерсе же аны иштетүү жөнүндө фикрлөөдө адат өкүмдар болбошу лазым. Эгер бейпайдалык да, адатийлик да алыстатылса, олуттуу фикрлөө вужудга келет. Ошондой болсо максадды ишке ашырууга аракет кылуу – мейли, анык болбосо да – жеңил болот. О.э. максад кылынган нерсенин вакиълигин т.а. фикрленип жаткан нерсенин вакиълигин элестетүү жеңил эле болбостон, анык да болот.

Ушуларга ылайык, олуттуулук терең фикрлөөдө да, жаркын фикрлөөдө да болгондой эле, үстүрт фикрлөөдө да болот. Асли, терең жана жаркын фикрлөөдө олуттуулук пайда болсо да, бирок, ал фикрлөө үчүн шарт эмес. Ошондуктан, көптөгөн инсандардын фикрлөөлөрүндө олуттуулук жок экенин көрөбүз. Алар иштерди адат себептүү аткарышат, фикрлөөлөрүндөгү башаламандык жаркын билинип турат. Ошондуктан, олуттуулукту жасалма түрдө жасаш керек жана ага ага негиз кылып алынат, негизи, жасалма түрдө жасоонун өзү – максад кылуу. Мындан белгилүү болгондой, айрым адамдарды табиятынан олуттуу деп ойлосок да, бирок, олуттуулук табигый эмес деш мүмкүн.

Биз олуттулук дегенде бул контекстте абсолюттук олуттуулукту эмес, балким, фикрленип жаткан нерсе жаатында өз деңгээлиндеги

олуттуулук болушун назарда тутканбыз. Эгер өз деңгээлиндеги олуттуулук болбосо, ал олуттуулук делбейт. Мисалы, үйлөнүү жөнүндө фикрлеп жаткан киши ага жеткире турган нерселерге көңүл бурбаса, ал үйлөнүү жөнүндөгү фикрлөөсүндө олуттуу эмес. Соода жөнүндө фикрлеп жаткан киши, кийин соодасынан тапкан кирешесинин баарын сарфтап жиберсе, ал соодада олуттуу болбойт. Казы болуу тууралуу фикрлеген киши, кийин казылык кызматында туруу үчүн гана иштесе, ал да казы болуу жөнүндө олуттуу фикрлебеген болот, балким, ал ушул вазыйфада кызматкер болууну гана көздөгөн. Үй-бүлөсүн багуу жөнүндө фикрлеген киши базар кыдырып ойноп жүрсө, ал да үй-бүлөсүн багуу тууралуу олуттуу фикрлебеген болот ж.б.у.с.

Олуттуулук максад кылынган нерсени ишке ашыруу үчүн аракет кылууну талап кылат. Эгер инсан максад кылган нерсени ишке ашыруу үчүн, а түгүл умтулбаса же болжолдонбогон иштерди кылууга урунса, ал фикрлөөдө олуттуу адам эсептелбейт. Мен олуттуу фикрлейм, дештин өзү олуттуу болууга жетиштүү болбойт, абалдардын, фикрий же моддий аракеттердин жасалмалуулугу олуттуулуктан кабар бербейт. Бул үчүн албетте маддий иштерди аткарышы, бул иштер олуттуу фикрлөөгө далалат кылышы лазым.

Төмөндүккө учураган уммат жана калктар, жалкоо адамдар, коркунучтардан өзүн алып качкан кишилер, тартынуу, кооптонуу же бирөөгө таянып жашоодон кутула албаган адамдар фикрлеп жаткан нерселеринде олуттуу эмес. Себеби, төмөндүк кишини жңилдикти жакшы көрө турган жана кыйынчылыктардан кача турган кылып коёт. Жалкоолук болсо олуттуулуктун тескериси. Кооптонуу, тартынуу, бирөөгө таянып жашоо болсо олуттуулуктан буруп коёт. Ошондуктан, фикрди жогорулатуу, жалкоолукту жоготуу, коркунучтарды жеңүүнү каалоо, уялуу менен важиб нерселерди ажырата билүү, кайраттуу болуу, өзүнө таянуу – буларды сыфатка айлантуу зарыл, муну менен адамдарда да, калк жана умматтардө да олуттуулук вужудга келет. Себеби, олуттуулук өз-өзүнөн пайда болбойт, ал жасалма түрдө пайда кылынат.

Олуттуу фикрлөөдөн максад фикрди эле пайда кылуу эмес, балким, мына ушул фикрден бирер пайда алуу көздөлүшү лазым. Арийне, фикрлөө амал кылуу максадында болушу зарыл. Аалым жана муфаккирлерден чыга турган фикрлер, жана башка жетишилген билимдер эрмек үчүн эмес, же лаззат алуу үчүн эмес, балким, турмуш үчүн, турмушта амал кылуу үчүн зарыл. Ошондуктан, «илим илимдин лаззаттарын талап кылат» деген адам

жаңылышат. Ошондуктан да юнан (грек) философиясынын эч кандай кыйматы жок. Себеби, алар лаззаттана турган фикрлерден башка нерсе эмес. Негизи эле, пайдаланып болбой турган ар кандай билимдин кыйматы жок, анткени, билим лаззаттануу үчүн эмес, амал кылуу үчүн алынат. Ушундан улам, юнан философторун жана аларга таклид кылган аалымдарды фикрлөөдө олуттуу дей албайбыз. О.э. балагат (риторика, ораторлук)илимин философия сыяктуу кылып койгон – балагат илиминдеги Саъаддын хашиялары сыяктуу – кийинки муундагы мусулман аалымдарын да фикрлөөсүндө олуттуу дей албайбыз. Себеби, мындай фикрлөөдөн турмуш үчүн эч кандай пайда чыкпайт, аларда үйрөнүү жана изденүүдөн лаззат алуудан башка нерсе жок. Туура, шаир (акын) жана адабиятчылардын фикрлөөлөрүнөн турмушта пайдаланып болбойт, бирок, алардан иштерди аткаруу жаатында пайдалануу мүмкүн. Алардын чыгармаларынын өзү – пайда. Касида (ыр) жана адабий ибараларды окуу менен лаззаттануу жана шыктануу пайда болот. Алар фикрлөө натыйжасы болсо да, ал ибараларга амал кылынат. Ошондуктан, алардын авторлорун олуттуу эмес деп болбойт. Алардын арасында олуттуу чыгармачылдары да бар о.э. олуттуу эместери да бар. Философия болсо мындан башкача, себеби, анда фикрлөө акыйкатка жетиш үчүн жүзөгө келген, бирок, келтирилген нерселеринде акыйкат жок. Философия услубунда жазылган балагат илимдери да мындан башкача. Алардын фикрлери башында баарлашууда балагатты үйрөнүүгө жана адамдар кепке чечен болушуна каратылган, бирок, жазылган нерселеринде балагаттын өзү да, балагатка байланыштуу нерсе да жок. Келтирип чыгарган натыйжалары көздөлгөн гояга алып барбады, изденүүдөн лаззат алуудан нарыга өтпөдү. Себеби, алардын башында койгон гоясы изденүү лаззатын татуу эмес, башка болчу. Ошондуктан да, фикрлөөдө олуттуу болушпады. Бирок, олуттуу эместиктеринин себеби көздөгөн нерселерине жете албагандыктарында эмес, балким, жазган нерселеринин табияты алар каалаган натыйжага алып барбашында эле. Эгер алар фикрлөөдө олуттуу болушканда, анда мындай философия чыгарышпаган жана балагат илиминде мындай түрдү ойлоп табышпаган болор эле. Себеби, олуттуулук максад коюуну талаб кылат, максад болсо гояга алып барат. Алар болсо изденүүдөн башка нерсени болжолдошподу. Демек, алар фикрлөөдө олуттуу эмес.

Фикрлөөдөгү олуттуулук фикр менен амалдын ортосундагы

убакыт-аралыктын (масафа) кыска же узун болушун шарт кылбайт. Себеби, амал фикрдин натыйжасы. Кээде адам айга баруу жөнүндө фикрлейт, мында фикрлөө менен ага жетип баруу амалынын аралыгы узак болушу мүмкүн. Кээде адам тамактануу тууралуу фикрлейт, мында да фикрлөө менен тамак жештин аралыгы узак болушу мүмкүн. Кээде ал умматын ойтотуу тууралуу фикрлейт, мында фикрлөө менен ойгонуунун ортосундагы аралык кыскарышы да мүмкүн. Кеп убакыт-аралыктын узундугу же кыскалыгы жөнүндө эмес, себеби, фикрлөө менен амал ортосундагы аралыктын кыска же узун болушу шарт эмес, ал кээде кыска, кээде узун болот. Маанилүүсү, фикрлөөчүнүн өзү пайда кылганбы же башка бирөөбү, айырмасыз, фикрлөө акыбетинде амал вужудга келиши лазым. Шаир жана адибдердикиндей сөздөр болобу, же тажрыйбалык илимдердин эксперименттери болобу, же саясат жана аскерий тармактардагы долбоорлор болобу, же согушуу, тамак жеш, таалим алуу жана башка ушул сыяктуу маддий амалдар болобу, айырмасыз, фикрлөө амалды келтирип чыгарышы керек.

Ушуларга ылайык, фикрлөө натыйжаны келтирип чыгарышы үчүн – натыйжа болобу же жемишсиз болобу – баары бир, албетте олуттуу болушу лазым. Олутсуз фикрлөө бейпайда жана башаламан болуп калат, же бир калыпта кете бере турган дөңгөлөк сымал, ээрчимелик жана адатийлик түсүнө кирип калат. Бир калыпта фикрлөө инсандар жашап жаткан турмушту алар үчүн жагымдуу кылып коёт жана мээлерден өзгөртүү фикратын, өзгөртүү жөнүндө фикрлөөнү алыстатып жиберет.

**Өзгөртүү жөнүндө фикрлөө** өтө зарыл. Себеби, турмуштун сенектиги жана тагдырга моюн сунушу бул калктар жана умматтарды кризиске (инкироз) учуратуучу, окуялар жүрүшүндө аны талкалап жиберүүчү эң кооптуу адаттардын бири. Ошондуктан, өзгөртүү жөнүндө фикрлөө фикрлердин эң маанилүү түрлөрүнөн болуп эсептелет. Өзгөртүү жөнүндө фикрлөөнү жалкоо жана төмөн адамдар кабыл алышпайт, себеби, анын жүгү өтө оор. Адаттарга көнүп алган кишилер – бир абалдан башка абалга өткөрүп коёру үчүн – өзгөртүү жөнүндө фикрлөөнү зыян деп эсептешет. Ошондуктан да, төмөн жана жалкоо кишилер ага каршы болушат. О.э. кишилердин ырыскысына өкүмдар болуп алгандар ага каршы күрөшүшөт. Ошондуктан, өзгөртүү тууралуу фикрлөө фикрлөөчү үчүн коркунуч туудурат жана фикрлөөнүн бардык түрлөрү арасынан эң көп каршылыкка учурай турган түрү болуп саналат.

Өзгөртүү тууралуу фикрлөө – шахстардын нафистерин,

абалдарын, коомдорун о.э калктар жана умматтардын шарттарын ж.б.у.с. өзгөртүүгө мухтаж болгон нерсе эмне болушуна карабастан – өзгөртүү инсандар жашап жаткан негизден башталышы керек. О.э. эч кандай негизи жок же ката негизге ээ коомдордон, туура эмес жолдон жүрүп жаткан шарттардан башталышы лазым. Жашоо анын үстүнө курулган мына ушул негиз гана жашоону жогору же төмөн кылат, инсанды бактылуу же бактысыз кылат. Ал жашоо жөнүндөгү көз карашты жүзөгө келтирет жана инсан мына ушул көз карашка ылайык жашоо майданына кирип барат.

Оболу ушул негизге караш керек, эгер ал аклий акыйда болуп, инсан фитратына жооб берсе, анда аны өзгөртүүгө мухтаждык жок жана башар-адамзаттын калб-жүрөгүнө да, бирер инсандын акылына да бул негизди өзгөртүү фикраты келбейт. Себеби, өзгөртүү – нерселер сахих болбой жана иштер туура эмес болгондо – ката акылга даана көрүнүп, инсандын тирүүлүк кубаты аны анык байкаганда болот. Эгер акыл нерсенин сахихтигине жана иштердин тууралыгына жазм ишенсе, тирүүлүк кубатынын сезимдери ага канааттанса жана тынчтанса, өзгөртүү фикраты бүтүндөй жоголот. Ошондуктан, жашоонун негизи аклий акыйда болуп, инсандын фитратына дал келсе, өзгөртүү жөнүндө фикрлөө келип чыкпайт. Ал эми, инсан жашап жаткан, коом анын үстүнө курулган, иштер ага ылайык жүрүп жаткан негиз асли жок болсо, же ката болсо, өзгөртүү негизден т.а. инсандар иътикад кылган акыйдадан эмес, башка бирер нерседен башталса, өзгөртүү жөнүндө фикрлөө текке кетет. Ошондуктан, мусулмандар инсан фитратына жооб бере турган аклий акыйда ниъматына жетишкен соң, акыйдасыз инсандарда же бар болсо да акыл андан жийиркене турган жана инсан табиятына дал келбеген бузук акыйдага ээ инсандарда өзгөртүүнү пайда кылуу алардын мойнундагы милдет болуп саналат. Ошондуктан, мусулмандардын бардык гойри мусулмандарга – а тургай согушууга туура келсе да, инсан фитратына жооб бере турган аклий акыйдага ээ болбогон кафирлер менен күрөш алып барууга туура келсе да – аларга исламий даъватты жеткирүүлөрү фарз.

Өзгөртүү негизден башталышы лазым. Эгер негиз өзгөртүлсө жана анын ордун катъий ишенимдүү туура негиз ээлесе, ошондо гана адам коомдор жана абалдарды өзгөртүү жөнүндө фикр жүргүзө баштайт. Коом жана шартты өзгөртүү өлчөөлөр, түшүнүктөр, канааттануулар өзгөртүү менен болот. Мунун себеби, эгер ишенимдүү туура негиз вужудга келсе, ал негизги

өлчөө болуп, бардык түшүнүктөргө, бардык канааттанууларга жана бардык өлчөөлөргө пайдубал болуп берет. Качан мына ушул негиз пайда болсо, ошондо өлчөөлөрдү, түшүнүк жана канааттанууларды өзгөртүүгө, арийне, коомдорду, абалдарды өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк пайда болот. Себеби, мына ушул негиздин өзгөрүшү менен бардык кыйматтар өзгөрөт т.а. фикрлердин кыйматтары, нерселердин кыйматтары өзгөрөт. Инсанда өзгөртүү жөнүндө фикрлөөнүн болушу же пайда кылынышы зарыл. Инсандын фитратына дал келе турган аклий акыйдага ээ кишилер өзгөртүү жөнүндө фикрлешет. Аларды бул жөнүндө фикрлөөгө ичинде жашырынган кубат үндөйт, же турмуш майданында жүрүп түздөн-түз өзгөртүү жөнүндө фикрлешет.

Өзгөртүү туурасында фикрлөө өз абалдары же фикрлерин өзгөртүү зарылдыгын сезген кишилерде гана табылышын түшүндүрбөйт, балким, турмушта өзгөртүүнү талап кыла турган абал бар болгон соң, өзгөртүү жөнүндө фикрлөө болот. Ошондуктан, өзгөртүү жөнүндө фикрлөө инсан өз абалын, өз коомун, калкы жана умматын өзгөртүүгө чектелип калбайт, балким, ал башка инсандарды, башка коомдорду жана чет элдик абалдарды өзгөртүү үчүн да болот. Себеби, инсанда инсанийлик касиет бар, ал башка бир инсанга кам көрүүнү талаб кылат, ошол инсан анын шаарында же мамлекетинде болобу, же мамлекетинен сырттабы, умматынын ичиндеби же башка умматта болобу, айырмасыз. Демек, инсан өзгөртүүгө мухтаж болгон ар кандай жайда өзгөртүүнү пайда кылууга умтулат.

Өзгөртүү жөнүндө фикрлөө жүрөктүн төрүнөн атылып чыгат жана турмуш окуялары ага түрткү болот, ал тургай, аны турмушту сезүүнүн өзү пайда кылышы да мүмкүн. Өзгөртүү себептүү өзүнө коркунуч пайда болушун сезген күчтөр ага каршы күрөшүшсө да, ал тургай, мына ушул күчтөрдүн өзүндө да өзгөртүү туурасында фикрлөө пайда болот. Демек, ал ар бир инсанда бар болушу анык. Бирок, инсандарды өзгөртүү туурасында фикрлей турган кылуу аларды ишендирүү же алардын үстүндө үзгүлтүксүз мээнет кылуу менен болот. Качан гана өзгөртүү жүз берсе же өзгөртүүнүн кыйматы идирек кылынса, өзгөртүүнү түшүнүп жетүү жеңил жана оңой болот. Себеби, аны менен инсандар өзгөртүүнүн зарылдыгын сезишет, арийне, аларда өзгөртүү жөнүндө фикрлөө ойгонот. Ошондуктан, ар бир мусулман өзгөртүү туурасында фикрлөөсү лазым.

Фикрлөөнүн он түрү же он үлгүсү бар, алар фикрлөө сүрөтүн

көрсөтүп берет. Булар башталгыч, табийгый, сезүү жана угуу жолу аркылуу фикрлөөнү өз ичине алса да, муну менен бирге, текст-ибараларды түшүнүүнү т.а. окуган нерсе жөнүндө фикрлөөнү да өзүндө камтыйт. Бирок, окуган нерсе жөнүндө фикрлөөдө өзүнө хос изденүү жана этибарга мухтаждык бар. Себеби, окуп коюунун өзү эле фикрлөөнү вужудга келтирбейт, балким, бул үчүн, инсан окуп жатканда ибаралар жөнүндө кандай фикрлөөнү билиши зарыл. Анткени, окуу жана жазуу фикрлөө эмес, алар фикрлөө үчүн васиталар. Инсандардын көпчүлүгү окуп жатканда фикрлебейт, ал эми, окуганда фикирлеп жаткандардын көпчүлүгү туура фикирлебейт, ошентип, ифадаланган максадка жетип барышпайт. Ошондуктан, окуп-жазууну үйрөтүү менен инсандарды билимдүү кылууга жана умматы ойготууга болот деп ойлогон адам ката кылат. Адамдарды билимдүү кылуу, калктар жана умматтарды ойготуу максадында сабатсыздыкты жоюуга урунуу да ката. Себеби, окуу жана жазуу акылды бирер нерсе менен азыктандырбайт жана жүрөккө да, акылга да фикрлөө үчүн эч кандай түрткү бербейт. Анткени, фикрлөөнү вакиълик жана сабик маалымат пайда кылат, окуу болсо фикр кылына турган вакиълик да эмес, вакиълик тафсирлене турган маалыматтар да эмес. Фикрлөөдө окуунун кыйматы жок, балким, ал фикрлөөнүн бир ифадасы гана. Окуунун өзү менен гана акылда фикрлер пайда болбойт. Окуу фикрлердин ифадасынан башка нерсе эмес. Эгер окурман мына ушул ифаданы жакшы түшүнсө, анда фикр пайда болот, бирок, окуганынан эмес, жакшы түшүнгөнүнөн пайда болот. Эгер жакшы түшүнбөсө, сааттап, жылдап окуса да фикр вужудга келбейт. Ошондуктан, ибаралар жөнүндө фикрлөөнү б.а. ушул ибараларды кандай түшүнүүнү үйрөнүү зарыл.

**Жазылган ибаралардын** эң маанилүүлөрү төртөө. Булар адабий, фикрий, ташриъий (мыйзамчылык) жана саясий ибаралар. Булардын ар биринде фикрлөө т.а. түшүнүү бир тарыйкат менен б.а. аклий тарыйкат аркылуу болсо да, алар бири-биринен айырмаланат. Биерде илимий ибаралар айтылбады, себеби, алар тажрыйбалык илимдерде аалымдарга хос ибаралар болуп, аалымдардан башкалар аны менен алектениши сейрек кездешет. Бирок, жогорудагы төрт ибара бардык инсандарга болжолдонгон, ар бир инсан аларды түшүнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Адабий ибаралар – мейли, анда акыл пайдаланышы мүмкүн болгон билимдер бар болсо да – негизи ал лаззаттанууга жана туйгуларды козгоого болжолдонгон. Ошондуктан, аларда мааниге

караганда сөздөр жана сүйлөмдөргө көбүрөөк көңүл бурулат. Акын (шааир) жана адабиятчы (аадиб) маанилерди түшүнүшү зарыл болсо да, анда сөздөр жана сүйлөмдөргө басым жасалат. Туура, сөздөр да, сүйлөмдөр да бирер маанилерди ифадалайт, бирок, акын да, аадиб да мына ушул маанилерди ифадалаш үчүн сөз жана сүйлөмдөргө күч сарфтайт.

Алар «балагат чырайлуу сөз жана чырайлуу сүйлөмдөгү чырайлуу маанилерден турат» дешет, бул туура. Бирок, акын жана аадиб маанилерге көңүл бурганы менен, алар муну ошол маанини чырайлуу сөз жана чырайлуу сүйлөм аркылуу баяндоо үчүн кылат. Демек, сөз жана сүйлөм же маанилерди түшүндүрүү – бул ошол сөз же сүйлөмдөн мына ушул маанини чыгара турган кайфият дегени.

Маанилерди түшүндүрүү сөздөр жана сүйлөмдөрдөгү маанилерге таянат. Ибаралардан максад, маанилерди берүү экендиги туура. Бирок, адабий ибараларда маанилерди чыгаруу гана максад кылынбайт, балким, андагы асл максад – маанини берүү эмес – окурманды жана угуучуну таасирлендирүү. Ошондуктан, акын да, адиб да сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү терип алат, анан алар атайын өз ибараларын ашыра көркөмдөп, көпчүлүккө жага турган кылат, чырайлуу орундарын кооздоп, туйгуларды козгоону жана реакцияга келтирүүнү максад кылат. Ошондуктан, адабий ибаралар фикрлерди образдуу бере турган формасында өзгөчөлөнгөнүн көрөсүңөр. Фикрлерге таасирлендире турган сүрөттө чыгаруу үчүн көңүл бурулат. Андагы маанилүү нерсе – бул сүрөттөө жана образдуу сүйлөм түзүү болуп, фикрлер – ага васита болуп калат. Демек, сүрөттөө жана образдуу чыгаруунун экөөсүндө тең акын менен адиб фикрлерге көңүл буруп жатканда, фикрлердин тууралыгы жана акыйкат экендиги жагына эмес, балким, сүрөттөөгө, образдуу чыгууга жарактуулугуна көңүл бурат. Себеби, ибаранын максады инсандарга фикрлерди үйрөтүү эмес, балким, алардын туйгуларын козгоо. Ошондуктан, ибараларда этибар сүрөттөөгө т.а. сүйлөм түзүүгө берилет. Фикрлерге болсо сөздөр жана сүйлөмдөрдү образдуу чыгарууга жарактуулугу жагынан этибар берилет.

Бул адабий ибаралардын вакиълиги. Ырас, анын вакиълиги ушундай болгон соң, демек, адабий ибараларды окуудан пайда болгон сезүүнү байлоо үчүн керектүү маалыматтар адабий образга тиешелүү маалыматтар болушу лазым. Ошондо гана ибаранын мааниси түшүнүлөт, ал келип чыккан аспектке ылайык таасири болот. Т.а. адабий ибараны түшүнүү үчүн сөздөр жана сүйлөмдөр

тууралуу мурунку маалыматтар болушу керек б.а. сүрөттөө амалияты жана ага керектүү каражаттар жөнүндө билим болушу лазым о.э. образдарды билүү, аларды айырмалай алуу тажрыйбалары керек. Т.а. адабий ибараларды ышкылануу (завк) айырмалай алуу жана түшүнүү менен окуй ала турган тажрыйба керек. Ошондуктан, бирер шахста адабий ибаралар тууралуу билим болбосо, ал канчалык ышкыланганы жана үйрөнгөнүн айтпасын, адабий ибараларды түшүнө албайт. Маселе ышкылануудa, ышкылануу болсо тажрыйбадан жана ар түрдүүлүктөн келип чыгат т.а. адабий ибараларды ар кыл түрлөрүн көп ирет окуудан кийин гана пайда болот. Качан ушундай ышкылануу пайда болсо, ибара түшүнүлөт. Себеби, адабий ибараны түшүнүү – анын маанилерин түшүнүү эмес, балким, сөз жана сүйлөмдөрдөн ышкылануу. Ал эми маанилерди түшүнүү ышкылануу аркылуу болот.

(Котормочудан: бул орунда бир нече акындарга тиешелүү ырлар келтирилип, алардын өз ара өзгөчөлүктөрү салыштырылган. О.э. бир нече аадибдердин да фразалары келтирилип, өз ара өзгөчөлүктөрү айтылган. Алардан завк-ышкы алуу араб адабиятына байланыштуу болгондуктан, которулган жок).

Мында аадибдердин баары тең маанилер жөнүндө изденүү алып барышпаган, балким, сүйлөм жана сөздөргө көңүл бурушкан, маанилер болсо көрсөтүлмөкчү болгон сүрөттү баяндоого васита болгон. Инсан бул ибараларды – шиър (поэзия) болобу, же насрбы (проза) – түшүнүүнү кааласа, анда оболу күчүн мааниге сарфташы дурус эмес, балким, сөз жана сүйлөмдөрдү түшүнүүгө аракет кылышы керек, алардан маанилер да келип чыга берет. Ушул себептүү анын маалыматтары маанилерге эмес, сөздөр жана сүйлөмдөргө тиешелүү болушу зарыл. Бул туурасында маалыматка ээ болушу үчүн ал албетте адабий ибараларды көп окушу, аларды текшерүүгө аракет кылышы, тээ өзүндө ышкы пайда болуп, бул ышкы себептүү маалыматтар пайда болгонго чейин, сөз жана сүйлөмдөрдүн сырларын аңдап жетүүгө күч сарфташы зарыл. Ошондуктан, адабий ибараларды түшүнүүдө ибаралар өз ичине алган маанилерге мухтаждык жок. Балким, ышкы алуу биринчи орунга коюлат. Бул ышкылануу окуу себептүү шыктануу жүзөгө келгенге чейин уланат. Адабий ибараларды түшүнүүдө нахв жана сарфты, балагат илиминдеги маанилерди, баянды, бадъиятты, тил-лугатты билүүгө зарылдык жок. Алар боюнча билимдүү болуу жакшы эсептелсе да, катуу берилип кетүү дурус эмес. Инсанда ышкылануу пайда болушу үчүн бир гана нерсеге мухтаждык

сезилет. Бул ибараларды көп окуу.

Бул адабий ибараларды түшүнүүнүн жолу. Т.а. аларды түшүнүү үчүн мурунтан ышкылануу болушу лазым, башкача айтканда, ылкылануу келип чыккан ибаралардын табияты тууралуу билим керек. Адабий ибаралар тууралуу мурунку маалыматтар ышкылланууга алып бара турган жол - ышкылануу пайда болгонго чейин адабий ибараларды көп окуу. Эгер ышкылануу вужудга келбесе, адабий ибараларды түшүнүү мүмкүн болбойт т.а. алар тууралуу фикрлөөдөн натыйжа чыкпайт. Туура, кээде анда болгон фикрди аңдоо, кээде андан көздөлгөн нерсени көрүү мүмкүн, бирок, аларды толук түшүнө турган даражада болбойт. Себеби, инсан ышкыланбаган жана эргүү албаган болот. Эгер ышкыланбаса жана эргүү албаса, демек түшүнбөгөн болуп эсептелет. Адабий ибараны түшүнсөңүз, ал сизди таасирлентип, толкундантып жиберет. Мындай абал вужудга келиши үчүн ушул ибараны окуп жаткан шахста ышкылануу болушу лазым, демек, ибараларды түшүнүү үчүн, ышкылануу вужудга келиши керек.

Ал эми **фикрий ибараларда** аклий билимдер негиз болот жана эң биринчи маанилерге этибар каратылат. Фикрий ибара бул акылдын тили, туйгунун тили эмес. Андан фикрди, айрыкча, акыйкаттарды жеткирүү көздө тутулуп, билимди иштетүү жана акылдарды таасирлендирүү максад кылынат. Андагы сөздөр жана сүйлөмдөр дыкат коюу, аныктоо, терең үйрөнүү менен ажыралып турат. Ал туйгуларга карабастан, акылга негизделген о.э. фикрий акыйкаттарды жаюуга жана терең үйрөнүүгө жетишүүдө мухтаж болуна турган билимдерге негизделген. Ошондуктан, фикрий ибаралар адабий ибаралардан бүтүндөй айырмаланат. Мунун себеби, адабий ибара акыйкат жана билимдерге терең токтолбойт жана андан акылды фикрлер менен азыктандыруу көздөлбөйт, балким, мына ушул акыйкаттарды зээнге жакындаштырууга аракет кылынат. Бирок, акыйкаттардын эң маанилүүсү жана көрүнүктүүсү тандалат. Башкача айтканда, жашыруун же ачык сүйлөмдөр аркылуу мүмкүн болушунча ачып берүү менен, таасирлене турган жана ишке киришиле турган нерсе тандалат. Бул фикрлерди берип жаткан сөздөр жана сүйлөмдөр сүйлөмдөр окурманды да, тыңдоочуну да толкундантып, туйгуларын козгой турган, кубануу жана ыраазылык, же ачуулануу жана нааразылык сыяктуу иш талап кыла турган туйгуларды пайда кылгыдай таризде болот. Фикрий ибара болсо андай эмес. Фикрий ибарада – туйгуну козгошу же козгобошуна карабастан – акылды фикрлер менен азыктандыруу

б.а. акыйкат жана билимдерге токтолуу максад кылынат. Анда фикрлерди жакындаштыруу эмес, аларды ачык көрсөтүү көздө тутулат. Фикрлерди көркөм баян кылуу эмес, аларды жакшы ачып берүү назарда тутулат, нааразы же ыраазы болуу, кубануу же ачууланyy сыяктуу туйгуну козгой турган нерселерге этибар берилбейт, балким, фикр кандай болсо ошондой баян кылынат. Ушул жактан фикрий ибараларды түшүнүү адабий ибараларды түшүнүүдөн бүтүндөй айырмаланат.

Фикрий ибаралар туурасында фикрлөө т.а. аларды түшүнүү ибаралар темасы жөнүндөгү сабик маалыматсыз болбойт. Эгер ушул маалымат болбосо, ибараны түшүнүү мүмкүн эмес. Себеби, бул ибара белгилүү бир вакиъликти түшүндүрөт. Эгер инсанда мына ушул вакиъликти тафсирлей турган сабик маалыматтар болбосо, ар кандай абалда да бул ибараны түшүнүшү мүмкүн эмес. Фикрий услубду түшүнүү үчүн сабик маалыматтарды мадлул-далалаты менен бирге түшүнүү зарыл. Эгер сабик маалыматтар болгону билип гана коюлуп, бирок, алардын вакиълиги идирек кылынбаса жана далалаты элестетилбесе, ал вакиъликтафсирлене турган сабик маалымат болуп эсептелбейт. Ал жөн гана билим болуп, анын фикрий ибараны түшүнүүдө пайдасы жок. Ошондуктан, фикрий ибараны түшүнүүдө сабик маалыматтын болушу эле эмес, балким, анын вакиълиги идирек кылынган, далалаты элестетилген болушу да шарт. Мисалы, сиз бир фикрий китепти окуп жатасыз. Китептин ибаралары бирер фикр же маселе жөнүндө болуп, арабча жазылган жана сиз да араб тилин билесиз. Бирок, арабчаны билишиңиз сөздөр жана сүйлөмдөрдүн маанисин түшүнүшүңүзгө жардам берсе да, бирок, мына ушул сөз жана сүйлөмдөр менен жазылган фикрлердин далалаттарын түшүнүүгө жардам бербейт. Бул фикрлердин далалаттарын түшүнүү үчүн сизде албетте сабик маалыматтар болушу керек жана бул маалыматтардын вакиълиги идирек кылынып, далалаты элестетилген болушу зарыл. Антпесе, фикрлерди тилдик (лингвистикалык) жактан түшүнүп аласыз да, мындай түшүнүү кээде фикрлер далалат кылган нерсеге дал келсе, кээде ага тескери келет. Ар кандай абалда да, фикрди эмес, тилди түшүнгөн болосуз.

Мисалы, мына бул ибараны окуп жатасыз: «Саясий аң-сезимдүү шахс түшүнүктөрүнө тескери болгон бардык түшүнүктөргө, багытына тескери болгон бардык багыттарга каршы күрөшкө киришүүсү керек. Ошол эле учурда, калкка өз түшүнүктөрүн жана багытын орнотууга киришиши зарыл». Бул ибара фикрий ибара.

Анын маанисин түшүнүшүңүз үчүн араб тилин билишиңиз, сөздөрү жана сүйлөмдөрүнүн далалаттарын изилдешиңиз жетиштүү болбойт, балким, сизде албетте белгилүү бир бурчтан келип чыккан саясий көз караш ачык-айкын болушу зарыл.

Бул үчүн дагы сизде багыттардын вакиълиги идирек кылынган жана алар далалат кылган нерселер элестетилген болушу керек. О.э. бул багыттарга каршы өз багытыңыздын күрөшүнүн вакиълиги, өз багытыңызды инсандар арасында орнотуунун вакиълиги идирек кылынган жана далалаты элестетилген болушу керек. Башкача айтканда, бул ибараны түшүнүү үчүн, саясий аң-сезим, күрөш, багыттар жана түшүнүктөр жөнүндө мурунку маалыматтар болушу жана алардын вакиълиги идирек кылынган, далалаттары элестетилген болушу зарыл. Ушул нерсе болбосо, маалыматтар маалымат бойдон гана калып, вакиълиги идирек кылынбаган, далалаты элестетилбеген болсо, бул ибараны түшүнүү мүмкүн эмес. Түшүнүлбөгөндөн кийин, аны миң жаттасаң да пайдасы болбойт. Ошондуктан, фикрий ибаралар бир имаратка окшош болот, андан бир кыш сууруп ташталса, имараттын сүрөтүн ошондойлугунча калтыруу мүмкүн болбогондой, ибарадан да бир харфты алып, башка жайга коюу, же бир сөздү башкасына алмаштыруу мүмкүн эмес, балким, ибара кандай болсо ошондойлугунча толук сакталыш керек. Себеби, ирада кылынган вакиълик т.а. аткаруу болжолдонгон фикрдин вакиъси белгилүү бир вакиълик, далалаты белгилүү бир сүрөт болуп, вакиъликтен же сүрөттөн бир нерсе өзгөрсө, түшүнүү да бүтүндөй же кысман өзгөрүп кетет. Демек, фикрий ибараны түшүнүү анын вакиъсин идирек кылууну, далалатын элестетүүнү талаб кылат, ал эми, вакиъликти идирек кылуу жана далалатын элестетүү болсо, сөздөр жана сүйлөмдөрдүн сакталышын талап кылат.

Фикрий ибара кээде адабий ибара сыйгасында (формасында) берилиши мүмкүн. Анда акыйкаттарды жакшы билүүгө кошумча түрдө туйгуларга таасир этүү да болжолдонот. Бирок, ал кандай болгондо да адабий ибара эмес, фикрий ибара болот. Фикрий ибаранын шарты туйгуларга таасир кылбоо эмес, балким – туйгуларга таасир этеби-жокпу, айырмасыз – акыйкаттарга жетишүү. Ошондуктан, фикрий ибаранын туйгуларга таасир этиши аны фикрий ибаралыктан чыгарып койбойт, ал фикрий ибара бойдон калат. Ырас, этибар фикрге берилген соң жана ибаранын башкы максаты фикр болгон соң, ошондой болот. Мейли, фикрий ибара туйгуларды козгоп жатса да, бирок, аны түшүнүү туйгуларды

козгобогон башка ибараларды түшүнүүдөн айырмаланбайт. Мындай ибараларды түшүнүү үчүн фикрлер жөнүндө сабик маалыматтар болушу керек о.э. фикрлердин вакиълиги идирек кылынып, далалаттары элестетилиши керек.

Туура, фикрий ибараларды ар бир инсан түшүнүшү мүмкүн жана анда – сакофаттары кандай болушуна карабастан – бардык инсандарга фикрлерди жеткирүү мүмкүнчүлүгү бар. Канчалык терең болбосун, аны бардык адамдар түшүнө алышы мүмкүн. Бирок, адамдардын түшүнүү деңгээли айырмалуу болгондуктан, мындай терең ибараларды бардык адамдар түшүнө бербейт, ар бир инсан өз деңгээлине жараша гана түшүнөт. Ооба, инсандар фикрий ибараны кудурети жетишинче түшүнүшөт, бирок, ар бир инсан эле ушул ибаралар жөнүндө фикрлей ала турган же толук түшүнө ала турган боло бербейт. Себеби, фикрий ибараларды сабик маалыматтарсыз түшүнүп болбойт, ал эми, ал сабик маалыматтар болсо өз деңгээлинде болушу керек. Б.а. ал сабик маалыматтардагы фикрлердин вакиълиги идирек кылына турган, далалаттары элестетиле турган деңгээлде болбосо, анда алардан пайдалануу мүмкүн эмес жана алардан фикр келип чыкпайт. Ар кандай инсандын бул ибараларды түшүнүү кудуретине ылайык түшүнүүлөрү – ар бир инсан бул ибараларды түшүнө алат дегени эмес. Сабик маалыматтары өз деңгээлинде болбогон кишилер бул ибараларды түшүнө алышпайт.

Кээде ушундай делиниши да мүмкүн, "фикр пайда болушу үчүн сезүү пайда болгон кезде сабик маалыматтардын болушу жетиштүү. Демек, фикрий ибараны түшүнүш үчүн, ибара өз ичине алган вакиъни тафсирлей турган маалыматтардын болушунун өзү эле аны түшүнүүгө жетиштүү го". Мунун жообу мындай, сабик маалыматтар дегени – ушул ибара өз ичине алган вакиъликти тафсирлеген маалыматтар. Ал эми вакиълик сабик маалыматтар өз деңгээлинде болсо гана тафсирлениши мүмкүн. Эгер сабик маалыматтар өз деңгээлинде болбосо, анда тилдик маалыматтар гана болуп калат да, алар тил жагынан тафсирлөөгө гана жетиштүү болуп, фикрди тафсирлөөгө жетиштүү болбойт. Бийлик (хукм) жөнүндө "ал кубат" деген сабик маалымат болсо, бирок, ал бийликтин маанисин түшүндүрүүгө жетиштүү эмес. Тескерисинче, анын маанисин түшүнүүдө адаштырып коюшу да мүмкүн. Эгер коом жөнүндө "ал инсандар жана алакалардан турат" деген маалымат болсо, бул да коомду өзгөртүү же коргоо үчүн жетиштүү болбойт, анткени, бул маалымат коомдун маанисин түшүндүрө турган деңгээлдеги

маалымат эмес. Ошондуктан, фикрий ибараны түшүнүш үчүн, сабик маалыматтар – жөн эле билим болбостон – фикр деңгээлинде болушу лазым.

Кээде мындай деп айтылышы мүмкүн. Эгер фикрий ибараны түшүнүү үчүн сабик маалыматтар өз деңгээлиндеги фикр даражасында болушу шарт болсо, анда ибаранын вакиъсин идирек кылуу жана далалатын элестетүүнүн шарты кандай болот? Мунун жообу мындай, фикрий ибараны түшүнүүдөн максад – лаззаттануу да, маанисин билүү да эмес – балким, ал амал кылуу үчүн түшүнүлөт. Мындай болбосо, андан пайда жок, анын кыйматы да калбайт. Фикрди түшүнүү – билүү үчүн эмес – амалга алуу үчүн керек. Фикрди алуу болсо вакиъни идирек кылып, далалатын элестетүү аркылуу жетишилет. Ушул жактан, сабик маалыматтарга кошумча, фикрий ибараны түшүнүүдө үч шарт бар: Биринчи, сабик маалыматтар өз деңгээлиндеги фикр болушу лазым. Экинчи, анын вакиълиги аны аныктап турган, башкасынан айырмалап турган абалында, кандай болсо, ошондойлугунча идирек кылынышы лазым. Үчүнчү, бул вакиълик чыныгы сүрөттү көрсөтө турган даражада туура элестетилиши зарыл. Мына ушул үч шарт камтылбаса, фикрий ибараны түшүнүү мүмкүн эмес, башкача айтканда, аны алуу мүмкүн эмес. Себеби, фикрди түшүнүү – аны билип коюуну эмес – алууну түшүндүрөт. Буга эң жакшы мисал Исламдын акыйдалары жана ахкамдарынан турган фикрлери. Булар арабдарга окуялардын садыр болушуна карап бөлүк-бөлүк болуп түштү. Арабдар аларды түшүнүп кабыл кылышканда, араб тилин билгендиги мүмкүнчүлүк бергени үчүн эмес, балким, ахкам жана акыйдалардын вакиъсин идирек кылышып, далалаттарын элестетишкени үчүн кабыл кылышты. Ошондуктан, бул фикрлер таасир этип, аларды бүтүндөй өзгөрүп жиберди, натыйжада, алардын назарында нерселердин кыйматы өзгөрүп кетти. Айрым нерселердин кыйматы ашса, айрымдарыныкы түшүп кетти. Алардын назарында жашоо үчүн зарыл нерселер башкача болуп калды. Бирок, арабдар фикрлердин вакиълигин идирек кыла албай, далалаттарын элестете албай калган убакта, бул фикрлерди түшүнө албай калышты. Б.а. алар бул фикрлерди кабыл алышпады жана ал фикрлер таасир этпей калды. Акыйкатта болсо, ал арабдардын арасында Маликтен аалымыраак мухаддистер, Абу Ханифадан чыгааныраак фукахалар жана Ибн Аббастан билүүчүрөөк муфассирлер бар. Бирок, алардын эч кимиси – Маликтин тушунда Мадинада жашаган, же Ибн Аббас кылымында Мадинада жашаган,

же Абу Ханифанын доорунда Мадинада жашаган – адамдардын деңгээлине жакындап да койбойт. Буга фикрлерди түшүнүүдөгү шалаакылык себеп болгон жок, балким, алардын вакиълиги идирек кылынбаганы жана далалаты элестетибегени себеп болду. Ошондуктан, фикрий ибараларды фикрлөө үчүн сабик маалыматтардын өз деңгээлинде болушу эле жетиштүү болбойт, балким, буга кошумча алардын вакиълиги идирек кылынышы жана далалаттары элестетилиши лазым.

Фикрий ибараларды түшүнүү аларды кабыл алуу үчүн гана болгонун түшүндүрбөйт, балким, аларды четке кагуу жана айрым учурларда аларга каршы күрөшүү керектигин да түшүндүрөт. Кабыл алуу – максад. Эгер ибара кабыл алынбаса, демек, ал таштала турган жана ага каршы күрөшүлө турган нерсе деп каралат. Эгер ибаранын вакиълиги идирек кылынбай, далалаты элестетилбесе, анда адашылат да, натыйжада, каршы күрөшүү лазым болгон нерсе кабыл алынып, алынышы лазым нерсе болсо ташталат, же болбосо, кабыл да алынбаган жана ташталбаган дагы жөн эле билим болуп калат. Ошондуктан, фикрий ибараларды түшүнүп алып, ага карата – аны кабыл алуу керекпи же аны таштоо жана каршы күрөшүү керекпи – деген мамилени  белгилеп алуу кааланса, анда анын вакиълигин идирек кылып, далалаттарын элестетип алуу зарыл. Фикрлердин вакиълиги аны так аныктаган жана аны башкасынан айырмалап турган деңгээлде идирек кылынышы о.э. анын далалаттары даана элестетилиши шарт, ошондо бул шарт фикрди катадан жана адашуудан сактайт о.э. инсандын бул фикрге карата туура мамилени белгилеп берет. Антпесе, бул фикрлердин зыяны билимге эле тийип калбастан, балким, аларды кабыл кылган шахсты кээде турмуштагы негизги иштерден буруп коёт, катага, тайылууга кириптер кылып, адаштырышы мүмкүн. Юнан фалсафаларын, капиталисттик жана коммунисттик фикрлерди үйрөнгөн мусулман перзенттеринин абалы буга жаркын мисал болот. Булардын баары вакиълик идирек кылынбаганы жана далалаттары туура элестетилбегени акыбетинде болот.

Мисалга юнан философиясын алып көрөлү. Бул философия Шам жана Ирак насранийлеринде бар эле. Мусулмандар ошол насранийлерге Ислам даъватын жеткиришет эле. Айрыкча, насранийлер Исламдын башкаруусу жана салтанаты астына кирген убакыттарында, мусулмандар менен кылган талкууларында юнан фалсафасын (философия) жана юнан мантыкын (логика) иштетишет эле. Насранийлерге раддия берүү үчүн мусулмандар да

– бул философия камтыган фикрлерди түшүнбөй эле жана логикадагы карама-каршылыктарды көрбөй эле – ушул философия жана логикадан пайдаланышты. Натыйжада, Исламды жаюу максадында үйрөнүлгөн мына ушул билим мусулмандарды ушундай абалга салып койду дейсиң, бир тайпа мусулмандар бул философияны андан лаззат табуу үчүн үйрөнүшсө, дагы бир тайпа насранийлерге раддия кайтаруу жана ислам фикрлеринин тууралыгына хужжат келтирүү максадында үйрөнүштү. Биринчи тайпадагы аалымдар юнан философиясы жолунан жүрүп, ошол философияны кабыл кылышты жана бул философия алардын сакофаттарына айланды, Исламга ушундай философиялык фикрлерге ылайык карап калышты. Ошондон мусулман философтору пайда болду. Алардын арасында катага түшүп, жолдон тайылгандар болду, кээ бирөөлөрү туура жолдон бурулуп, ачык адашууга кирип кетти. Кыскасы, ар эки тайпа тең, жолдон тайылгандар да, адашууга кеткендер да Исламды таштап, кафирге айланышты. Ошондуктан, мусулман философтору же ислам философтору деп аталган бардык шахстар – Ибн Синабы, аль-Фаробийби, Ибн Рушдбу, Аль-Киндиби, айырмасыз – баары кафирлер.

Ал эми, юнан фалсафасы жана юнан мантыкын үйрөнгөн экинчи тайпадагы мусулман аалымдары экиге бөлүнүшөт: Бир бөлүгү юнан философиясын негиз кылып, Ислам фикрлерин ошол философияга ылайыкташтыруу үчүн таъвил кылган жана философиялык фикрлерди Исламды фикрлерине колдонгон кишилер, алар муътазилалар. Дагы бир бөлүк ошол фикрлерге каршы чыгып, аларды сындаган жана аларды оңдоого урунган кишилер болуп, алар ахли сунналар. Ошентип бул эки фирка ортосунда тартышуулар келип чыкты жана алар тартышуулар менен алек болуп, Исламий даъватты жеткирүүдөн алек кылып койду жана Аллах фарз кылган негизги иштерден буруп жиберди. Бул иштер гойримусулмандарга Ислам даъватын жеткирүү жана мусулмандардын акыйдаларын оңдоого урунуу эле. Алар акыйдаларды оңдоодо Ислам фикрлеринин жарактуулугуна хужжат келтирүү үчүн юнан философиясынын фикрлерин иштетишти. Алар инсандарды бир нече муунга, бир нече кылымдарга ушул нерсе менен алек кылып коюшту. Алар мусулман болушса да, бирок, юнан философиясы себептүү Ислам даъватын жеткирүүдөн буруруп кетишкен.

Иш ушуну менен эле бүтүп калган жок, акыбетте Жабария,

Муржиия, Кодария ж.б.у.с. жамааттар пайда болду. Бул болсо мусулмандар арасында ар түрдүү агымдар, фиркалар, фикрлер жана жамааттарды вужудга келтирди. Акыр акыбет мусулмандар ондогон фиркалар жана ондогон мазхабдарга бөлүнүп кетишти. Булардын баары Ислам өлкөлөрүнө юнан философиялары кирип келиши жана көпчүлүк мусулмандар ошол философиялардын фикрлерин айырмалай билбестен, далалаттарын элестете албастан таалим алуулары акыбетинде жүзөгө келди. Эгер Исламдын өзүнүн кубаты болбогондо о.э. Ахли Сунна вал жамаанын садык жана ыхластуу позициясы болбогондо, иштер башкача болмок. Алар фикрлер далалат кылган вакиъликти баян кылышты жана далалаттарды туура сүрөттөп берүү менен ошол фикрлерге каршы күрөшүштү. Алар ушундай фирка жана мазхабдарга кылыч жылаңачтабаганда - юнан философиясы себептүү жана ал пайда кылган фикрлер акыбетинде – Ислам кайтып келбеген жана текке кеткен болор эле.

Ал эми, капитализм жана социализмдин коркунучу хис аркылуу ачык мушахада кылынып турат (б.а. ачык сезүү менен күбө болуп турабыз). Алардын залалаттуу фикрлери көпчүлүк мусулмандарды ээлеп алды, ал тургай, алардын ката түшүнүктөрү бардык мусулмандарга жайылып кетти. Буга далил келтирүүгө мухтаждык жок. Айрыкча, экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Ислам өлкөлөрүндө ушул фикрлер мусулмандардын акылдарын канчалык кыйратканы, аларды Ислам жолундагы амалдардан буруп жибергенин көрүнүп турат.

Ошондуктан, фикрий ибаралар жөнүндө фикрлөөнү жакшы билүү лазым, бул ибараларга сабик маалыматтардын өзү жетиштүү эместигин билиш керек, балким, бул маалыматтар албетте өз деңгээлинде болушу, алардын вакиълиги идирек кылынып, далалаты туура элестетилген болушу лазым.

Туура, Ислам фикрий таалимден кайтарбаган, фикрлерди алууну тыйбаган, балким, урухсат берген. Бирок, Исламий акыйданы фикрлерге негиз кылып, аларды алуу жана таштоого өлчөө кылган. Демек, акыйдага тескери фикрди камтыган ибараларды окууга урухсат берсе да, бирок, фикрди алууга урухсат бербейт. Ошондуктан, фикр бу фикрий коидага (б.а. негизге) тескери же дал келиши идирек кылынмайынча, ага карата мамиле белгилөө мүмкүн эмес. Бул үчүн фикрдин вакиълигин анык идирек кылуу жана далалаттарын мыкты элестетүү лазым болот. Антпесе, аны фикрий коида менен өлчөө, ага карата туура мамиле (позиция) белгилөө

мүмкүн эмес. Ошондуктан, фикрий ибаралар жөнүндө фикрлөөдө сабик маалыматтар өз деңгээлиндеги фикр болушу жана фикрдин вакиъси идирек менен түшүнүлүшү, далалаттары чыныгы элести (сурат) бере турган сахих элестетүү болушу зарыл.

Ал эми, **мыйзамчылык (ташриъий) ибараларында** камтылган фикрлерди түшүнүүгө, фикрлерди истинбат кылууга сөздөр, сүйлөмдөр жана алар далалат кылган нерселерди түшүнүүнүн өзү жетиштүү эмес. О.э. анда эч кандай сабик маалыматка мухтаждык жок, балким, эки нерсеге гана мухтаждык бар. Эң биринчи, сөздөр жана сүйлөмдөрдын далалатын, алардын маанилерин билүү лазым. Андан кийин фикрди түшүнүү же фикр истинбат кылуу үчүн белгилүү бир маалыматтарды иштетүү керек. Сөздөр жана сүйлөмдөрдүн маалыматтарын билүү үчүн тил жаатында билим болуш керек о.э. белгилүү бир терминдерди билүү зарыл. Ошондон кийин фикрлерди жана ахкамдарды түшүнүү келип чыгат. Бул амалият ар кандай мыйзамчылык фикрлөөсүндө колдонулса да, мында ташриъий фикрлөө жөнүндө сөз жүргүзгөндө ар кандай мыйзамчылыкты эмес, балким, жалаң исламий мыйзамчылыкты гана назарда тутабыз. Себеби, биз мусулман сыфатында исламий мыйзамчылыктан башка мыйзамчылык жөнүндө изденүүгө акыбыз жок. Акыйдабыз ташриъий фикрлөөбүздү жалаң исламий мыйзамчылыкка гана чектейт. Ал эми, исламий мыйзамчылыктан башка мыйзамчылыкты изденүүгө эле эмес, окууга да акыбыз жок. Себеби, мыйзамчылык лаззаттануу үчүн эмес, анда келген нерселерди алуу максадында окулат о.э. изденүү алып барылып жаткан убакта да аларды алуу максадында фикр жүргүзүлөт. Бизге Исламдан башка бирер нерсени, шаръий хукмдан башка хукмду алуу харам. Бизге адабий, фикрий жана саясий ибаралар сыяктуу мыйзамчылыктан башка ибаралар жөнүндө изденишибиз жаиз болсо да, бирок, Исламдан башка мыйзамчылыктарды окууга да, изденүүгө да акыбыз жок. Адабий ибараларды лаззаттануу үчүн окуйсуз, фикрий ибаралардан фикрлерге өлчөө чыгарып аласыз, саясий ибараларды болсо тышкы иштердин кандай башкарылышын билүү үчүн окуйсуз жана буларды тыя турган нерсе жок. Ал эми, мыйзамчылык ибараларын алуу үчүн окуйсуз жана изденесиз. Шаръий хукмдан башка хукмду алуу бизге адал болбогондой, исламий мыйзамчылыктан башка мыйзамчылыкты окууга да, изденүүгө да, үйрөнүүгө да акыбыз жок. Ырас, фикрлер акыйдага негизделген соң, акыйда ушул фикрлердин туура же каталыгына өлчөө болот, а шаръий ахкамдар

акыйдадан келип чыгат. Акыйдадан келип чыккан шаръий хукм болгон нерсе алынат, акыйдадан келип чыкпаган нерсе акыйдага дал келсе да, тескери келсе да четке кагылат. Ошондуктан, биз Исламдан башкасын албайбыз. Шаръий хукм акыйдадан келип чыгат жана алынат. Аллах Таала اقرأ **оку"** деп айтканда, окууга урухсат берди. Бирок, турмуш чечимдерин т.а. шаръий ахкамдарды алууга буюрган убакта, аларды алууну чектеп, ыйманга байлады жана ыймандан башка тараптан алууга тыюу салды. Демек, окууга хостолгон жана окууга болгон урухсат мыйзамчылыкка тиелешүү нерселерден башкасына хос. Мыйзамчылык т.а. ахкамдар (б.а. мыйзамдар) жана чечимдер урухсат ичине кирбейт, себеби, аларды башкасынан алууга урухсат жоктугун көрсөтүүчү шаръий нусустар бар. Ошондуктан, Исламий мыйзамчылыктан башка мыйзамчылыкты окубайбыз да, изденбейбиз да, үйрөнбөйбүз да. Ошондуктан, мыйзамчылык ибараларын изилдегенде биз жалаң гана исламий мыйзамчылыкты изилдейбиз.

Мыйзамчылыкты түшүнүүдө араб тилин жана исламий фикрлерди билүү лазым болсо да, жана дагы ал вакиълик тууралуу билимди жана түшүнүүнү талаб кылат. О.э. шаръий хукмду билүү керек. Андан кийин шаръий хукм вакиъликке колдонулат, эгер вакиъликке дал келсе, хукм болот, дал келбесе, башка хукм изделет. Мыйзамчылыкты түшүнүүгө ар бир инсан эле жетише бербейт. Бул үчүн сөз жана сүйлөмдөргө тиешелүү маселелерге о.э. мыйзамчылык жөнүндө фикрлөөгө тиешелүү маселелерге мухтаждык болот б.а. мыйзамчылык жаатындагы билим талаб кылынат. Дагы, алына турган же болбосо истинбат кылына турган хукмдун вакиълигин билүү зарыл. Мыйзамчылык ибараларын фикрлөөдө адабий ибараларды фикрлөөдөгү сыяктуу сөздөр жана сүйлөмдөргө көңүл буруу, фикрий ибараларды фикрлөөдөгү сыяктуу маанилерге көңүл буруу, саясий ибараларды фикрлөөдөгү сыяктуу хадисе, окуя жана шарттарга көңүл буруу жетиштүү болбойт. Балким, сөздөр жана сүйлөмдөргө, маанилер жана фикрлерге, үстүнөн өкүм чыгаруу көздөлүп жаткан вакиъ жана окуяларга – булардын баарына бир мезгилде көңүл буруу зарыл. Б.а. башка ибаралардан талаб кылынган нерселердин баары андан да талаб кылынат жана бул өз кезегинде терең жана жаркын фикрлөөнү талаб кылат. Мында терең фикрлөөнүн өзү жетиштүү эмес, ал эми, жаркын фикрлөө жетиштүү болот, анткени, ал тереңдиктен келип чыгат.

Мыйзамчылык ибаралары тууралуу фикрлөө гоянын ар түрдүү

болушуна карап ар түрдүү болот. Себеби, мыйзамчылык ибаралары туурасында фикрлөөдөгү гоя: же шаръий хукмду алуу үчүн болот, же шаръий хукмду истинбат кылуу үчүн болот, алардын ортосунда айырма бар. Шаръий хукмдарды билүү үчүн фикрлөөдө сөздөр жана сүйлөмдөрдын маанилерин билүү керек болсо да, бирок, нахв жана сарфты, лексика же балагатты билүү шарт эмес, балким, жазууну билбесе да, араб тилин окууну билүү жетиштүү. Мында арабча окуу жана окуганыңды түшүнүү ибарадагы шаръий хукмдарды билүүгө жетиштүү. Мейли, бул шаръий фикрлер жөнүндөгү билимди т.а. шарият жөнүндөгү сабик маалыматтарды билүүнү талаб кылса да – бирок, усули фикх илимин, аят жана хадистерди билүү зарыл эмес – болгону окуу менен шаръий хукмду түшүнүп алуу мүмкүн. Ошондуктан, мында вакиъликти билүү да лазым эмес, балким, мына бул хукм мына бул вакиъликке тиешелүү деп билүү жетиштүү. Мисалы, консерва этинин хукму кандайлыгын билүү үчүн мыйзамчылык ибарасы окулганда, өлүмтүктүн эти харам экендигин жана консерва эти өлүмтүк эти экенин билүү жетиштүү, себеби, ал шарият боюнча союлбаган. Дагы мисалы, одеколондун хукмун билүү үчүн мас кылуучу нерсенин харамдыгын жана одеколон да мас кылуучу нерсе экенин билүү жетиштүү болот ж.б.у.с. Демек, шаръий ибаралардан шаръий хукмду билип алуу үчүн, изделип жаткан хукмдун вакиълигин тафсирлөөгө жетиштүү сабик маалыматтар болушу жетиштүү.

Ал эми, шаръий хукмду истинбат кылуу үчүн окуунун өзү жетиштүү эмес, балким, бул үчүн үч ишти билүү керек, булар: сөздөр жана сүйлөмдөрдүн мааниси, шаръий фикрлердин о.э. фикрдин т.а. хукмдун вакиълиги. Буларды истинбат кылуу мүмкүн болгон даражада билүү зарыл. Мындай билим жөн гана билүүгө эмес, балким, хукм истинбат кылууга мүмкүнчүлүк берет. Мында араб тилинин нахв, сарф, балагат сыяктуу фандарын билүү; тафсир, хадис жана усули фикхтерди билүү; хукм истинбат кылынуу болжолдонгон вакиъликти билүү зарыл. Билүү зарыл делгенде бул темаларда мужтахид болуу зарылдыгын эмес, балким, ушулардан жетиштүү билимге ээ болуу түшүнүлөт. Демек, булардан хабардар шахс бирер сөздүн маанисин билүү үчүн сөздүккө кайрылышы мүмкүн. Нахв, сарф мужтахидинен сурашы же китептерден карашы мүмкүн. Хадис аалымдарына же хадис китептерине кайрылышы мүмкүн. Ошентип, кимден болсо да сураш мүмкүн, ал тургай, кафирден да. Вакиъликти жакшы билген адамдарга, вакиъликти

жакшы талдаган китептерге кайрылына берет. Демек, билүү дегени сөзсүз мужтахид же аалым болуш керек дегенди түшүндүрбөйт, балким, истинбат кылууга жетиштүү билими бар адам болсо болду. Шарият өкүмүн билүүгө караганда истинбат кылуу көп билим талаб кылса да, бирок, истинбат кылууга керектүү үч нерсенин ар бири жаатында мужтахид болушу лазымдыгын түшүндүрбөйт, балким, истинбат кылууга жетиштүү билимге ээ болушу керектигин түшүндүрөт. Качан адам истинбат кылууга кудуреттүү болсо, ошондо мужтахид эсептелет. Ошондуктан да, истинбат кылуу же ижтихад кылуу бардык инсандардын колунан келе турган иш. Айрыкча, азыр араб тили, Исламий шарият жана турмуш вакиъси тууралуу китептер бар, аларга баары оңой эле кайрылышы мүмкүн. Ошондуктан, шаръий ахкамдарды билүү ар бир шахска оңой болгондой, шаръий ахкамдарды истинбат кылуу да оңой, мейли, мында көп билимдерди т.а. сабик маалыматтарды көбүрөөк билүү зарыл болсо да.

Бизден мурдагы шахстар ижтихад жана истинбат кылуу жолдорун чектеп, билимдин өзү менен чектелип калышкан жана алардын баары таклидчи болушкан. Хадисе жана окуялар жаңыланып турса да, аларга хукм табылбаган. Шаръий ахкамдарга чектелип, турмуш майданына жогорку деңгээлде кирип барууга токтом кылган ушул учурубузда, таклид кылуудан истинбат кылуу даражасына көтөрүлүшүбүз жана турмуш иштеринин баарын шаръий ахкамдар менен оңдошубуз шарт. Бул болсо бизге истинбат үчүн керектүү билимди пайда кылуудан башка несени жүктөбөйт.

Туура, шаръий хукмду билүү фарзи аъйн болсо, шаръий ахкамдарды истинбат кылуу фарзи кифая. Бирок, хадисе жана окуялардын жаңылануу зарылчылыгы о.э. шаръий хукмдан башка нерсени алууну Ислам харам кылгандыгы мына ушул фарзи кифаяны аъйндай зарыл кылып коёт. Ошондуктан, умматта истинбатчылар жана мужтахиддердин көптөгөн жамааты болушу зарыл.

Мындан белгилүү болгондой, мыйзамчылык тууралуу билүү фикрлөөнүн эң кыйын түрлөрүнөн болушу менен бирге – шаръий хукмду билүү үчүнбү, же истинбат кылуу үчүн фикрлөө болобу, айырмасыз – бул исламий уммат үчүн эң керектүү фикрлөө. Бирок, шаръий хукмду истинбат кылуу тууралуу фикрлөө жеңил-желпи жана жөнөкөйлүк менен алынышы дурус эмес, балким, буга олуттуу этибар менен жандашуу керек. Керектүү маалыматтарга ээ болбогон адам ага жакындашпашы керек. Мыйзамчылык

ибараларын фикрлөөдө зарыл болгон үч ишти т.а. араб тилин, шаръий маселелерди, вакиъликтин акыйкатын билүү важиб. О.э. ушул вакиъликке шаръий хукмдун дал келишин билүү важиб. Дал келүү истинбат кылуу үчү зарыл болгон керектүү билимдердин бири эсептелбесе да, бирок, ал ушул үч ишти туура билүүнүн натыйжасы.

Бул мыйзамчылык туурасында фикрлөө т.а. вакиъликке байлануучу маалыматтар – вакиъликтин хукмун билүү үчүн же хукм истинбат кылуу үчүн жетиштүү маалымат болушу. Ырас, душмандарыбыз бизди чалгытууда ийгиликке жетишип, бизди "бал – чымындын кыгы" деп биле турган жана ага мурун чүйрүй турган кылып коюшкан соң т.а. фикхти жаман көрсөтүп, андан жүз үйрүй турган кылып койгон соң, эми мына ушул чалгытуунун жүзүн ачып таштап, бак-саадатыбыз да, жашообуз да шаръий ахкамдарда деп билишибиздин т.а. фикх аркылуу, шаръий өкүмдөрдү билүү аркылуу, истинбатты билүү аркылуу болушун билүүнүн убагы келди. Айрыкча, жарандык мыйзамдар сыяктуу Исламдан болбогон мыйзамчылыктар тогуттардын шарияты экенин, алар Куръандын ачык аяттары көрсөткөн куфр мыйзамчылыгы экенин билүүнүн да кези келди.

Исламий мыйзамчылык ибараларын фикрлөө башка ар кандай ибаралар жөнүндө фикрлөөдөн айырмаланат. Адабий ибараларды фикрлөөдө сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү билүүгө, мына ушул билүүдөн пайда боло турган ышкылануугa мухтаж болунат. Фикрий ибараларды түшүнмөкчү болуп жатканда, анын өзүнүн деңгээлиндеги билим зарыл. Саясий ибараларды фикрлөө хадисе жана окуяларды билүүнү талаб кылат. Ал эми мыйзамчылык ибараларын түшүнүү болсо, фикрлөөнүн башка түрлөрү талаб кылган нерселердин баарын талаб кылат. Себеби, мында сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү билүү да; шаръий вакиъликти билүү да; шаръий хукм колдонула турган хадисе жана окуяларды билүү да зарыл. Мыйзамчылык жөнүндө фикрлөө ар кандай фикрлөөгө караганда кыйыныраак жана мусулмандарга зарылыраак.

***САЯСИЙ фикрлөө***

Мыйзамчылык туурасында фикрлөө мына ушул. Ал эми, саясий фикрлөө мыйзамчылык туурасында фикрлөөдөн бүтүндөй айырмаланат, мейли, алар бир түрдөн болушса да. Себеби, мыйзамчылык туурасында фикрлөө инсандар проблемаларын муалажа кылуу үчүн болот, саясий фикрлөө инсандардын иштерин башкаруу үчүн болот. Бул жерде эки фикрлөөнүн ортосунда айырма

бар. О.э. ал адабий фикрлөөгө да тескери. Адабий фикрлөө сөздөр жана сүйлөмдөрдөн лаззаттануу, маанилерге суктанууну жана буларды чырайлуу ифадалоону түшүндүрөт. Ал эми, саясий фикрлөөнүн фикрий фикрлөөгө салыштырылышынын тафсилаты бар. Эгер саясий фикрлөө саясий илимдер жана изденүүлөр туурасында болсо, саясий фикрлөө менен фикрий фикрлөө дээрлик бир түрдөгү фикрлөө болуп, бири-бирине окшош болот. Бирок, фикрий фикрлөөдө сабик маалыматтар изилденип жаткан фикрдин деңгээлинде болушу шарт, мейли, анын түрүнөн болбосо да, бирок, ага байланыштуу болгондуктан ушундай болот. Ал эми, саясий фикрлөөдө изилденип жаткан фикрдин деңгэлиндеги сабик маалыматка мухтаж болунса да, бирок, өзгөчө ушул темадагы сабик маалыматка мухтаж болунат, ага байланыштуу болушу жетиштүү болбойт. Ошондуктан, саясий ибараларни фикрлөө менен фикрий ибараларды фикрлөө фикрлөөнүн бир түрүнөн болуп эсептелет.

Эгер саясий фикрлөө хабарлар, окуялар жана хадиселер тууралуу фикрлөө болсо, анда ал бардык түрдөгү фикрлөөлөргө тескери келет, алардын эреже-коидаларынын бири да иштебейт, эч кандай эрежеге байланбайт. Ошондуктан, ал фикрлөө түрлөрүнүн татаалы жана бийиги. Туура, фикрлерге пайдубал болгон, чечимдер келип чыга турган фикрий коида (негиз) бардык түрдөгү фикрлөөдөн жогору. Бирок, мына ушул фикрий негиздин өзү саясий фикрат жана саясий фикр. Эгер ал саясий фикрат да, саясий фикр да болбосо, анда ал сахих негиз болбойт жана негиз болууга да жарабайт. Ошондуктан, фикрлөөнүн бийиги дегенибизде, ал фикрий негизди да өз ичине алат т.а. фикрий негиз болууга жарайт. Ал эми, фикрлөө түрлөрүнүн татаалы экендигине келсек, ага пайдубал боло турган жана ал кыястала (өлчөнө) турган бирер эреже-коида жок. Ошондуктан, бул нерсе фикрлөөчүнү чалгытып коёт, иштин башында эле көптөгөн катага учуратып, адаштырат. Эгер саясий тажрыйба болбосо жана күнүмдүк окуялар күзөтүлүп, сергек турулбаса, саясий фикрлөөгө мүмкүнчүлүк табуу кыйын. Ошондуктан, саясий фикрлөө бардык түрдөгү фикрлөөлөрдөн айырмаланып турат жана алардын мумтазы.

Саясий ибараларды фикрлөө саясий илимдер жана саясий изденүүлөр ибараларын өз ичине алса да, бирок, чыныгы саясий фикрлөө – бул хабар жана окуяларды фикрлөө. Ошондуктан, хабарларды фикрлөө чыныгы саясий ибара болуп эсептелет. Эгер киши саясий фикрлөөнү каалаcа, хабарлардын текстин, айрыкча, алардын ифадасын жана ушул ифаданы кандай түшүнүүнү

фикрлеши лазым, себеби, бул саясий илимдерди жана саясий изденүүлөрдү фикрлөө эмес. Себеби, саясий илимдер жана саясий изденүүлөрдү фикрлөө, кудум фикрий ибараларды фикрлөө сыяктуу билим берип, терең же жаркын фикрлөөнү келтирип чыгарса да, бирок, фикрлөөчүнү саясатчы (политик) кыла албайт, болгону, саясатты билүүчү (политолог) кылат. Себеби, саясий киши – саясий илимдерден жана изденүүлөрдөн хабардар болобу же хабарсызбы, айырмасыз – ал хабарларды, окуяларды, алардын далалаттарын жакшы түшүнө турган жана аракетке киришиши мүмкүн болгон билимге ээ киши. Саясий изденүү жана саясий илимдер хабар жана окуяларды түшүнүүдө жардам берсе да, бирок, бул жардам маалыматтар түрүн пайда кылууда жардам берүүдөн ары өтпөйт. Ушул себептүү ал саясий фикрлөөдө болушу шарт эмес.

Өкүнүчтүүсү, динди мамлекеттен ажыратуу фикраты пайда болуп, бул фикрат ээлери орточо чечим менен алектенгенден бери, Европа жана Америка өзүнүн турмуш жөнүндөгү көз карашы негизинде, орточо чечим негизинде, кызыкчылык жана келишүү негизинде жүзөгө келген саясий илимдер жана саясий изденүүлөр темасында китептер, адабияттар чыгарууга ээлик кылды. Коммунизм фикраты келип, бул фикратка коммунисттик мамлекет болгон Россия ыьтикод кылган убакта, Россиядан орточо чечим негизинде эмес, балким, туруктуу фикр негизинде саясий изденүүлөрдү жаратат деп үмүт кылынган эле. Бирок, Россия да Батышка ээрчип кетти. Ошондуктан, саясий изденүүлөр, саясий илимдер мазмун жагынан эмес, форма жагынан гана айырмаланып, бирок, багыт ошол бойдон уланды. Ушундан келип чыгып айтсак, азырга чейин жаратылган саясий изденүүлөр жана саясий илимдердин тууралыгына акыл канааттанбайт. Алар күмөн жана божомолдордон турган психология ысымдуу илимге окшош саясий изденүүлөр болуп калды, буга кошумча, алар орточо чечим үстүнө курулган. Ошондуктан, мына ушул илимдер жана изилдөөлөрдүн ибаралары жөнүндө фикрлөө жараяны жүрүп жатканда, киши этият жана сергек болуп, алардын катасына түшүп калбашы керек. Себеби, бул изденүүлөр вакиъликке тескери фикрлерди жана гоясы ката изденүүлөрдү өз ичине алган. Батыш мыйзамчылыгына байланыштуу болгон башкаруу түзүмү саясатын окубоонун жана үйрөнбөөнүн тарапкери болсок да, бирок, бул ибараларда фикрий жана саясий изденүүлөр да бар экенин этибарга алып, аларды этияттык жана сергектик менен үйрөнүнүн зыяны жок.

Батыштагы саясий изденүүлөрдү өз ичине алган айрым фикрлерди үлгү катары келтирмекчибиз. Батышта мамлекетти башкаруу жамаий (коллективдүү) башкаруу болуп, бул премьер-министр жетекчилигиндеги министрлер кабинетинде көрүнөт. Мында Чыгыш да Батышка ээрчиди, бирок, ага башкача форма берип, аны коллективдүү башкаруу деп айтты. Бул болсо вакиъликке тескери жана орточо чечимге негизделген. Себеби, мурун Европада башкаруу залим королдордун жеке колдорунда болгон. Инсандар королдордун зулумунан жабыр тартышкан жана мунун себеби жеке башкарууда деп эсептешкен. Натыйжада, башкаруу жеке адамда эмес, калктын колунда болсун дешип, министрлер кабинетин түзүшкөн. Мына ушул орточо чечим болгон. Себеби, министрлер кабинети калк эмес, калк тарабынан шайланбаган да, жана дагы министрлерге премьер-министр жетекчилик кылат. Ушундайча, башкаруу калкка да, жеке адамга да берилбей, премьер-министр жана анын кабинетине тийди, ошентип, башкаруу жеке адам менен калктыкы болушунун ортосундагы орточо чечим пайда болду. Бул башкарууга карата чечим эмес, балким, ал ар эки тарапты ыраазы кылуу. Мындан тышкары, иштин вакиълиги көрсөтүп тургандай, демократиялык түзүмдөрдүн бардык түрлөрүндө башкаруу жеке шахста калган. Вакиъликте аны же президент башкарат, же премьер-министр башкарат. Демек, башкаруунун вакиълиги – жеке шахс башкаруусу, ал эч кандай абалда жамаий болушу мүмкүн эмес. Ал тургай, жамаий кылынса да, же коллективдүү башкаруу деп аталса да, башкаруу ишинин өзү аны жеке шахс башкаруусуна айлантып коёт, себеби, ал жалаң жеке шахстын башкаруусунда гана болот.

Батышта өкүмдарлык калкка берилген. Калк мыйзам чыгарат, калк башкарат, калк эрк-каалоого да, аткарууга да ээ. Бул да вакиъликте тескери болуп, орточо чечимге негизделген. Себеби, мурун каалоо жана токтом залим королдор колунда болгон. Алар мыйзам чыгарышкан жана аны менен калкты башкарышкан. Инсандар ошол королдорго наразылык билдиришкен, мунун себеби каалоо да, токтом да королдордо болгондугу эле. Кийин адамдар өкүмдарлык калктыкы, калк мыйзам чыгарат, калк башкарат дешти. Мыйзам чыгарууну калктан шайланган кеңешке беришти, аткарууну болсо министрлер кабинетине, премьер-министрге же президентке тапшырышты. Чындыгында, бул да орточо чечим. Себеби, депутаттар кеңеши калк тарабынан шайланса да, бирок, алар мыйзам чыгарбайт, балким, мыйзамды

аким чыгарат. О.э. башкарууну министрлер кабинети, же болбосо, өлкө жетекчиси – президент башкарат. Мейли, аны калк шайласа да, бирок, мындан калк башкаруусу (элдик бийлик) көрүнбөйт, балким, мындан акимди калк тандаганы гана көрүнөт. Демек, бул да орточо чечим болду. Мындан тышкары, алар "өкүмдарлык мыйзамга берилген, каерде мыйзам бийлиги болсо, ошол жерде туура башкаруу болот" дешет. Ушулардан улам, бул түзүм орточо чечим жана өзүн-өзү алдоо болду. Мунун үстүнө, башкаруунун вакиълиги мындан бүтүндөй башкача. Туура башкаруунун вакиълиги мындай, калк акимди өзү дайындайт жана өкүмдарлыкты мыйзамга берет. Демек, өкүмдарлык калктыкы эмес жана башкаруу да ар кандай абалда калктын колунда болбойт.

Батыштын эсептешинче башкаруу өзүнчө, туйгулуу жана диний иштер өзүнчө. Алардын назарында чиркөө салтанаты мамлекет салтанатынан башка. Туйгулуу иштер кайрымдуулук, кембагалдарга жардам берүү, майыптар мекемелери ж.б.у.с. иштер катарына кирип, мамлекет буга киришпейт. Бул динди мамлекеттен ажыратуу фикратына жана орточо чечим үстүнө курулган о.э. вакиъликке тескери. Себеби, мурун залим королдор чиркөөлөргө өкүмдарлык кылышар эле, бирок, кайрымдуулук иштерин кылышпас эле. Ошондуктан, адамдар көтөрүлүш кылышты. Ошондо чиркөөнү мамлекеттен ажыратуу керек деген орточо чечим чыкты, натыйжада, аны менен бирге кайрымдуулук иштери да мамлекеттен ажыратылды. Ушундан кийин мамлекеттик бийликтин жанында чиркөө бийлиги пайда болду жана Кызыл чырым сыяктуу кайрымдуулук коомдоору түзүлдү. Бирок негизи, башкаруунун вакиълиги инсандардын иштерин башкаруу болгон соң, демек, дин да, туйгулуу иштер да башкаруу иштерине кирет. Ошондуктан да, мамлекет чиркөөлөрдү жашыруун түрдө болсо да башкарат, кайрымдуулук коомдорун да жашыруун таризде көзөмөлдөйт. Ошондуктан, бул назария – башкаруу менен башка нерсе ортосунда сыртынан ажыратуу бардай көрүнсө да, бирок чындыгында – вакиъликке тескери.

Мына ушул үч фикр Батыштагы саясий изденүүлөрдө камтылган саясий фикрлердин каталыгынан үлгү болду. Эгер бул түзүмдөргө байланыштуу саясий фикрлер жөнүндөгү сөз делинсе, нерселер жана окуяларга байланыштуу саясий фикрлер жөнүндө да ушундай деш мүмкүн. Мындай саясий фикрлерде акылды чалгыта албай турган кээ бир акыйкаттар болсо да, баары бир алар вакиъликке тескери нерселер жана жалгандарга толуп ташкан. Мисалы, англис

саясаты жөнүндө мындай дешет: «Англис саясаты үч маселе үстүнө курулган, Англиянын Америка менен болгон алакасы, Англиянын Европа менен болгон алакасы жана Англиянын мурдагы колониялары т.а. Британия кызматташтыгы деп аталган мамлекеттер менен болгон алакасы». Бул вакиъликтин сыфаты болуп, анда ката жок. Бирок, Англиянын союздаштарга карата алакасы, достору же душмандарына карата алакасы о.э. калктар жана умматтарга карата алакасы жөнүндө сөз жүргүзүшкөндө, алардын бул сөздөрү адаштыруудан турат жана вакиъликке тескери о.э. окуя жана акыйкаттарды бурмалоолорго толгон. Мындай сөздөрдү кайсы гана мамлекет сүйлөбөйт дейсиз. Батыш же батыштан тышкары бардык мамлекеттер – өтмүштөгү иштер жөнүндөгү тарыхий сөзбү, же азыркы окуялар жөнүндөгү жаңылыкпы, көз алдыбызда жүз берип жаткан окуяларбы – адаштырууда ушундай чебер болуп кетишкен, алар ар кандай кандай көзү ачык адамды да алдап коюшат. Ошондуктан, саясий илимдер, саясий изденүүлөр жөнүндөгү фикрлөө жалаң ойгоктук жана сергектик менен болушу лазым.

Эми окуялар жана хадиселер жөнүндө саясий фикрлөөгө келсек, анда мына ушул сөздүн далалаты менен бирге алып барылган саясий фикрлеш болушу туура. Мына ушундай фикрлөө фикрлөөчүнү саясатчыга айландырат. Мындай фикрлөөдө бири-биринен ажыралбаган беш негизги иштерге мухтаждык болот:

Биринчиден: Дүйнөдө болуп жаткан бардык окуяларды т.а. бардык маалыматтарды үзбөстөн күзөтүп баруу зарыл, бул үчүн ар түрдүү хабарлардын маанилүү жана маанисиз жактарына, окуя жана хадиселерге же аларды жеткирүүдөн көздөлгөн максадка, кабардын үзүлүп калышы же муфассал жеткирилүү жактарына кароо лазым. Эгер хабарлар үзгүлтүксүз күзөтүлсө, тажрыйба аркылуу жана убакыттын өтүшү менен, бара-бара алардын баары эмес, балким, билим халкалары үчүн билүү лазым болгондору гана күзөтүлө турган болуп калат.

Экинчиден: Окуя жана хадиселердин махият-мааниси тууралуу т.а. хабарлардын далалаттары жөнүндө – башынанбы же жарымынанбы, айырмасыз – маалыматтарга мухтаж болунат. Бул маалыматтар географиялык, тарыхий, фикрий, саясий же башка маалыматтар болушунун айырмасы жок, айтор, окуя жана хадиселер жөнүндө фикрлөө үчүн жетиштүү болсо болду т.а. хабарлардын далалаттарына жетишилсе болгону.

Үчүнчүдөн: Окуяларды өзүнүн шарттарынан ажыратпоо,

жалпылаштырбоо. Ажыратуу, жалпылаштыруу жана жалпы салыштыруу бул окуя жана хадиселерди түшүнүүнүн т.а. хабарларды билүүнүн апааты болот. Демек, окуя жана хадиселер өз шарттарынан эч бир ажыратылбай, алар өз шарттары менен бирге алынышы зарыл. О.э. хадисе өз шарттарына чектелиши керек б.а. хадисе өзүнө окшош башка хадисеге же башка бардык хадиселерге салыштыруу менен жалпылаштырылбайт, балким, ар бир хадисе өзүнчө алынып, ага өзүнчө хукм чыгарылат.

Төртүнчүдөн: Окуя жана хадиселер ажырата билүү керек т.а. хабарды толук айкындаштыруу жолу менен ажырата били ш керек, анын булагын, окуянын жүз берген жайын, убагы жана абалын, пайда болуудан же хабар кылынуудан көздөлгөн максадды, хабардын толук же чалалыгын, чын же жалгандыгын жана башка айкындаштырыла турган тараптарын билүү керек. Себеби, мына ушул айкындаштыруу ажырата билүүнү пайда кылат. Хабар айкындаштыруу канчалык терең жана ар тараптуу болсо, ажыратуу да айкыныраак болот. Хабарлар ажыратылбаса, окуя жана хадиселерди классификациялап болбойт. Антпесе, жалган жана катанын курмандыгы болунат. Ошондуктан, ажырата билүү хабарды алуудагы, ал тургай, аны угуудагы маанилүү компонент.

Бешинчиден: Хабарды маалыматтарга, айрыкча, башка хабарларга байлоо. Мына ушул байлоо хабардын тууралыгына эң жакын тыянакка алып барат. Эгер хабарлар байлана турган нерселерине байланбаса, катага алып барат, жалгандын курмандыгы болунат. Мисалы, хабар мамлекеттер аралык саясатка тиешелүү болсо, аны жергиликтүү саясатка байлап алуу; жергиликтүү саясатка байланыштуу болсо, аны мамлекеттер аралык саясатка байлап алуу; экономикалык хабар болсо – негизи, ал саясий иштерге байланыштуу болот да – аны экономикага байлап алуу; же болбосо, Германияга тиешелүү хабар болсо – бирок, ал Америкага тиешелүү иштерге байланыштуу болот да – бирок, Германияга байлап алуу сыяктуу. Демек, хабар лазым болгон нерседен башка нерсеге байланса, адаштыруу жана алдоого курмандык болуудан мурун, ката болушу анык. Ошондуктан, хабарды өзүнө тиешелүү нерсеге байлоо зарыл жана ал билип коюу үчүн эмес, түшүнүү жана ажыратуу үчүн байлоо болушу, билим үчүн эмес амал кылуу үчүн байлоо болушу керек.

Мына ушул беш иш саясий ибаралар жөнүндө фикрлөө жүзөгө келиши үчүн зарыл. Бул беш иш көп, оор жана ишке ашышы татаал деп айтылбайт. Мындай деп айтпаш керек. Себеби, бул иштердин

вужудга келиши кыйын эмес. Анткени, алардан тереӊ билим эмес, хабардар болуу максад кылынган, бул бир убакта жүз бербейт, мындай иштер сабак алуу жана илимий изденүү жолу менен эмес, балким, дайыма күзөтүп баруу менен жүзөгө келет. Туура, сабак алуу жана илимий изденүү буга жетишүү үчүн көп жардам берет. Бирок, булар саясий фикрлөө үчүн зарыл эмес, саясатчыга зарыл эмес, кошумча иштер. Беш иштин ичинен эӊ маанилүүсү дайыма күзөтүү болуп, качан гана ушундай күзөтүү болсо, калган төртөөсү да вужудга келет. Негизи, саясий фикрлөө дайыма күзөтүү үстүнө курулат, мындай күзөтүү болсо саясий фикрлөө табийгый түрдө келип чыгат.

Ушуга ылайык, саясий фикрлөө оор жана бийик болушуна карабастан о.э. адамдардын акыл жана фикрлөө деӊгээли түрдүүлүгүнө карабастан, ал ар бир адам жетише турган нерсе. Карапайым болобу, жөндөмдүү болобу, кыскасы, ар бир киши да саясий фикрлеп, саясий шахс болушу мүмкүн. Себеби, саясий фикрлөө белгилүү бир деӊгээлдеги түшүнүүнү же белгилүү бир деӊгээлдеги билимди талаб кылбайт, балким, окуя жана хадиселерди үзгүлтүксүз күзөтүүнү талаб кылат. Мына ушул үзгүлтүксүз күзөтүүдөн саясий фикрлөө пайда болот. Үзгүлтүксүз күзөтүү үзүлүп калышы дурус болбойт. Себеби, окуя жана хадиселер ар тараптуу байланган чынжырды түзөт, эгер андан бир халка-шакекче үзүлсө, чынжыр үзүлөт, шахс хабарларды байлай албай калат, демек, аларды түшүнө албай калат. Ошондуктан, чынжырдын бүтүндүгү саясий фикрлөө үчүн өтө зарыл. Башкача айтканда, үзгүлтүксүз күзөтүү – саясий фикрлөөнүн негизги шарты.

Саясий фикрлөө жалаӊ жеке шахстарга хос эмес, балким, ал жамааттарда т.а. калктар жана умматтарда да болот. Адабий фикрлөө жана мыйзамчылык фикрлөөсү жеке шахска хос болуп, жамааттарда болбойт, ал эми саясий фикрлөө алардай эмес, ал шахстарда болгондой эле жамааттарда да болот, ошондуктан, ал жеке шахстын фикрлөөсү да, жамааттын фикрлөөсү да болот. Демек, саясий фикрлөө калктар жана умматтарда да болот о.э. саясатчы шахстарда да болот. Саясий фикрлөөнүн шахстарга чектелип калышы туура эмес эле болуп калбастан, балким, ал калктар жана умматтарда да болушу лазым. Ал калктар жана умматтарда болбосо, туура башкаруу түзүмү вужудга келбейт, ойгонуу келип чыкпайт, калктар жана умматтар рисалаттарды көтөрүп чыгууга жараксыз болушат. Саясий фикрлөө калк жана умматта албетте болушу керек. Мунун себеби, башкаруу калк же

умматка тиешелүү. Башкарууну калк жана уммат өз колдору менен бербесе, эч кандай күч аны тартып ала албайт. Эгер ал калктан же умматтан зордук менен тартып алынса, ал зомбулук аз гана убакытка уланышы мүмкүн. Анткени, калк жана уммат мындай башкарууну кайра өз колуна алууга умтулат жана зордукчул башкаруу кыйрайт. Ырас, башкаруу калк жана умматка тиешелүү болгон соң, демек, мына ушул калк же умматта саясий фикрлөө болушу зарыл. Ошондуктан, саясий фикрлөө акимдерден да мурда уммат үчүн абдан зарыл о.э. башкарууну колго алуудан да көбүрөөк, аны адилеттүү алып баруу зарыл. Ошондуктан, уммат же калк саясий сакофат менен сакафаттанышы, анда саясий фикрлөө болушу лазым. Т.а. жасалма түрдө эмес, табигый түрдө саясий хабарларды угууну өстүрүү керек, адаштыруу курмандыгына айланбашы үчүн, ага саясий сакофат жана хабарлар туура берилиши керек. Ушундай болсо, саясат да, саясий фикрлөө да умматка же калкка тирүүлүк тартуулайт, болбосо жансыз болуп, аракеттен жана өсүүдөн токтойт.

Ал эми саясатты түшүнүүдөгү ката жана адашуу саясий ибараларды куду адабий, фикрий, ташриъий ибараларды фикрлөөгө окшоп фикрлеп алуудан келип чыгат. Мындай фикрлеген адам сөздөр жана сүйлөмдөрдү кандай болсо ошондой бойдон түшүнөт. Же мына ушул сөз жана сүйлөмдөр өз ичине алган маанилерди чагат, же мына ушул сөз жана сүйлөмдөрдүн далалаттарын түшүнөт. Мына ошондо адашуу жана ката жүз берет. Себеби, саясий ибараларды түшүнүү башка ар кандай ибараларды фикрлөөдөн бүтүндөй айырмаланат. Ошондуктан, саясий фикрлөөдөгү ката да, коркунуч да саясий ибаралар менен башка ибаралардын арасын ажырата албагандыктан келип чыгат. Мисалы, саясий ибаралардын маанилери кээде ибаранын өзүндө, кээде андан тышкарыда, кээде болсо сөздөр жана сүйлөмдөрдүн ифадасында болот, мисалы, эки тараптуу келишимдер, маанилүү документтер сыяктуу. Кээде маани ифадада эмес мааниде, кээде маанилерде да, сөздөрдө да эмес, далалаттарда болот. Эгер саясий ибаранын маанилери мазмун жагынан ибаранын өзүндө же сыртында экендиги идирек кылынбаса, анда ибараны түшүнүү кыйын болот жана акыбетте саясий ибараны түшүнүүдө ката же адашуу жүз берет.

Саясий фикрлөө үчүн кооптуу болгон иштер: окуяны шарттарынан ажыратуу, жалпылаштыруу жана жалпы жөнүнөн салыштыруу. Себеби, саясий ибара өзүнүн шартынан эч кандай

абалда ажыратылбайт, анткени, ушул шарттар анын бир бөлүгү. Анын эч кайсы жактан жалпылаштырылышы жана жана жалпы жөнүнөн салыштырылышы да дурус эмес, ал тургай жөнөкөй салыштыруу да мүмкүн эмес. Шарт саясий ибаранын бир бөлүгү болуп, ал эми ибара белгилүү бир окуя жөнүндө болот. Демек, шарт бир окуя үчүн гана алынат, башкасы үчүн алынбайт, жалпылаштырылбайт жана жалпы жөнүнөн салыштырылбайт. Ошондуктан, окуяны шарттарынан ажыратуу, жалпылаштыруу жана жалпы жөнүнөн салыштыруу болбошу керек, антпесе саясий фикрлөөдө ката жана адашуу жүз берет. Кайсы бир жооптуу адам билдирүү жасаса, андан баяндалган нерсе түшүнүлөт. Кийин ошол эле киши ушундай эле билдирүү жасаса, андан мурункудан башка маани түшүнүлөт, а түгүл ага тескери келет. Дагы бир жооптуу адам бир иш туурасында туура билдирүү жасаса, ал адаштыруучу жалган деп түшүнүлүп калат. Кээде болсо адаштыруучу билдирүү жасаса, ал туура деп түшүнүлүп калат, жалган жашырылган болот. Кээде билдирүүгө ылайык иш кылынса, кээде ага тескери иш тутулат ж.б.у.с. Демек, саясий ибарага шарттар айкындык киргизип, андан көздөлгөн нерсени ачып берет. Ушуну менен гана саясий фикрлөө акыйкатка жакын болуп чыгат. Т.а. шарттар ибара жана амалдын бир бөлүгүнө айланып, ажыратылбашы керек о.э. ар бир окуя өзүнчө алынып, аны жалпылаштырбоо жана жалпы жөнүнөн салыштырбоо керек.

Чындыгында, Исламий Уммат саясий фикрлөөнү туура эмес пайдаланганы акыбетинде көптөгөн мусибат жана ийгиликсиздиктерди башынан өткөрдү. Мисалы, Европа он тогузунчу кылымда Усманий Мамлекетке каршы күрөш алып барганда, аскерийге караганда көбүрөөк саясий амалдарды ишке салган. Аскерий амалдар да колдонулган болсо да, алар саясий амалдарга кошумча эле болчу. Мисалы, Балкан проблемасы деп аталган нерсе Батыштын саясий билдирүүлөрүнөн келип чыкты. Алар Балкан мамлекеттери Усманийлерден т.а. мусулмандардан азат болуулары керектигин жарыя кылышты. Алар мында Усманий мамлекет менен согушууну ойлошкон жок, болгону, Балканда туруксуздук жана тартипсиздиктер келтирип чыгарууну пландаштырышты. Ошон үчүн улутчулдук, азаттык фикраттарын киргизишти, балкандыктар тез эле аны кабыл алышып, наразылык козголоңдорун көтөрүштү. Усманий Мамлекет болсо Батыш мамлекеттери менен келишүүгө барып, алардын шарттарына моюн сунду, бул козголоңдорду бастыруу үчүн аскерий амалияттарды

баштап жиберди. Акыйкатта болсо, бул козголоңдорду кубаттап жаткандар да, Усманийлерди жаман атты кылып жаткандар да, Усманий мамлекетти мына ушул козголоңдор менен алек кылып, аскерий амалияттар аркылуу күчтөрүн сындырууну ойлогондор да мына ушул мамлекеттер эле. Усманий Мамлекеттин саясий фикрлөөдө ката кылганы жана адашканы натыйжасында Балкан колдон кетти, кийин улутчулдук фикраты бул мамлекеттин төрүнөн орун алып, акыры ага чекит койду.

Россияда т.а. Советтер Союзунда мындай болбоду. Элүүнчү жылдарда Советтер союзу Чыгыш Европада дал ушундай проблемага туш келген эле. Анда Америка Чыгыш Европаны коммунизмден азат болууга чакырып, азаттык деп кыйкырып, бул калктарды ашкере жана жашыруун колдоп-кубаттайт эле. Бирок, Россия Усманийлер деңгээлинде турбады жана мына ушул азаттык фикраты Россияга т.а. Советтер Союзуна каршы күрөш экендигин түшүндү. Ошондуктан, Америка менен келишүүгө барбады, балким, аны өзүнө эң биринчи душман деп билди. Польша ынкылабын бастырып, аны менен Американын эч кандай утушка же таасирге жетишүүсүнө жол койбоду. Болгария ыңкылабы башталганда болсо, аны да ырайымсыздык менен бастырды жана Чыгыш Европаны темир чеңгелдери менен бекем кармап калды. Эгер Америка Чыгыш Европаны ачык же жашыруун колдоп-кубаттоого урунгудай болсо, Америкага каршы согушка кирүүгө даяр экендигин билдирди. Муну менен Россия Американы ийгиликсиздикке учуратты. Муну менен Америка Россиянын саясий позициясын жана саясий түшүнүгүн аңдап жетип, коммунизмге каршы күрөшүү, Россияны алсыратуу фикринен баш тартты. Аны менен келишүүгө мажбур болду. Булар Россия аскерий кудуретинин натыйжасы эмес, балким, Советтер Союзундагы туура саясий фикрлөөнүн жемиши эле.

Дагы мисалы, Америка Израилдин өз колунан кутулуп чыгып кетиши мүмкүн экендигин, Англия бул жерди Израиль жана Фалестина деген эки объектке ажыратып, Америкадан кайра тартып алууга жакын калганын көргөн соң, Америка алтымышынчы жылдар соңунда Фалестина проблемасына акынкы Жакынкы Чыгыш проблемасы деген наам берди жана ага жалгыз өзү башчылык кылууга мүмкүнчүлүк жаратуучу саясий амалдарды ишке салды. Ал "тынчтык орнотуу" сөзүн проблеманы чечүүнү дагы да чиелеништире турган бир васита кылып алды жана ушул жол менен саясий адаштырууну улантты. Натыйжада, арабдар менен яхуддар анын кучагына жыгылышты. Ал арабдар менен яхудийлердин

кубаты түгөнгүчө чалгытуу ыкмаларын, адаштыруу манёврларын ишке салды жана натыйжада регионду согуш абалы деген чыңалуу абалынан, салыштырмалуу тынчтык абалы деген тарапка багыттады. Муну менен Америка беймалал регионду өзү пландаштырган абалга салуу, аерден англистерди биротоло кууп чыгаруу жана Израиль мамлекетин күчөтүү аркылуу бүткүл региондо жалгыз өзү өкүмдар болуп калууну максад кылды. Муну менен Жакынкы Чыгыш проблемасы деп аталган иш Балкан проблемасы менен бирдей түс алды жана Усманийлер менен Түштүк Европа мамлекеттеринин калкы саясий адаштыруу торуна түшүп калышкандай, араб жана яхудийлер да ошондой торго түшүштү. Эгер бүгүн мусулмандарда Жакынкы Чыгыш проблемасын кудум Россия Чыгыш Европа проблемасын түшүнгөндөй саясий фикрлөө менен түшүнбөсө, Жакынкы Чыгыштын тагдыры Балкандын тагдырындай болот.

Демек, саясий фикрлөө туура эмес колдонулса, ал калктар жана умматтарды ойрон кылат, мамлекеттерди сындырат же алсыратат. Ал алсыз калктардын колонизатор сыйыртмагынан азат болууларына тоскоолдук кылат, ал төмөн умматтын ойгонуусуна жолтоо болот. Ошондуктан, саясий ибаралар жөнүндө фикрлөө өтө зор мааниге ээ. Каталар жана адашуулар коркунучу кыйратуучу болушу мүмкүн. Саясий фикрлөө калктардын жашап кетүүсү үчүн зарыл болгондуктан, ага ар кандай фикрлөөдөн да жогору маани берилиши керек.

Бирок, саясий фикрлөө фикрлөөнүн эң оору жана бийиги болсо да, ал жалаң шахстардын фикрлеши болуп калбашы керек. Себеби, шахстар канчалык көп, фикрлөөлөрү канчалык туура же жогору болсо да – саясий фикрлөөдөгү адаштыруу калк же умматта үстөм болуп турганда – шахстардын таланттарынын абалды өзгөртүүдө кыйматы жок. Саясий фикрлөөдө таланттуулар канчалык көп жана жогору жөндөмгө ээ болушпасын, эгер адашуу калк жана умматты курчап алса, анын бороону бардык нерсени учуруп кетет жана уммат оңой эле мына ушул адаштыруунун иримине түшүп калат, натыйжада, уммат жана таланттуу шахстары менен биргеликте душман жутуп жибере турган сугумга айланат. Миладий жыйырманчы кылымдын баштарында Исламий Мамлекетти кулатуу жана халифалыкты бекер кылууда Мустафа Камалдын утушу да, ушул кылымдын элүүнчү жана алтымышынчы жылдарында Жамал Абдуннасирдин экинчи дүйнөлүк согуштан кийин эркиндикке даяр турган арабдардын азаттыгына каршылык кылышы да – саясий

фикрлөөнүн туура эместиги калктар жана умматтарга үстөм болсо, миңдеген таланттуу шахстардын колунан эч нерсе келбешине мисал болот. Ошондуктан, саясий фикрлөөнүн туура эместиги шахстарга эмес, көбүнчө, калктар жана умматтарга коркунуч туудурат. Ушундан улам, калктар жана умматтарда саясий фикрлөөнү пайда кылуу башкы маселе болушу лазым. Туура, саясий фикрлөө шахстарда пайда болсо жана аны туура жолдо алып кетсе, аларда душманга каршы тура ала турган, алардын адаштырууларын ачып таштай турган саясий фикрлерди вужудга келтирүү мүмкүн. Бирок, ошол шахстардын фикрлери калкка жана умматка көчсө гана, шахстардан умматтыкына айланса гана, ошол шахстар умматтын бир бөлүгү болуп, фикрлөөчү шахс эмес, фикрлөөчү умматка айланса гана ишке ашат. Эгер шахстардын фикрлөөсү жамаий, умматтын фикрлөөсүнө айланбаса, анда ал фикрдин пайдасы тийбейт, ал шахстардын кыйматы болбойт. Демек, шахстардын саясий фикрлөөлөрү канчалык көп жана жогору болбосун, душмандын айла-амалдарына каршы тура албайт. Буга калктар жана умматтардагы саясий фикрлөө кудуреттүү болот.

Таланттуу адамдар деле башка адамдардай эле адамдар. Аларга башка адамдар катардагы адамдардай эле карашат. Анткени, алардын таланттары көрүнбөйт жана сезилбейт. Ошондуктан, алар өз таланттарын ишке салып, фикрлерин алып келишкенде, иштин башында алардан эч кандай айырма, талантынын үстөмдүгү көрүнбөйт. Алар сакофаттуу киши болсо, аларга окшогон сакофаттуулар көп. Эгер закаваттуу болсо, закаваттуулар да көп. Эгер алардын фикрлерине назар ташталса, алардын демилгелерине көңүл бурган башка шахстар тарабынан – алардай болуп жетишүү үчүн, же алардын фикрлерин пайдалануу менен жамааттары жана чөйрөлөрүндө кадырын көтөрүү үчүн, же өздөрүнүн жекече кызыкчылыктары үчүн – фикрлери үйрөнүлөт. Эгер иш ушул бойдон кала берсе жана жамааттарга көчпөсө, мындай фикрлөөчүлөрдүн саны канчалык көбөйбөсүн, саясий фикрлөө шахстын фикрлөөсү болуп кала берет. Бул саясий фикрлөө пайда келтириши жана душманга каршы турууга кудуреттүү фикрлөөгө айланышы үчүн ал албетте жамаий фикрлөөгө өзгөрүшү зарыл, сейректик жана обочолонуу бурчтарынан сыртка чыгышы лазым. Эгер саясий фикрлөө жамаийге айланса жана умматка көчсө, анда душманга каршы тура ала турган кубат вужудга келип, ойгонуу дарагы өнүүчү урук себилген болот.

Бул пайдалуу саясий фикрлөө. Ал жеке шахстын фикрлөөсү эмес,

жамаий фикрлөө т.а. улуу талант ээси болсо да шахстардын фикрлөөсү эмес, калк жана умматтын фикрлөөсү. Ошондуктан, умматты саясий сакофат менен байытуу, саясий фикрлөөгө үйрөтүү лазым, анткени, муну менен саясий фикрлөө шахстардын фикрлөөсү эмес умматтын фикрлөөсүнө айлансын.

Бул саясий фикрлөө. Ал саясий илимдерди жана саясий изденүүлөрдү, саясий хадиселерди жана саясий окуяларды фикрлөө. Мында баштапкы фикрлөөнүн кыйматы жок, ал фикрлер үчүн маърифат (билим) гана болот. Саясий фикрлөө пайдалуу жана жемиштүү, анын зор таасири бар. Саясий илимдер жана саясий изденүүлөр жөнүндө фикрлөөнүн саясий аалымдарга пайдасы тийсе, окуялар жана хадиселер жөнүндө фикрлөө болсо – умматка фарзи кифая. Ал уммат ичинде – билимдүүбү же жокпу айырмасыз – мына ушундай фикрлөөгө ээ кишилерде пайда кылынышы важиб.

**Тыянак**

Бул фикрлөө темасы жөнүндөгү тыянак фикр, аны Исламий Умматка – ал ондогон кылымдар бою фикрлөөдөн алыстап, бир нече жолу урунууларына карабастан ага жетише албай жаткан чакта – андан сабак алсын, Умматта фикрлөөнү вужудга келтирсин жана аны эң жакшы умматка айлантсын деген үмүттө сунуш кылуудабыз. Уммат хижрий төртүнчү кылымда фикрлөөгө тыюу салууга чакырган, аны Ислам жана мусулмандарга зыяндуу деп жар салган аалымдар балээсине туш болгон. Ошондо Коффаал сыяктуу уламалар тобу ижтихаддын эшигин жабууга чакырышып, ага тыюу салууга урунушту, инсандарды ижтихаддын «коркунучуна» ишендиришти. Мусулмандар да ушул чакырыкты тасдыкташып, ага амал кылышты. Уламалар ижтихад кылууну каалашпады, муфаккирлер андан кооптонушту, адамдар болсо мужтахиддерди жаман көрүштү. Бул нерсе Исламий мамлекеттин бардык аймактарында массалык райга айланды. Муну менен фикрлөө токтоду, тақлидге өтүлүп, акылдары иштен чыкты жана ижтихад кылууга батынышпады. Ошондон бери ижтихад эшиги жабылды, жогорудагы фикр адамдарды фикрлерден иренжитип койду жана алар фикрлөөдөн токтошту. Инсан табиятынан жалкоо. Ошондуктан, уммат 10 кылым бою азыркы күнгө чейин фикрлөөдөн токтоп турат. Ошондуктан, мындай умматта фикрлөөнү аракетке келтирүү жана ага фикрлөөнүн кыйматын түшүндүрүү оңой иш эмес. Ошондуктан, буга окшош китептердин миллиону да умматты аракеттендирүүгө жана фикрлөө анын сыфаттарынын бирине айланышына кефил боло албайт. Бирок, умматтын аргасын

кетирген аянычтуу окуялар анын фикрлөөгө жол табышынан үмүт ойготууда. Айрыкча, уммат ичинде фикрлей турган жана фикрлөөгө уруна турган жамааттар вужудга келип, миңдеген инсандарда фикрлөөгө кызыгуу ойгонуп, фикрден башка нерсени жактырбай турган аң-сезимдүү кишилерге айланган ушул убакта үмүт ойготту. Ушул аянычтуу жана маанилүү окуялар каршысында шахстарда фикрлөө пайда болуп, ал шахстардан жамаатка көчүп жатканда, Исламий Уммат фикрлөөчү уммат болуп, кайрадан адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы Умматка айланышына үмүт ойготууда.

**1393-х. Сафар айынын 8-күнү**
**1973-м. 12-март**